| | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 29. Валюта операциялары: своп-операциялары-сатуу | | | | | | | | | | | | | | | |
| 30. Валюта операциялары: форвард операциялары<br>– сатып алуу | | | | | | | | | | | | | | | |
| 31. Валюта операциялары: форвард операциялары – сатуу | | | | | | | | | | | | | | | |
| 32. Банктын пайдасына милдеттенмелер | | | | | | | | | | | | | | | |
| 33. Баланстан тышкаркы башка милдеттенмелер | | | | | | | | | | | | | | | |
| 34. Баланстан тышкаркы таза позиция | | | | | | | | | | | | | | | |
| 35. Таза позиция | | | | | | | | | | | | | | | |

**Валютасы:_____**

*(миң сом)*

| Статья | Убакыт диапазондору | | | | | | | | | | | | | | Бардыгы болуп |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Кийинки же мурдагы күн | 2 күндөн 7 күнгө чейин | 8 күндөн бир айга чейин | 1 айдан 3 айга чейин | 3 айдан 6 айга чейин | 6 айдан 9 айга чейин | 9 айдан 12 айга чейин | 1 жылдан 2 жылга чейин | 2 жылдан 3 жылгачейин | 3 жылдан 4 жылга чейин | 4 жылдан 5 жылга чейин | 5 жылдан 7 жылга чейин | 7 жылдан 10 жылга чейин | 10 жылдан ашык | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 |
| **АКТИВДЕР** | | | | | | | | | | | | | | | |
| 1. Улуттук банктагы корреспонденттик эсеп жана депозиттер | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2. Башка банктардагы корреспонденттик эсептер | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3. Башка банктардагы депозиттер | | | | | | | | | | | | | | | |
| 4. Банктын баалуу кагаздары | | | | | | | | | | | | | | | |

| | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5. Банктардагы жана башка финансы-кредиттик уюмдардагы кыска мөөнөттүү жайгаштыруулар | | | | | | | | | | | | | | | |
| 6. РЕПО келишимдери боюнча сатып алынган баалуу кагаздар | | | | | | | | | | | | | | | |
| 7. Финансы-кредит уюмдарына кредиттер жана финансылык ижара | | | | | | | | | | | | | | | |
| 8. Башка кардарларга кредиттер жана финансылык ижара | | | | | | | | | | | | | | | |
| 9. Пайыздык чендердин өзгөрүүсүнө ийкемдүү болгон башка активдер | | | | | | | | | | | | | | | |
| **10. Бардыгы болуп активдер** | | | | | | | | | | | | | | | |
| **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** | **7** | **8** | **9** | **10** | **11** | **12** | **13** | **14** | **15** | **16** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | | | | | | | | | | | |
| 11. Юридикалык жактардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттери | | | | | | | | | | | | | | | |
| 12. Жеке адамдардын депозиттери | | | | | | | | | | | | | | | |
| 13. Юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери | | | | | | | | | | | | | | | |
| 14. Корреспонденттик эсептер | | | | | | | | | | | | | | | |
| 15. Банктардын депозиттери | | | | | | | | | | | | | | | |
| 16. Банктардан жана финансы-кредиттик мекемелерден алынган кыска мөөнөттүү жайгаштыруулар | | | | | | | | | | | | | | | |
| 17. РЕПО келишимдери боюнча сатылган баалуу кагаздар | | | | | | | | | | | | | | | |
| 18. Алынган кредиттер: | | | | | | | | | | | | | | | |
| а) банктардан; | | | | | | | | | | | | | | | |
| б) эл аралык мекемелерди кошо алганда, башка финансы-кредиттик мекемелер | | | | | | | | | | | | | | | |

| | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 19. Субординацияланган карыз | | | | | | | | | | | | | | | |
| 20. Пайыздык чендердин өзгөрүүлөрүнө ийкемдүү башка милдеттенмелер | | | | | | | | | | | | | | | |
| **21. Бардыгы болуп милдеттенмелер** | | | | | | | | | | | | | | | |
| **22. Баланстык таза позиция** | | | | | | | | | | | | | | | |
| **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** | **7** | **8** | **9** | **10** | **11** | **12** | **13** | **14** | **15** | **16** |
| **БАЛАНСТАН ТЫШКАРКЫ ЭСЕПТЕР** | | | | | | | | | | | | | | | |
| 23. Кредиттерди берүү үчүн милдеттенмелер | | | | | | | | | | | | | | | |
| 24. Жалпы гарантиялар жана ушул сыяктуу милдеттенмелер | | | | | | | | | | | | | | | |
| 25. Аккредитивдер – стендбай | | | | | | | | | | | | | | | |
| 26. Документардык аккредитивдер | | | | | | | | | | | | | | | |
| 27. Башка аккредитивдер | | | | | | | | | | | | | | | |
| 28. Валюта операциялары: своп-операциялары – сатып алуу | | | | | | | | | | | | | | | |
| 29. Валюта операциялары: своп-операциялары – сатуу | | | | | | | | | | | | | | | |
| 30. Валюта операциялары: форвард операциялары – сатып алуу | | | | | | | | | | | | | | | |
| 31. Валюта операциялары: форвард операциялары – сатуу | | | | | | | | | | | | | | | |

| | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 32. Банктын пайдасына милдеттенмелер | | | | | | | | | | | | | | | |
| 33. Баланстан тышкаркы башка милдеттенмелер | | | | | | | | | | | | | | | |
| 34. Баланстан тышкаркы таза позиция | | | | | | | | | | | | | | | |
| 35. Таза позиция | | | | | | | | | | | | | | | |

## Бардык валюталар боюнча

*(миң сом)*

| Статьялар | Убакыт диапазондору | | | | | | | | | | | | | | Бардыгы болуп |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Кийинки же мурдагы күн | 2 күндөн 7 күнгө чейин | 8 күндөн бир айга чейин | 1 айдан 3 айга чейин | 3 айдан 6 айга чейин | 6 айдан 9 айга чейин | 9 айдан 12 айга чейин | 1 жылдан 2 жылга чейин | 2 жылдан 3 жылгачейин | 3 жылдан 4 жылга чейин | 4 жылдан 5 жылга чейин | 5 жылдан 7 жылга чейин | 7 жылдан 10 жылга чейин | 10 жылдан ашык | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 |
| 1. Таза позиция | | | | | | | | | | | | | | | |
| анын ичинде: *сом* | | | | | | | | | | | | | | | |
| *доллар* | | | | | | | | | | | | | | | |
| *рубль* | | | | | | | | | | | | | | | |
| *евро* | | | | | | | | | | | | | | | |
| *башка валюталар түрүндө* | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2. Салмак коэффициенти | 0,0056% | 0,0250% | 0,1056% | 0,3334% | 0,75% | 1,25% | 1,75% | 2,77% | 4,50% | 6,14% | 7,71% | 10,15% | 13,26% | 17,84% | - |
| 3. Салмактанып алынган позиция | | | | | | | | | | | | | | | |
| анын ичинде: *сом* | | | | | | | | | | | | | | | |
| *доллар* | | | | | | | | | | | | | | | |
| *рубль* | | | | | | | | | | | | | | | |
| *евро* | | | | | | | | | | | | | | | |
| *башка валюталар түрүндө* | | | | | | | | | | | | | | | |
| 4. Келтирилген нарк боюнча салмактанып алынган позиция | | | | | | | | | | | | | | | |
| анын ичинде: *сом* | | | | | | | | | | | | | | | |
| *доллар* | | | | | | | | | | | | | | | |
| *рубль* | | | | | | | | | | | | | | | |
| *евро* | | | | | | | | | | | | | | | |

| | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| *башка валюталар түрүндө* | | | | | | | | | | | | | | | |
| 5. Биринчи деңгээлдеги капитал | | | | | | | | | | | | | | | |
| 6. Банк портфелинин экономикалык наркынын пайыздык чендин өзгөрүүлөрүнө дуушарлануу коэффициенти | | | | | | | | | | | | | | | |
| 7. Убактылуу диапазондун орточо өлчөмү | 1 | 4,5 | 19 | 2 | 4,5 | 7,5 | 10,5 | 21 | 2,5 | 3,5 | 4,5 | 6 | 8,5 | 12,5 | |
| 8. Пайыздык чендер колдонууга алынган күн | | | | | | | | | | | | | | | |
| 9.Баалуу кагаздын түрү | | | | | | | | | | | | | | | |
| 10. Пайыздык чендер (сом) | | | | | | | | | | | | | | | |
| 11. Пайыздык чендер (доллар) | | | | | | | | | | | | | | | |
| 12. Пайыздык чендер (рубль) | | | | | | | | | | | | | | | |
| 13. Пайыздык чендер (евро) | | | | | | | | | | | | | | | |

«;

− «Улуттук банктын талаптарын аткаруу боюнча отчет» деген 14.В бөлүгү төмөнкү редакцияда берилсин:

**«14.В. бөлүк. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын талаптарынын аткарылышы тууралуу отчет**

| Белгилениши | **Айкын мааниси (%)** | **Белгиленген мааниси** | **Айкын мааниси (миң сом)** |
|---|---|---|---|
| Бланктык кредиттер боюнча тобокелдиктин максималдуу өлчөмү | | ЧСКнын 50% ашык эмес | |
| Аффилирленген жана банк менен байланыштуу жактар менен операциялар боюнча тобокелдиктин максималдуу өлчөмү | | ЧСКнын 60% ашык эмес | |
| Ар бир банк эмес уюмга кандай болбосун инвестициялардын максималдуу өлчөмү | | өздүк (регулятивдик) капиталдын (Биринчи деңгээлдеги капиталдын) 60% ашык эмес | |
| Банктык жайларга инвестициялардын максималдуу өлчөмү (негизги каражаттар) | | төлөнгөн уставдык капиталдын өлчөмүнүн 100% ашык эмес | |
| Өкмөттөрдүн жана башка мамлекеттердин борбордук банктарынын баалуу кагаздарына инвестициялардын максималдуу өлчөмү | | ЧСКнын 100% өлчөмүнөн ашык эмес | |
| Банктын мамлекеттик эмес карыздык баалуу кагаздарга инвестицияларынын максималдуу өлчөмү | | ЧСКнын 50% ашык эмес | |

| | **1-жума** | **2-жума** | **3-жума** | **4-жума** | **5-жума** | **6-жума** | **отчеттук мезгил ичиндеги орточо маанилер** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ЛА – Ликвиддүү активдер | | | | | | | |
| ОБ – Банктардын милдеттенмелери | | | | | | | |
| КЗ ченеми = ЛА/ ОБ*100% | | | | | | | |

«;

− 14.Е бөлүгү төмөнкү редакцияда берилсин:

**«14.Е. Кошо жоопкерчиликтүү топтун мүчөлөрүнө берилген кредиттердин көлөмү жөнүндө маалымат**

| Белгилениши | Берилген кредиттердин жалпы суммасынан (%-өлчөмдөгү) үлүшү | Айкын мааниси (миң сом) |
|---|---|---|
| **Кошо жоопкерчиликтүү топтун мүчөлөрүнө берилген кредиттердин көлөмү** | | |

«;

− «Балaнстан тышкары милдеттенмелер» деп аталган 15.5-бөлүгү төмөнкү редакцияда берилсин:

**«15.5. Баланстан тышкары милдеттенмелер**

*(миң сом)*

| № | Статьялар | Баланс боюнча | Кредиттик конверсия факторлору% | Кредиттик тобокелдик% | Салмактанып алынган маани |
|---|---|---|---|---|---|
| 510 | Кредит берүүгө милдеттенмелер | 0 | | | 0 |
| 510.1 | | | 100% | 0% | |
| 510.2 | | | 100% | 10% | 0 |
| 510.3 | | | 100% | 20% | 0 |
| 510.4 | | | 100% | 50% | 0 |
| 510.5 | | | 100% | 100% | 0 |
| 520 | Кредиттер жана баалуу кагаздар боюнча жалпы гарантиялар | 0 | | | 0 |
| 520.1 | | | 100% | 0% | |
| 520.2 | | | 100% | 10% | 0 |
| 520.3 | | | 100% | 20% | 0 |
| 520.4 | | | 100% | 50% | 0 |
| 520.5 | | | 100% | 100% | 0 |
| 530 | Конкреттүү бүтүмдөргө байланыштуу милдеттенмелер | 0 | | | 0 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 530.1 | | | 50% | 0% | |
| 530.2 | | | 50% | 10% | 0 |
| 530.3 | | | 50% | 20% | 0 |
| 530.4 | | | 50% | 50% | 0 |
| 530.5 | | | 50% | 100% | 0 |
| 540 | Соода боюнча бүтүмдөргө байланыштуу милдеттенмелер | 0 | | | 0 |
| 540.1 | | | 50% | 0% | |
| 540.2 | | | 50% | 10% | 0 |
| 540.3 | | | 50% | 20% | 0 |
| 540.4 | | | 50% | 50% | 0 |
| 540.5 | | | 50% | 100% | 0 |
| 550 | Кийинчирээк сатып алуу шартында сатуу жөнүндө келишим | 0 | | | 0 |
| 550.1 | | | 100% | 0% | |
| 550.2 | | | 100% | 10% | 0 |
| 550.3 | | | 100% | 20% | 0 |
| 550.4 | | | 100% | 50% | 0 |
| 550.5 | | | 100% | 100% | 0 |
| 560 | Активдерди сатып алуу боюнча милдеттенмелер | 0 | | | 0 |
| 560.1 | | | 100% | 0% | |
| 560.2 | | | 100% | 10% | 0 |
| 560.3 | | | 100% | 20% | 0 |
| 560.4 | | | 100% | 50% | 0 |
| 560.5 | | | 100% | 100% | 0 |
| 570 | Валюта операциялары | 0 | | | 0 |
| 570.1 | 1 жылдан аз | 0 | | | 0 |
| | | | 2% | 20% | 0 |
| | | | 2% | 100% | |
| 570.2 | 1 жылдан 2 жылга чейин | 0 | | | 0 |
| | | | 5% | 20% | 0 |
| | | | 5% | 100% | 0 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 570.3 | Ар бир кийинки жылга | 0 | | | 0 |
| | | | | 20% | 0 |
| | | | | 100% | 0 |
| 580 | Пайыздык чен менен операциялар | 0 | | | 0 |
| 580.1 | 1 жылдан аз | 0 | | | 0 |
| | | | 0,5% | 20% | 0 |
| | | | 0,5% | 100% | 0 |
| 580.2 | 1 жылдан 2 жылга чейин | 0 | | | 0 |
| | | | 1% | 20% | 0 |
| | | | 1% | 100% | 0 |
| 580.3 | Ар бир кийинки жылга | 0 | | | 0 |
| | | | | 20% | 0 |
| | | | | 100% | 0 |
| 590 | Башка балансстан тышкаркы милдеттенмелер | 0 | | | 0 |
| 590.1 | | | 100% | | 0 |
| 590.2 | | | 100% | | 0 |
| 590.3 | | | 100% | | 0 |
| 600 | Бардыгы болуп, балансстан тышкаркы милдеттенмелер (510–590 ст. суммалары) | 0 | | | 0 |
| 610 | Потенциалдуу жана лизингдик жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга бардыгы болуп атайын камдар (мындан ары -чыгым тартуулардын ордун жабууга атайын камдар) | 0 | | | |
| 610.1 | Балансстык активдер боюнча чыгым тартуулардын ордун жабууга атайын кам | 0 | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 610.2 | Баланстан тышкаркы милдеттенмелер боюнча чыгым тартуулардын ордун жабууга атайын кам | 0 | | | |
| 620 | Бардыгы болуп чыгым тартуулардын ордун жабууга атайын камдарды эсептен алып салуу менен тобокелдик деңгээли боюнча салмактанып алынган балансттык активдер жана баланстан тышкаркы милдеттенмелер (440 ст. плюс 600 ст. минус 610 ст.) | | | | 0 |

«;

– «Капитал жана капиталдын жетиштүүлүк (шайкештик) коэффициенттери» деп аталган 15.7-бөлүгү төмөнкү редакцияда берилсин:

**«15.7 Капитал жана капиталдын жетиштүүлүк (шайкештик) коэффициенттери**

| № | **Статьялар** | **Сумма** |
|---|---|---|
| | **Биринчи деңгээлдеги капитал (Өздүк капитал)** | |
| | **Биринчи деңгээлдеги базалык капитал** | |
| 710 | Жөнөкөй акциялар | |
| 720 | Артыкчылыктуу кумулятивдик эмес (Биринчи деңгээлдеги базалык капиталга кошуу үчүн алгылыктуу) акциялар | |
| 730 | Номиналдан үстөк салынган капитал | |
| 740 | Банктын келечектеги керектөөлөрү үчүн камдар | 0 |
| 750 | Өткөн жылдардын бөлүштүрүлбөгөн пайдасы (чыгымдары) | 0 |
| 760 | (–) Өтүп жаткан жылдын чыгымдары | 0 |
| 770 | (–) Материалдык эмес активдер (430.1-ст.) | 0 |

| | | |
|---|---|---|
| 780 | (–) Консолидацияланбаган башка банктарга жана финансы-кредиттик уюмдарга, ошондой эле финансылык эмес уюмдарга инвестициялар (акциялар же капиталда катышуу үлүшү түрүндө) (200.1-ст.– 230.1-ст., 390-ст., 400-ст.) | 0 |
| 790 | (–) Мөөнөтү узартылган салыктык активдер | 0 |
| 800 | (–) Банктын өздүк акцияларына тике же кыйыр инвестициялар | 0 |
| 810 | **Бардыгы болуп Биринчи деңгээлдеги базалык капитал** (710–800-статьялардын суммасы) | 0 |
| | **Биринчи деңгээлдеги кошумча капитал** | |
| 820 | Жеке адамдар жана юридикалык жактар тарабынан салынган кошумча капитал | 0 |
| 830 | Биринчи деңгээлдеги кошумча капитал критерийлерине ылайык келген, бирок Биринчи деңгээлдеги базалык капитал үчүн алгылыксыз болгон артыкчылыктуу акциялар | 0 |
| 840 | Капиталдын башка инструменттери: мөөнөтсүз субординацияланган карыз (630-ст.) | 0 |
| 850 | (–) Биринчи деңгээлдеги өздүк кошумча капиталга тике же кыйыр инвестициялар | 0 |
| 860 | (–) Консолидацияланбаган банктардын Биринчи деңгээлдеги кошумча капиталына, финансы-кредиттик уюмдардын жана финансылык эмес уюмдардын капиталына инвестициялар (эгер колдонулса) | 0 |
| 870 | **Бардыгы болуп Биринчи деңгээлдеги кошумча капитал** (820–860-статьялардын суммасы) | 0 |
| 880 | **Бардыгы болуп Биринчи деңгээлдеги капитал** (810–870-статьялардын суммасы) | 0 |
| | **Экинчи деңгээлдеги капитал** | |
| 890 | Өтүп жаткан жылдын пайдасы | 0 |
| 900 | Жалпы (кошуу үчүн алгылыктуу) камдар<br>а) потенциалдуу жоготуулардын жана чыгымдардын ордун жабууга карата «жалпы» камдар<br>б) кредиттерден башка активдерден потенциалдуу жоготуулардын жана чыгымдардын ордун жабууга карата «жалпы» камдар | 0 |
| 910 | Баалуу кагаздарды кайра баалоо боюнча камдар | 0 |
| 920 | Консолидациялоодо чет өлкө валютасын кайра эсептөө боюнча камдар | |
| 920.1 | Пайданы текшилөөгө камдар | 0 |
| 920.2 | Инвестициялар боюнча тобокелдиктердин ордун жабууга камдар | 0 |
| 930 | Экинчи деңгээлдеги капиталга киргизүү үчүн Улуттук банк тарабынан колдоого алынган капиталдын жана карыздык инструменттердин бир бөлүгү | 0 |

| | | |
|---|---|---|
| 940 | Экинчи деңгээлдеги капиталга киргизилген (Биринчи деңгээлдеги капиталга киргизилбеген) акциялардын сатуу баасынын жана эмиссиялоо натыйжасы боюнча алардын номиналдык наркынын ортосундагы айырма | 0 |
| 950 | (–) Экинчи деңгээлдеги өздүк капиталга тике же кыйыр инвестициялар | 0 |
| 960 | (–) Консолидацияланбаган банктардын Экинчи деңгээлдеги капиталына, финансы-кредиттик уюмдардын жана финансылык эмес уюмдардын капиталына инвестициялар (эгер колдонулса) | 0 |
| 970 | **Бардыгы болуп Экинчи деңгээлдеги капитал (890–960-статьялардын суммасы)** | 0 |
| 980 | **Бардыгы болуп таза суммардык капитал (880–970-статьялардын суммасы)** | 0 |
| 990 | Суммардык капиталдын жетиштүүлүк (шайкештик) коэффициенти (980-ст./620-ст.) | 0 |
| 1000 | Биринчи деңгээлдеги капиталдын жетиштүүлүк (шайкештик) коэффициенти (880-ст./620-ст.) | |
| 1010 | Биринчи деңгээлдеги базалык капиталдын жетиштүүлүк (шайкештик) коэффициенти (810-ст./620-ст.) | |

«.

5. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 8-июнундагы № 2017-П-12/23–9-(НПА) «Коммерциялык банктардын жана банктык эмес финансы-кредит уюмдарынын системалуу маанилүүлүгүн аныктоо критерийлери жөнүндө» Жобону бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Коммерциялык банктардын жана банктык эмес финансы-кредит уюмдарынын системалуу маанилүүлүгүн аныктоо критерийлери жөнүндө» жобонун:

− 9-пункту төмөнкү абзац менен толуктaлсын:

«Мында Улуттук банк ушул Жобого ылайык сандык көрсөткүчтөрү боюнча аныкталган ар бир системалуу мааниге ээ банкка/БФКУга жеке маалымат берет».

6. Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 28-июнундагы № 2019-П-12/34–4-(НПА) «Консолидацияланган көзөмөл жөнүндө» жобону жана «Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик консолидацияланган отчет жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Консолидацияланган көзөмөл жөнүндө» жобонун:

− 2-пунктундагы алтынчы абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«**Банктык холдингдик компания** – банк анын туунду компаниясы же туунду жана/же караштуу компанияларынын бири болуп саналган башкы компания, ошондой эле банктык топко (башкаруучу компания) кирген, туунду жана/же караштуу компанияларды (катышуучуларды) тескөөгө алуу максатында гана башкы компания тарабынан түзүлгөн компания. Кыргыз Республикасында түзүлгөн жана банктык топко кирген банктык холдингдик компаниялар акционердик коом формасында болууга тийиш.».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2020-жылдын 23-декабрындагы**
**№ 2020-П-12/73–11-(НПА)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» мыйзамынын 20 жана 68-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна өзгөртүүлөр (кошо тиркелет) киргизилсин:

− 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/3 «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү» жобону бекитүү жөнүндө»;

− 2010-жылдын 30-июнундагы № 52/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө».

2. Токтом расмий жарыялангандан 15 (он беш) күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

− 3. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Банктарды көзөмөлдөө методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен «Кыргызстан банктарынын союзу» юридикалык жактар бирикмесин, коммерциялык банктарды, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкын, «Микрофинансы уюмдарынын ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин, депозиттерди тартуу менен иш алып баруу укугуна ээ микрофинансылык компанияларды, «Кредиттик союздардын каржы компаниясы» ААКты, «Кепилдик фонд» ААКты, Улуттук банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын, Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышын контролдоо Банктарды көзөмөлдөө методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын
Улуттук банк Башкармасынын
2020-жылдын 23-декабрындагы
№ 2020-П-12/73–11-(НПА)
токтомуна карата тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр

1. Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/3 «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү» жобону бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобонун:

− 3.6–1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«3.6–1. Банктын бир эле карыз алуучуга же өз ара байланыштуу карыз алуучулар тобуна сунушталган активдерин классификациялоодо, карыз алуучунун же өз ара байланыштуу карыз алуучулар тобунун ар бир кредити боюнча жүргүзүлгөн классификациялоону эске алуу жана бул активдерди эң төмөнкү (начар) болуп саналган классификациялоонун карызы көбүрөөк активге ыйгарылган категориясы боюнча классификациялоо зарыл.

Классификациялоого карата бул сыяктуу ыкма банктык топтун катышуучусу болуп саналган банктар тарабынан колдонулууга тийиш, башкача айтканда, карыз алуучунун же Кыргыз Республикасынын резиденти болуп саналган өз ара байланыштуу карыз алуучулар тобунун активдери эң төмөнкү (начар) болуп саналган классификациялоонун карызы көбүрөөк активге ыйгарылган категориясы боюнча классификацияланууга тийиш.»;

− 4.3.2-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«4.3.2. Төмөнкү мүнөздөгү активдерди көзөмөл алдында турган активдер деп саноого болот:

− активдин толук камсыздалбашы, калган учурда канааттандырылган активдерге таандык бардык мүнөздөмөлөргө ээ болгон, же болбосо контракттык каржылоонун алкагында камсыздалган (мисалы, каржыланган контракт боюнча талап кылуу укугу, дебитордук карыздар ж.б.);

− негизги сумма жана/же пайыздар боюнча кеминде 30 күн мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер;

− алар боюнча документтердин жетишсиздигинен же ага баа берүү боюнча тиешелүү эксперттердин жоктугунан, банк үчүн күрөө боюнча мониторинг жүргүзүү мүмкүн эместиги;

− күрөөнүн ликвиддүүлүгүнүн күтүлүп жаткан төмөндөөсү (баалардын төмөндөшү, валюта курсунун түшүшү) же болбосо гаранттын/кепилдик берүүчүнүн финансылык абалынын начарлоо тенденциясынын пайда болушу (эгерде актив гарантия/кепилдик берүү менен камсыздалса);

− кардардын финансылык абалынын начарлоосуна карата тенденциялардын пайда болушу;

− активдин кайтарылышына таасирин тийгизген рыноктук талаптардын өзгөрүшү;

− эгерде кредит буга чейин «классификацияланган кредиттер» категориясында камтылбаса, ошол эле учурда, бул өзгөртүү кардардын финансылык абалынын начарлашына байланыштуу болбосо, ошол кредиттин валютасын чет өлкө валютасынан улуттук валютага которуу аркылуу, кредит боюнча келишим шарттарын кайталап өзгөртүү.

Классификацияланбаган активдердин белгилерине ээ активди баштапкы реструктуризациялоодо, банк тарабынан «байкоо алдында турган актив» катары классификацияланат.»;

− 5.1.2-пунктунун он биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- күрөөнүн наркынын түшүп кетүүсү, анын сапатынын начарлашынан улам күрөөнүн сатып өткөрүлүшү кыйындай же болбосо гаранттын/кепилдик берүүчүнүн финансылык абалынын начарлоо тенденциясынын пайда болушу (эгерде актив гарантия/кепилдик берүүчү менен камсыздалса).»;

− 5.1.5-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«5.1.5 Эгерде «байкоого алынган актив» катары классификацияланган активди реструктуризациялоодон улам 30 күндөн көбүрөөк убакыт мөөнөтүндө төлөнбөгөн төлөмдөр келип чыкса же мындай актив 1 жыл (бир) жыл ичинде экинчи жолу реструктуризацияланган болсо, анда бул актив «субстандарттуу» катары классификацияланууга тийиш.

Мында, ошол «субстандарттуу» актив анын суммасынын эң аз дегенде 120%ын түзгөн кыймылсыз мүлк түрүндөгү күрөө менен камсыздалган болсо, анда банк 15% өлчөмүндө РППУ түзүшү мүмкүн.

Эгерде бул актив боюнча кыймылсыз мүлк түрүндөгү күрөөнүн абалы начарласа жана/же анын наркы активдин суммасынын 120%ынан төмөн деңгээлге чейин түшсө же актив боюнча негизги сумма жана/же пайыздар боюнча мөөнөтүнөн 90 күндөн ашык кечиктирилген карыз келип чыкса, анда банк аталган фактылар аныкталган учурдан тартып, РППУнун өлчөмүн эң аз дегенде 25%га чейин көбөйтүүгө тийиш.»;

− 5.2.2-пунктунун жетинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- карызды төлөө, негизинен, күрөөнүн сатып өткөрүлүшүнө жараша болот.»;

− 5.3.2-пунктунун сегизинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- активдерди оффшордук аймактардын субъекттерине берүү.»;

«- онунчу абзацы күчүн жоготкон катары таанылсын;»

− 5-главасы төмөнкү мазмундагы 5.3.4-пункту менен толукталсын:

«5.3.4. Аларга карата мүлктүк укуктар (ээлик кылуу жана/же пайдалануу жана/же тескөө укугу) колдонулган активдер, эгерде алар боюнча банктын мүлктүк укугун андан ары сактап калуу ыктымалдыгы өтө төмөн болсо, анда «жоготуу» катары классификацияланууга тийиш.»;

− 6.1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«6.1. Өзгөчө кырдаалдарда бир актив эки классификация категориясы боюнча классификацияланышы мүмкүн, башкача айтканда, классификацияны бөлүштүрүү колдонулушу мүмкүн.»;

− 6.2-пункту күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 7.1-пункту төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Эгерде кредит боюнча келишимдин баштапкы шарттарынын өзгөрүүсү жана/же кредит толугу менен же болбосо бир бөлүгү кайра каржыланышы карыз алуучунун финансылык абалынын начарлашына байланыштуу болбосо, анда банк тастыктоочу документтерди жана аналитикалык маалыматтарды тиркөө менен Кредиттик комитеттин/ ыйгарым укуктуу органдын чечиминде келишим шарттарынын өзгөрүү жана/же кредиттин кайра каржылануу себеби тууралуу көрсөтүүгө тийиш.»;

− 7.3-пункту төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«Банк активди кайталап реструктуризациялаган сайын анын классификациясын бир категорияга төмөндөтүп туруугa тийиш. Ошол эле учурда банк кайталап реструктуризациялоодо, төмөнкү талаптар аткарылган учурда, классификацияланган активдин категориясын мурдагы деңгээлде калтыруусуна жол берилет:

− банк карыз алуучунун финансылык абалын (тиешелүү эсептөөлөр, финансылык көрсөткүчтөр менен) кылдат иликтеп чыкса;

− банк карыз алуучу үчүн реструктуризациялоонун сунушталган планы боюнча төлөмдөрдү жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк бере алса (акыл ченемдүү, документ аркылуу тастыкталган финансылык маалыматтардын негизинде);

− негизги сумманы төлөө боюнча жеңилдетүү мөөнөтү 6 айдан ашпаса (айыл чарбасын өнүктүрүүгө берилген кредиттер үчүн – 9 ай);

− кардардын активи буга чейин реструктуризацияланбаса же акыркы жолу 1 жылдан ашык убакыт мурда реструктуризацияланса.»;

− 7.4-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«7.4. Жобонун 7.6-пунктунун шарттарын аткарууда, банк реструктуризацияланган активдин классификациясын бир категорияга ырааттуу тартипте гана жогорулата алат.

Мисалы, «жоготуу» категориясында классификацияланган актив реструктуризациялангандан кийин, «шектүү» категориясына гана которулушу мүмкүн.»;

− 7.6-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«7.6. Банк бардык төмөнкү шарттар аткарылган учурда, реструктуризацияланган активдин классификациясын бир категорияга жакшыруу жагына которушу мүмкүн:

− мөөнөтүндө төлөнбөгөн сумма жок болсо;

− негизги сумма жана чегерилген пайыздар акыркы 3 (үч) ай ичинде төлөм графигине ылайык өз учурунда төлөнсө – ар айлык аннуитеттик төлөмдөр жүргүзүлгөн учурда; акыркы 6 (алты) ай ичинде – негизги сумма боюнча чейрек сайын бирдей өлчөмдөгү төгүмдөр жүргүзүлгөн учурда;

− график боюнча төгүмдөр аралыгындагы мөөнөт 3 айдан ашкан учурда – кеминде бир калыпта негизги сумманы жана чегерилген пайыздарды камтуучу акыркы үч төлөмдү өз учурунда төлөсө;

− реструктуризациялоо күнүнөн тартып акыркы 12 ай ичинде төлөө графигине ылайык негизги сумманы жана чегерилген пайыздарды өз учурунда төлөсө (бул шарт активдерди «нормалдуу» же «канааттандыраарлык» категориясына которуу учурунда милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш);

− реструктуризациялоодон кийин карыз алуучу реструктуризациялоо чечими кабыл алынган учурда кредиттин негизги суммасынын калдыгынын кеминде 10%ын төлөсө (бул шарт активдерди «субстандарттуу» же «шектүү» категориясына которуу учурунда милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш);

− карыз алуучунун активдерди төлөө боюнча милдеттенмелери аткарылбай калышына алып келүүчү жагдайлары жок болсо.»;

− 12-глава төмөнкү мазмундагы 12.3-пункту менен толукталсын:

«12.3. «Жоготуу» категориясына банктын келечекте кардарлар жана үчүнчү жактар алдындагы милдеттенмелери аткарылышына, башкача айтканда, төмөнкү жагдайлардын натыйжасында, акча каражаттарынын агылып чыгышына алып келүүчү баланстан тышкаркы жана шарттуу милдеттенмелер кирет:

− ички алдамчылык;

− тышкы алдамчылык;

− банктын материалдык активдерине зыян келтирүү (мисалы, өрт, табигый кырсык, терроризм актылары, вандализм ж.б. натыйжасында).

Банк аталган жагдайлардын натыйжасында келтирилген зыян калыбына келтирилишине жараша, классификациялоо категориясын өзгөртпөстөн, баланстан тышкаркы милдеттенменин жана ал боюнча РППУнун өлчөмүн ордун толтуруу суммасына азайтат.».

2. Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 30-июнундагы № 52/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит уюмдарында кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун:

14-пунктунун:

− биринчи сүйлөмүндө «кредиттик жоготуулар тобокелдиги» деген сөз «кредиттик тобокелдик» деген сөздөргө алмаштырылсын;

− бешинчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«Кредиттик комитет олуттуу тобокелдикти камтыган кредиттерди (2) сатуу жана эсептен алып салуу боюнча сунушту, ошондой эле кайталап реструктуризациялоо жана өзүндө ири тобокелдикти камтыган кредиттерди реструктуризациялоодо төлөмдү 12 айдан ашык мезгилге жылдырып берүү маселелери боюнча Директорлор кеңешинин кароосуна сунуштайт.»;

− 75-пунктунун 7-абзацынын биринчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«Кредитти реструктуризациялоодо банк карыз алуучунун учурдагы финансылык абалын, ишин жана банктын карыз алуучуга көрсөткөн ишеним деңгээлин, ошондой эле камсыздоонун наркын тастыктоо же болбосо кайра карап чыгуу максатында, талаптагыдай талдап-иликтөөсү зарыл.».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2020-жылдын 23-декабрындагы**
**№ 2020-П-33/73–12-(НФКУ)**

## «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлүнө алынган банк эмес финансы-кредит уюмдарына жана башка юридикалык жактарга карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» мыйзамынын 20 жана 68-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлүнө алынган банк эмес финансы-кредит уюмдарына жана башка юридикалык жактарга карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобо (тиркелет) бекитилсин.

2. Төмөнкүлөр күчүн жоготкон катары таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 23-мартындагы № 7/5 «Кредиттик союздарга карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндөгү» жобону бекитүү тууралуу» токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 31-январындагы № 5/2 «Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 23-мартындагы № 7/5 «Кредиттик союздарга карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндөгү» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 28-октябрындагы № 43/5 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун:

− тиркемесинин 2-пункту;

4) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 25-апрелиндеги № 18/9 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» токтомунун:

− тиркемесинин 18-пункту;

5) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 12-декабрындагы № 48/10 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун:

− тиркемесинин 6-пункту;

6) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 25-сентябрындагы № 35/16 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун:

− тиркемесинин 6-пункту;

7) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 27-ноябрындагы № 53/8 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтому;

8) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 5-февралындагы № 5/1 «Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун:

− 1-пунктунун онунчу абзацы;

− тиркемесинин 9-пункту;

9) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 10-февралындагы № 7/2 «Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун:

− 1-пунктунун он сегизинчи абзацы;

− тиркемесинин 17-пункту;

10) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 31-майындагы № 21/8 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун:

− 1-пунктунун төртүнчү абзацы;

− тиркемесинин 3-пункту;

11) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 15-августундагы № 2018-П-33/33–8-(НФКУ) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун:

− 1-пунктунун төртүнчү абзацы;

− тиркемесинин 3-пункту;

12) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 21-августундагы № 2019-П-33/43–8-(НФКУ) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун:

− 1-пунктунун үчүнчү абзацы;

− тиркемесинин 2-пункту;

13) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 31-майындыгы № 21/7 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан микрофинансылык уюмдарга карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтому;

14) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 21-августундагы № 2019-П-33/43–8-(НФКУ) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун:

− 1-пунктунун он биринчи абзацы;

− тиркемесинин 10-пункту;

15) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 1-ноябрындагы № 2019-П-33/55–3-(НФКУ) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун:

− 1-пунктунун жетинчи абзацы;

− тиркемесинин 6-пункту.

3. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

5. Банк эмес финансы-кредит уюмдарын көзөмөлдөө башкармалыгы ушул токтом менен микрофинансы уюмдарын, кредиттик союздарды, «Кредиттик союздардын каржы компаниясы» ачык акционердик коомун, кепилдик фонддорду, кредиттик бюролорду, турак жай-сактык кредиттик компанияларын, «Микрофинансылык уюмдардын ассоциациясы» юридикалык жактардын бирикмесин, «Кредиттик союздардын жана кооперативдер улуттук ассоциациясы» юридикалык жактардын бирикмесин тааныштырсын.

6. Токтомдун аткарылышын контролдоо Банк эмес финансы-кредит уюмдарын көзөмөлдөө башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2020-жылдын 23-декабрындагы**
**№ 2020-П-33/73–12-(НФКУ)**
**токтомуна карата тиркеме**

## «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлүнө алынган банк эмес финансы-кредит уюмдарына жана башка юридикалык жактарга карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө»

## ЖОБО

### I бөлүк. Жалпы жоболор

1. Ушул жобо Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк), Улуттук банктын көзөмөлүнө алынган банк эмес финансы-кредит уюмдарына жана башка юридикалык жактарга (мындан ары – банк эмес финансы-кредит уюмдары) анын ичинде ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган жана/же «ислам терезесине» ээ жактарга карата таасир этүү чараларын колдонуу тартибин белгилейт.

2. Жобонун ченемдери микрофинансы уюмдарына, кредиттик союздарга, кепилдик фонддорго, кредиттик бюролорго, турак жай-сактык кредиттик компанияларга, адистештирилген финансы мекемелерине жана адистештирилген финансы-кредит уюмдарына таркатылат.

3. Улуттук банктын банк эмес финансы-кредит уюмдарына карата таасир этүү чараларын колдонуу максаты катары банк эмес финансы-кредит уюмдарынын жана банк тутумунун туруктуулугун колдоо, террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү, банктык кызмат көрсөтүү рыногунда монополисттик ишке тыюу салуу, аманатчылардын таламдарын жана банк эмес финансы-кредит уюмдарынын кызмат көрсөтүүлөрүн керектөөчүлөрдүн жана башка кредиторлордун укуктарын коргоо үчүн ыкчам чара көрүү, кемчиликтерди жөнгө салуу жана четтетүү саналат.

4. Таасир этүү чаралары Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларында жана ушул жободо каралган негизде жана тартипте өз алдынча колдонулат. Улуттук банк таасир этүү чараларын белгиленген тартипте сыяктуу эле, жол берилген кемчиликтердин мүнөзүнө, түрүнө жана банк эмес финансы-кредит уюмдарынын финансылык абалына жараша колдонушу мүмкүн. Улуттук банк банк эмес финансы-кредит уюмдарына карата колдонулуучу таасир этүү чараларынын максатка ылайыктуулугун, түрүн жана тартибин өз алдынча аныктайт.

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлүнө алынган банк эмес финансы-кредит уюмдарынын жана башка юридикалык жактардын ишин бузуу катары банк эмес финансы-кредит уюмдарынын, алардын менчик ээлеринин жана кызмат адамдарынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына каршы келген аракеттери (аракеттенбей коюусу) саналат.

## II бөлүк. Таасир этүү чараларынын түрлөрү

6. Таасир этүү чараларына төмөнкүлөр кирет:

1) жазма буйрук;

2) айыптык төлөм;

3) талап коюу;

4) экономикалык ченемдерди жогорулатуу жана талаптарды күчөтүү;

5) чектөөлөр же тыюу салуулар;

6) кызмат адамдарын четтетүү же иштен бошотуу, башкаруу органдарын алмаштыруу;

7) атайын режимди киргизүү;

8) лицензияны/эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктү кайтарып алуу.

9) лицензиянын/эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктүн аракетин токтотуу.

7. Банк эмес финансы-кредит уюмдарына карата тигил же бул таасир этүү чарасын колдонуу чечими төмөнкүлөрдү эске алуу менен кабыл алынат:

− бузууга жол берүү өзгөчөлүгүн жана анын банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишине жана банк эмес финансы-кредит уюмдарынын системасына таасирин;

− бузууга жол берүүнүн мезгил аралыгы жана созулушу;

− банк эмес финансы-кредит уюмдарынын финансылык абалына жана банк эмес финансы-кредит уюмдарынын системасына коркунучтар;

− бузууга жол берүүнүн жана кабыл алынган чечимдердин натыйжасында банк эмес финансы-кредит уюмдарына келтирилген чыгымдардын өлчөмү;

− банк эмес финансы-кредит уюмдарынын кызмат адамдарына жол берилген бузуулар жөнүндө маалымдалышы;

− банк эмес финансы-кредит уюмдарынын кызмат адамдарында орун алган проблемаларды чечүүгө жөндөмдүүлүгү;

− атайылап бузууга жол берүү, ошондой эле аффилирленген жана банк эмес финансы-кредит уюмдарына байланыштуу башка жактардын жол берилген бузууларга жеке кызыкдар (моралдык, материалдык) болгондугунун/болбогондугунун фактысы;

− банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ыйгарым укуктуу органы тарабынан бекитилген ички жол-жоболордун жана саясаттын талаптарын так сактоо;

− буга чейин банк эмес финансы-кредит уюмдарына карата бузууларга жол бергендиги үчүн кандайдыр бир таасир этүү чаралары колдонулган учурлар;

− банк эмес финансы-кредит уюмдарынын кызмат адамдарында проблемалардын болушун жана алардын олуттуулугун таануусу;

− банк эмес финансы-кредит уюмдарынын кызмат адамдарынын же акционерлеринин (катышуучуларынын) Улуттук банктын сунуш-көрсөтмөлөрүн жана/же талаптарын аткаруусу;

− террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө

мыйзамдардын талаптарын бузуу болуп саналган операциянын (операциялардын) мүнөзү, мезгил аралыгы жана/же көлөмү.

8. Таасир этүү чарасы Улуттук банк тарабынан бузууга жол берүү аныкталган күндөн тартып 12 (он эки) айдан кечиктирилбестен колдонулушу мүмкүн. Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча банк эмес финансы-кредит уюмдарына таасир этүү чаралары колдонулган учурда, текшерүү жөнүндө отчет банк эмес финансы-кредит уюмдарына жөнөтүлгөн күн бузууга жол берүү аныкталган күн болуп саналат.

9. Улуттук банктын таасир этүү чаралары Улуттук банк Башкармасынын же Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитетинин токтомдоруна, көзөмөл блогунун ишин түздөн-түз тескөөгө алган Улуттук банктын төрагасынын орун басарынын/Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнүн же Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн начальниктеринин жазма буйруктарына ылайык таризделиши мүмкүн.

10. Улуттук банк, өз ишинде жол берилген кемчиликтерди четтетүү боюнча банк эмес финансы-кредит уюмдары тарабынан өз эрки менен милдеттенме алуу мүмкүнчүлүгүн кароого укуктуу.

11. Улуттук банк банк эмес финансы-кредит уюмдарына кат жүзүндө эскертүү жөнөтүүгө укуктуу. Кат жүзүндө эскертүү Улуттук банктын таасир этүү чарасы болуп саналбайт жана ал банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишинин туруктуулугуна жана ишенимдүүлүгүнө кесепетин тийгизиши мүмкүн болгон олуттуу тобокелдиктер орун алган шартта жана/же белгилүү бир ченемдерди жана эрежелерди, анын ичинде террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча мыйзамдардын жана/же ченемдик укуктук актылардын жоболорун бузууга жол берүүлөр тууралуу банк эмес финансы-кредит уюмдарына маалымдоо зарылчылыгы келип чыккан учурда, ошондой эле мындан ары ага карата тиешелүү таасир этүү чарасы колдонулушу мүмкүндүгүн алдын алуу максатында жөнөтүлөт.

Кат жүзүндө эскертүү тиешелүү түзүмдүк бөлүмдүн начальнигинин же көзөмөл блогунун ишин түздөн-түз тескөөгө алган Улуттук банктын төрагасынын орун басарынын/Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнүн кол тамгасын койдуруу менен жөнөтүлөт.

## III бөлүк. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын аракеттерин (аракеттенбей коюуларын) алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйба катары таануу

12. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын иши, ошондой эле анын аманатчыларына, башка кредиторлоруна, акционерлерине/катышуучуларына же банк тутумуна банк эмес финансы-кредит уюмдарынын кызмат адамдарынын/акционерлерининин/катышуучуларынын айкын кооптуу жагдайды жана/же жоготуу же чыгым тартуу мүмкүнчүлүгүн жаратуучу аракеттери (аракеттенбей коюулары) алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйба болуп саналат.

13. Улуттук банк төмөнкүлөргө баа берүүгө таянуу менен ар бир айрым учурда алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйбаны аныктайт:

− аларды коштогон факторлорго жана жагдайларга;

− аманатчылардын, кредиторлордун каражаттары, банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишинин жана/же бүтүндөй банк тутумунун туруктуулугу үчүн потенциалдуу кооптуу жагдайларга.

14. Алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйба катары таанылышы мүмкүн болгон банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишинин, аракеттеринин (аракеттенбей коюуларынын) белгилери ушул жобого карата 1-тиркемеде келтирилген жана алардын тизмеги булар менен гана чектелип калбайт.

15. Банк эмес финансы-кредит уюмдарына алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйбага тартылууга жол берилбейт.

16. Улуттук банк иши алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйбага тартылган катары таанылган кайсы болбосун банк эмес финансы-кредит уюмдарына карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык лицензияны/эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктү кайтарып алууга чейинки таасир этүү чараларын колдоно алат.

17. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын иши, анын кызмат адамдарынын/акционерлеринин/уюштуруучуларынын иш-аракеттери/аракеттенбей коюулары Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан сунушталган маалыматтардын негизинде Улуттук банктын

Көзөмөл боюнча комитети тарабынан алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйба катары таанылат.

18. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети/Улуттук банк Башкармасы өз компетенциясынын чегинде алардын аракеттери (аракеттенбей коюулары) алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйба катары каралган банк эмес финансы-кредит уюмдарына, анын кызмат адамдарына/акционерлерине/уюштуруучуларына, банк эмес финансы-кредит уюмдарынын кызмат адамдарына карата тиешелүү таасир этүү чарасын колдонуу чечимин кабыл алат.

## IV бөлүк. Өз эрки боюнча милдеттенме алуу

19. Банк эмес финансы-кредит уюмунун жетекчилигинин аныкталган кемчиликтердин, анын ичинде террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча мыйзамдардын жана/же ченемдик укуктук актылардын белгилүү бир ченемдерин жана эрежелерин, ошондой эле жоболорун бузууга жол берүүлөрдүн жана/же анын туруктуулугуна жана ишенимдүүлүгүнө коркунуч жараткан тобокелдиктердин натыйжалуу четтетилишин камсыз кылуу максатында Улуттук банк менен кызматташууга даярдыгын билдирүүсү өз эрки боюнча милдеттенме алуунун өзгөчөлүгү болуп саналат.

20. Банк эмес финансы-кредит уюмдарына карата өз эрки боюнча милдеттенме алуу милдеттенме кат түрүндө колдонулушу мүмкүн.

21. Милдеттенме кат ишинде көзөмөл органынын олуттуу тынчсызданууcун жаратпаган кемчиликтер жана ченемдик укуктук актыларды бузууга жол берүү коркунучтары/өбөлгөлөрү орун алган банк эмес финансы-кредит уюму тарабынан даярдалат жана сунушталат. Анда мөөнөттөрүн жана максаттуу көрсөткүчтөрүн белгилөө менен банк эмес финансы-кредит уюмунун башкаруу органы тарабынан кемчиликтерди четтетүү боюнча көрүлө турган айкын чаралар камтылууга тийиш. Милдеттенме кат банк эмес финансы-кредит уюмунун байкоочу башкаруу органы тарабынан бекитилет жана Улуттук банк менен макулдашылууга тийиш. Банк эмес финансы-кредит уюмунда байкоочу орган жок болсо, милдеттенме кат банк эмес финансы-кредит уюмунун аткаруучу башкаруу органы

тарабынан бекитилет жана Улуттук банк менен макулдашылууга тийиш.

## V бөлүк. Улуттук банк тарабынан колдонулуучу таасир этүү чаралары

### 1-глава. Жазма буйрук

22. Жазма буйрук Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ыйгарым укуктуу начальниктери, Улуттук банктын төрагасынын көзөмөл блогун тескөөгө алган орун басары/Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү, Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан колдонулат.

Жазма буйрукта банк эмес финансы-кредит уюму, анын акционерлери/катышуучулары жана кызмат адамдары бузууга жол берген Кыргыз Республикасынын, анын ичинде Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын ченемдерине жана талаптарына шилтемелер, ошондой эле аларды четтетүү мөөнөтү келтирилет.

Аныкталган бузууга жол берүүлөргө, ошондой эле банк эмес финансы-кредит уюмунун ишинин туруктуулугуна жана ишенимдүүлүгүнө коркунуч жараткан тобокелдиктерге жараша жазма буйрукта төмөнкүдөй талаптар камтылышы мүмкүн:

− бузууларды четтетүү жөнүндө (милдеттүү экономикалык ченемдердин жана талаптардын, ачык валюта позиция лимиттеринин маанилерин белгиленген деңгээлге келтирүү жөнүндө, кредиторлор жана аманатчылар алдында милдеттенмелерди аткаруу жана башкалар);

− банк эмес финансы-кредит уюмунун ишин ченемдик укуктук актылардын талаптарына ылайык келтирүү жөнүндө;

− белгилүү бир иш-аракеттерди, анын ичинде банк эмес финансы-кредит уюмунун айрым операцияларды жүргүзүүдө/бүтүмдөргө келишүүдө өз ишинде орун алган тобокелдик деңгээлин төмөндөткөн/оптималдаштырган иш-аракеттерди аткаруу жөнүндө;

− банк эмес финансы-кредит уюмунун ички ченемдик документтерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө.

23. Жазма буйрукта төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

− жазма буйрук чыгарылган күн жана жери;

− каттоо номери;

− жазма буйрук чыгарган органдын толук аталышы/кызмат адамынын аты-жөнү;

− жазма буйрук жөнөтүлгөн финансы-кредит уюмунун кызмат адамынын аты-жөнү/банк эмес финансы-кредит уюмунун толук аталышы;

− күчүнө кирүү мөөнөтү;

− эгерде ал белгилүү бир мезгил аралыгына кабыл алынса, анын колдонуу мөөнөтү;

− даттануу мөөнөтү жана бул жазма буйрукка карата даттануу менен кайрылууга мүмкүн болгон орган.

Мындан тышкары жазма буйрукта ошол маселе тууралуу маалымат, б.а. бузууга жол берүү фактысы, ошондой эле бузууга байланыштуу бардык жагдайлар көрсөтүлүүгө тийиш жана жазма буйрукту жөнөтүүнү негиздөө үчүн анда банк эмес финансы-кредит уюму/акционери (акционерлери)/(катышуучу(катышуучулар)/банк эмес финансы-кредит уюмунун кызмат адамдары тарабынан бузууга жол берилген Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, анын ичинде Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын жоболоруна тиешелүү шилтемелер келтирилүүгө тийиш. Зарыл болгон учурда, жазма буйрукта Улуттук банктын талаптарына, банк эмес финансы-кредит уюмунун ички документтерине, ошондой эле банк эмес финансы-кредит уюмунун ишин уюштуруу практикасына жана жол-жоболоруна ылайык аныкталган мыйзам бузууга жооптуу адамдын (адамдардын) фамилиясы, аты, атасынын аты жана/же башкаруу органы көрсөтүлүшү мүмкүн.

Жазма буйрук чыгарууда Улуттук банк аларга таянган мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар, ошондой эле кабыл алынган чечим жана банк эмес финансы-кредит уюм/акционери (акционерлери)/(катышуучу (катышуучулар) банк эмес финансы-кредит уюмунун кызмат адамдары тарабынан көрүлүүгө тийиш болгон тиешелүү чаралар көрсөтүлөт жана аларды аткаруу мөөнөттөрү белгиленет.

Белгиленген ички тартипке ылайык, жазма буйрукка Улуттук банктын мөөрү басылат.

24. Жазма буйрук жөнөтүлгөндөн кийин Улуттук банктын бул жазма буйрукту демилгелеген жооптуу түзүмдүк бөлүмү белгиленген мөөнөт ичинде банк эмес финансы-кредит уюму тарабынан жазма буйруктун талаптарынын аткарылышын контролдойт, ал аткарылбаган учурда дароо тиешелүү чара көрүлөт.

25. Жазма буйрук аткарылбагандыгы үчүн, Улуттук банк ушул Жобонун талаптарына ылайык банк эмес финансы-кредит уюмдарына башка таасир этүү чараларын колдонууга укуктуу.

## 2-глава. Айыптык төлөм

26. Банк эмес финансы-кредит уюму, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө», «Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө», «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамдарда, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында белгиленген ченемдерди, талаптарды жана чектөөлөрдү бузууга жол берген шартта, Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети төмөнкү өлчөмдө айыптык төлөм белгилөөгө укуктуу:

1) активдердин баланстык наркынын 10 (он) пайызынан ашпаган өлчөмдө – банк эмес финансы-кредит уюмуна карата;

2) төлөмдөрдүн бардык түрлөрүн кошкондо (кызматтык маянасы, премиясы, бонустары ж.б.), орточо жылдык сый акысынан ашпаган өлчөмдө – банк эмес финансы-кредит уюмунун кызмат адамына карата.

27. Банк эмес финансы-кредит уюму/анын кызмат адамы айыптык төлөм белгилөө жөнүндө токтомду алган күндөн тартып үч айдан кечиктирбестен, айыптык төлөмдү төлөөгө милдеттүү.

28. Эгерде айыптык төлөм белгиленген мөөнөт ичинде банк эмес финансы-кредит уюмдары/анын кызмат адамы тарабынан төлөнбөсө, анда айыптык төлөм аткаруу өндүрүшүнүн алкагында мажбурлоо тартибинде өндүрүлөт.

29. Валюта позициясынын лимиттерин бузууга жол бергендиги үчүн айыптык төлөм Улуттук банк Башкармасынын токтомдоруна ылайык бекитилүүчү «Микрокаржылоо компаниялары тарабынан

ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө» нускоого жана «Кредиттик союздар тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө» нускоого ылайык белгиленет.

30. Банк эмес финансы-кредит уюмдары тарабынан милдеттүү камдык талаптар сакталбаган шартта, банк эмес финансы-кредит уюмдарынан Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык айыптык төлөм өндүрүлөт.

31. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын компетенциясына кирген, Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин тиешелүү беренелеринде каралган бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү жүргүзүү жол-жобосу Улуттук банк Башкармасынын токтому менен бекитилүүчү Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча нускоого ылайык жөнгө салынат.

32. Банк эмес финансы-кредит уюмуна жана анын кызмат адамдарына айыптык төлөм белгилөө бузууларды четтетпөө үчүн негиз болуп саналбайт.

### 3-глава. Талап

33. Улуттук банк банк эмес финансы-кредит уюмдарына карата төмөнкүдөй талаптарды коюуга укуктуу:

− финансылык абалды чыңдоо боюнча иш-чараларды өткөрүү жөнүндө;

− банк эмес финансы-кредит уюмуна кайталап/атайын тышкы аудит жүргүзүү жөнүндө;

− административдик чыгашаларды кыскартуу жөнүндө;

− банк эмес финансы-кредит уюмунун уюштуруу түзүмүн өзгөртүү жөнүндө;

− банк эмес финансы-кредит уюмунун саясатын, жоболорун, жол-жоболорун жана башка ички ченемдик документтерин өзгөртүү тууралуу.

34. Банк эмес финансы-кредит уюмдарына талап кылуу түрүндө таасир этүү чарасын колдонуу жөнүндө чечим Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан кабыл алынат.

## § 1. Финансылык абалды чыңдоо боюнча иш-чараларды өткөрүү жөнүндө талап

35. Улуттук банк депозиттерди тартуу менен иш алып барган системалуу мааниге ээ банк эмес финансы-кредит уюмдарынан, депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык уюмдардан, катышуучулардан депозиттерди тартууга лицензияга ээ жана/же үчүнчү жактар алдында карыздарга ээ адистештирилген финансы-кредит уюмдарынан, кредиттик союздардан финансылык абалды чыңдоо боюнча иш-чараларды өткөрүүнү талап кылууга укуктуу.

Финансылык абалды чыңдоо планы ушул жобого карата 2-тиркемеде камтылган талаптарга ылайык түзүлөт. Планда банк эмес финансы-кредит уюмунун ишинин финансылык абалын чыңдоо боюнча шайкеш чаралар, мөөнөттөр, ыкмалар жана ресурстар каралууга тийиш.

Банк эмес финансы-кредит уюму финансылык абалды чыңдоо планынын шайкештигине баа берип турууга милдеттүү.

36. Улуттук банк кайсы болбосун учурда Жобонун 35-пунктунда белгиленген банк эмес финансы-кредит уюмунан финансылык абалды чыңдоо планында каралган чаралардын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарына ылайык кандай болбосун башка чаралардын ишке ашырылышын талап кылышы мүмкүн.

Банк эмес финансы-кредит уюмуна финансылык абалды чыңдоо чараларын өткөрүү талабы коюлган шартта, банк эмес финансы-кредит уюмунун финансылык абалын чыңдоо планы, жаңыртылган планды (Улуттук банктын талабы боюнча финансылык абалды чыңдоо планына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген учурда) кошо алганда, ошондой эле аны ишке ашыруу боюнча банк эмес финансы-кредит уюмунун иш-чаралары Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан макулдашылууга тийиш.

37. Улуттук банк талап кылган күндөн тартып банк эмес финансы-кредит уюму пайданы бөлүштүрүү, дивиденддерди төлөө (анын ичинде мурда кабыл алынган чечимдер боюнча), акционерлер (катышуучулар) алдында кандай болбосун финансылык милдеттенмелерди жана төлөмдөрдү аткаруу, ошондой эле эмгек акы төлөөнү эске албаганда, банк эмес финансы-кредит уюмунун кызмат

адамдарына жана кызматчыларына кандай болбосун сый акы төлөө жөнүндө чечимдерди кабыл алууга укугу жок.

38. Банк эмес финансы-кредит уюмунун финансылык абалын чыңдоо чараларын жүзөгө ашыруу мезгил ичинде Улуттук банк, эгерде бул финансылык абалдын начарлашына же банкроттукка учурашына алып келе турган болсо, банк эмес финансы-кредит уюмуна кредиторлордун, банк эмес финансы-кредит уюму менен аффилирленген жана байланыштуу жактардын акчалай милдеттенмелери боюнча талаптарын канааттандырууга тыюу салууга же чектөөлөрдү белгилөөгө укуктуу.

39. Банк эмес финансы-кредит уюмунун ыйгарым укуктуу органы финансылык абалды чыңдоо планын бекитүүгө милдеттүү.

## § 2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарында кайталап/ атайын тышкы аудит жүргүзүү талабы

40. Банк эмес финансы-кредит уюмунун ишинде бузууга жол берүү жана/же тышкы аудиттин маалыматтарына дал келбеген жагдайлар аныкталган учурда, Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети банк эмес финансы-кредит уюмунун ишине кайталап/атайын тышкы аудит жүргүзүүнү талап кылуу ыйгарым укугуна ээ.

41. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети токтом чыгаруу аркылуу банк эмес финансы-кредит уюмуна кайталап/атайын тышкы аудит жүргүзүү талабын коюшу мүмкүн, анда ушул жободо белгиленген кошумча талаптар да каралышы ыктымал. Мындан тышкары талапта тышкы аудит жүргүзүү мөөнөтү ичинде банк эмес финансы-кредит уюмунун ишинин белгилүү бир түрүнө чектөөлөр белгилениши мүмкүн.

42. Кайталап/атайын тышкы аудит жүргүзүүгө байланыштуу бардык чыгашалар банк эмес финансы-кредит уюмунун каражаттарынын эсебинен төлөнөт.

## § 3. Административдик чыгашаларды кыскартуу талабы

43. Улуттук банк депозиттерди тартуу менен иш алып барган системалуу мааниге ээ банк эмес финансы-кредит уюмдарына, ошондой эле депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансы компанияларына, катышуучулардан депозиттерди

тартуу лицензиясына ээ адистештирилген финансы-кредит уюмдарына, кредиттик союздарга карата административдик чыгашаларды кыскартуу талабын коюуга укуктуу.

Административдик чыгашаларды кыскартуу талабы Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан, анын пикири боюнча банк эмес финансы-кредит уюму тобокелдикке баруу менен иш алып барып жаткан жана/же орун алган административдик чыгашалар ашкере жогору жана/же негизсиз катары саналган учурларда, ошондой эле келечекте олуттуу финансылык жоготуулардын келип чыгышына жол бербөө максатында кабыл алынат.

44. Административдик чыгашаларды кыскартуу талабын коюу негиздери катары төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

1) банк эмес финансы-кредит уюмунда финансылык проблемалар орун алса (чыгым тартуусу, чыгымдардын киреседен ашып кетиши);

2) мыйзам талаптарын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын бузууга жол берүү фактылары аныкталса;

3) банк эмес финансы-кредит уюмунда тобокелдиктерди тескөөнүн шайкеш эмес системасы орун алса;

4) банк эмес финансы-кредит уюму капитал боюнча талаптарды аткарбаса;

5) административдик чыгашалар жогору жана/же негизсиз болуп санала тургандыгын жана/же аларды азайтуу үчүн потенциал бар экендигин тастыктаган башка жагдайлар бар болсо.

45. Улуттук банк кыскартылууга же болбосо белгиленген мөөнөткө алынып салынууга тийиш болгон административдик чыгашалардын белгилүү бир статьяларын белгилөөгө укуктуу.

## § 4. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын уюштуруу түзүмүн өзгөртүү жөнүндө талап

46. Банк эмес финансы-кредит уюмунун уюштуруу түзүмү компетенцияларды, башкаруу органдарынын, түзүмдүк бөлүмдөрдүн жана банк эмес финансы-кредит уюмунун кызмат адамдарынын ыйгарым укуктарынын бөлүштүрүлүшүн жана жоопкерчилигин аныктай албаса жана/же так белгилей албаса, кызыкчылыктардын кагылышуусун жокко чыгара албаса, анда Улуттук банктын Көзөмөл

боюнча комитети анын уюштуруу түзүмүн өзгөртүүнү талап кылууга укуктуу.

47. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети банк эмес финансы-кредит уюмунун ишинин шайкеш жүзөгө ашырылышы үчүн жооп бербеген татаал жана көлөмдүү түзүмдөн турган, натыйжалуу иш алып барбаган түзүмдүк/обочолонгон бөлүмдү банк эмес финансы-кредит уюмунун уюштуруу түзүмүнөн алып салууну талап кылууга укуктуу.

### § 5. Банк эмес финансы-кредит уюмунун саясатын, жоболорун, жол-жоболорун жана башка ички ченемдик документтерин өзгөртүү жөнүндө талап

48. Банк эмес финансы-кредит уюмунда саясаттын, жоболордун, жол-жоболордун жана башка ички ченемдик документтердин мазмуну мыйзам талаптарына жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына жооп бербеген учурларда, Улуттук банк аларды өзгөртүүнү жана/же толуктоону талап кылат.

49. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети/төраганын орун басары/Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү/түзүмдүк бөлүмдөрдүн начальниктери банк эмес финансы-кредит уюмунун ички документтери мыйзам талаптарына дал келбегендигин аныктаган түзүмдүк бөлүмдүн маалыматынын негизинде, ошондой эле тобокелдиктерди кыскартуу жана контролдукту күчөтүү максатында, банк эмес финансы-кредит уюмунун ички ченемдик документтерине өзгөртүүлөрдү киргизүү талабын коюуга укуктуу.

## 4-глава. Экономикалык ченемдерди жана талаптарды жогорулатуу

50. Экономикалык ченемдерди бузууга жол бергендиги үчүн, ошондой эле банк эмес финансы-кредит уюмунун ишинде финансылык абалдын начарлоо тенденциясы байкалган учурда, бирок ошол эле учурда банк эмес финансы-кредит уюму тарабынан Улуттук банктын минималдуу экономикалык ченемдери жана талаптары сакталган болсо, Улуттук банк ошол банк эмес финансы-кредит уюмуна карата жаңы жана/же кыйла күчөтүлгөн экономикалык ченемдерди белгилеши мүмкүн.

51. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети төмөнкүлөргө укуктуу:

1) капиталдын шайкештик (жетиштүүлүгү) ченемдеринин (стандарттарынын, коэффициенттеринин) өлчөмүн жогорулатууга;

2) бир карыз алуучуга (катышуучуга) тобокелдиктин максималдуу өлчөмүн төмөндөтүүгө;

3) ликвиддүүлүк ченемин (көрсөткүчүн) жогорулатууга;

4) кам түзүү тартибине, анын ичинде милдеттүү кам ченемдерин жогорулатуу аркылуу талаптарды күчөтүүгө;

5) чет өлкө валютасында операцияларды жүргүзүүдө орун алган тобокелдиктерди кыскартуу зарыл болгон учурларда, ачык валюта позициясынын лимитинин өлчөмүн азайтууга;

6) Улуттук банк тарабынан белгиленген башка экономикалык ченемдерди, талаптарды жана чектөөлөрдү өзгөртүүгө.

52. Милдеттүү кам ченемин жана өздүк (жөнгө салуучу) капиталдын минималдуу өлчөмүн жогорулатуу Улуттук банк Башкармасы тарабынан Көзөмөл боюнча комитеттин сунушу боюнча кабыл алынат.

## 5-глава. Чектөөлөр же тыюу салуулар

53. Банк эмес финансы-кредит уюму мыйзамдардын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын бузууга жол берген учурда, жана анын ишинде тобокелдиктер орун алган шартта, Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети чектөөлөрдү жана тыюу салууларды белгилөөгө укуктуу.

54. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети төмөнкү учурларда дивиденддерди төлөөгө/банк эмес финансы-кредит уюмунун мүлкүн жана/же акча каражаттарын тескөөгө жана/же сый акыларды төлөөгө чектөөлөрдү же тыюу салууларды белгилөөгө укуктуу:

1) эгерде мындай жагдай банк эмес финансы-кредит уюму тарабынан экономикалык ченемдердин бузулушуна алып келсе;

2) банк эмес финансы-кредит уюмунун капиталынын шайкештик (жетиштүүлүк) ченемдеринин (стандарттарынын, коэффициенттеринин) мааниси Улуттук банк тарабынан белгиленген минималдуу чектен төмөн болсо;

3) Улуттук банктын талаптарына ылайык потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам түзүлбөсө же жетишсиз өлчөмдө түзүлсө;

4) эгерде банк эмес финансы-кредит уюмунун өткөн жылдар жана/же отчеттук жыл үчүн орду жабылбаган чыгымдары болсо;

5) банк эмес финансы-кредит уюмунун финансылык абалы начарласа;

6) мыйзамдарда каралган башка учурларда.

55. Банк эмес финансы-кредит уюму инвестицияларды чектөө талаптарын, анын ичинде кыймылсыз мүлк, баалуу кагаздар менен бүтүмдөргө келишүү жана банк эмес финансы-кредит уюмунун экономикалык, анын ичинде капитал шайкештиги ченемдерин сактоосуна таасирин тийгизген башка бүтүмдөргө келишүү боюнча талаптарды жана чектөөлөрдү бузган шартта, Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети инвестицияларды жүзөгө ашырууга жана кыймылсыз мүлк, баалуу кагаздар менен бүтүмдөргө жана башка бүтүмдөргө келишүүгө чектөөлөрдү жана тыюу салууларды киргизүүгө укуктуу.

56. Банк эмес финансы-кредит уюмунун ишинде төмөнкүлөргө байланыштуу бузууга жол берүүлөр аныкталган учурда, Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети операциялардын айрым түрлөрүнө чектөөлөрдү белгилөөгө же аларды ишке ашырууну токтотууга укуктуу:

1) банк эмес финансы-кредит уюму алгылыксыз жана/же кооптуу банктык тажрыйбага тартылган учурда;

2) банк мыйзамдарын, анын ичинде банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо боюнча, террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча, монополияга каршы жөнгө салуу, атаандаштыкты өнүктүрүү жана банктык кызматтык көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укугун коргоо боюнча мыйзамдарды жана/же ченемдик укуктук актыларды бузууга жол берген учурда, анын ичинде Улуттук банктын экономикалык ченемдери, ченемдик актылары сакталбаса же анын жазма буйруктары аткарылбаса;

3) банк эмес финансы-кредит уюмун жоюу/анын иш аракетин токтотуу менен.

57. Банктык мыйзам талаптары, анын ичинде банк эмес финансы-кредит уюму жана банк эмес финансы-кредит уюму менен байланыштуу жактар ортосунда ишке ашырылган операциялар жана бүтүмдөр боюнча талаптарды жана чектөөлөрдү бузууга жол берилген шартта, Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети аларды жүзөгө ашырууга чектөөлөрдү жана тыюу салууларды киргизүүгө укуктуу.

Банк эмес финансы-кредит уюму Улуттук банк тарабынан белгиленген тартипте банк эмес финансы-кредит уюмунун банк эмес финансы-кредит уюму менен байланыштуу жактар менен келишилген бардык бүтүмдөрү жөнүндө маалыматты Улуттук банкка сунуштап турууга милдеттүү.

## 6-глава. Кызмат адамдарын иштен четтетүү же бошотуу, башкаруу органдарын алмаштыруу

58. Банк эмес финансы-кредит уюмунун кызмат адамдарын иштен четтетүү же бошотуу, башкаруу органдарын алмаштыруу чечими Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан төмөнкү фактылар аныкталган шартта кабыл алынат:

1) банк эмес финансы-кредит уюму бүтүмдөргө келишүүдө таламдардын каршы келип калышын жана/же кызыкчылыгын жашыруу;

2) квалификациялык талаптарга, көз карандысыздык боюнча жана кынтыксыз ишкердик аброй талаптарына ылайык келбегендигин тастыктаган маалыматты жашыруу, кызмат адамын макулдашуудан баш тартууга негиз боло турган маалыматты жашыруу;

3) Улуттук банктын баа берүүсү боюнча банк эмес финансы-кредит уюмунун башкаруу органдарынын мүчөлөрүнүн банк эмес финансы-кредит уюмунун финансылык туруктуулугуна кооптуу жагдайларды жаратышы мүмкүн болгон иш-аракеттери же аракеттенбей коюулары;

4) олуттуу финансылык жоготууларды жана/же аброй тобокелдиктерин жаратышы ыктымал болгон банк мыйзамдарын жана/же Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын бузууга жол берүүлөр;

5) алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйба катары мүнөздөлгөн ишке катышуу (аракеттенүү/аракеттенбей коюу);

6) Кыргыз Республикасынын террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелери боюнча ченемдик укуктук актыларын бузууга жол берген ишти жүзөгө ашыруу же мындай ишке тартылуу;

7) кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдалануу.

59. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети төмөнкү маселелерди кароого алат жана ал боюнча чечимдерди кабыл алат:

− кызмат адамы кылмыш ишинде шектүү/айыпталуучу катары тартылган учурда ал кызмат адамын банк эмес финансы-кредит уюмундагы ээлеген кызмат ордунан четтетүү;

− айрым кызмат адамдарын ээлеген кызмат ордунан бошотуу;

− банк эмес финансы-кредит уюмунун башкаруу органдарын алмаштыруу, бул бардык же айрым кызмат адамдарын алмаштырууну жана алардын кайсы болбосун банк эмес финансы-кредит уюмунун ишинде андан ары катышуусуна тыюу салууну түшүндүрөт.

− Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан сунушталган маалыматтардын негизинде банк эмес финансы-кредит уюмунун ишин, банк эмес финансы-кредит уюмунун кызмат адамдарынын аракетин/аракеттенбей коюусун алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйба катары таануу, ошондой эле Комитеттин компетенциясынын алкагында банк эмес финансы-кредит уюмуна, анын аракети/аракеттенбей коюусу алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйбага тиешелүү болгон акционерлерине/катышуучуларына, кызмат адамдарына карата тиешелүү таасир этүү чараларын колдонуу.

60. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети кызмат адамдарын иштен четтетүү же бошотуу, банк эмес финансы-кредит уюмунун башкаруу органдарын алмаштыруу чечимин кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын мыйзам ченемдерин бузууга жол берилгендиги (коюлган айып же кабыл алынган чечимдер) жөнүндө Улуттук банкка өз учурунда маалымдоо, ошондой эле мындай бузуунун алдын алуу же аны четтетүү үчүн бардык мүмкүн болуучу, жетишерлик жана акыл ченемдүү чараларды көрүү фактору эске алынат.

61. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитетинин кызмат адамдарын иштен четтетүү же бошотуу, башкаруу органдарын алмаштыруу чечими мындай чечимге кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

62. Аларга карата таасир этүү чараларын колдонуу иретинде банк эмес финансы-кредит уюмунда ээлеген кызмат ордунан четтетүүдөн же бошотуудан/башкаруу органдарын алмаштыруудан улам кынтыксыз ишкердик аброюнан ажыраган банк эмес финансы-кредит уюмунун кызмат адамдарына Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында белгиленген мөөнөт ичинде ал мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып, Улуттук банк менен милдеттүү түрдө макулдашылууга тийиш болгон кызмат ордуна кайталап талапкерлигин коюуга жол берилбейт.

## 7-глава. Атайын режимди киргизүү

63. Улуттук банк банк эмес финансы-кредит уюмуна төмөнкүдөй атайын режимдерди киргизүүгө укуктуу:

- тике банктык көзөмөл;
- убактылуу администрация режими.

64. Тике банктык көзөмөл режимин киргизүү, ошондой эле аны ишке ашыруу чечими Улуттук банк Башкармасынын токтому менен бекитилүүчү «Тике банктык көзөмөл жөнүндө» жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

65. Убактылуу администрация режимин киргизүү, ошондой эле аны ишке ашыруу чечими Улуттук банк Башкармасынын токтому менен бекитилүүчү «Убактылуу администрация жөнүндө» жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

## 8-глава. Лицензияны/эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктү кайтарып алуу/аракетин токтотуу

### § 1. Микрофинансы компаниясынан/ турак жай-сактык кредиттик компаниясынан/ адистештирилген финансы-кредит уюмунан/адистештирилген финансы мекемесинен лицензияны кайтарып алуу/аракетин токтотуу

66. Микрофинансы компаниясынын лицензиясын кайтарып алуу Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы микрофинансы уюмдары жөнүндө» мыйзамында баяндалган негиздер боюнча жүзөгө ашырылат. Микрофинансы компаниясынын лицензиясын кайтарып алуу чечими Улуттук банк Башкармасы тарабынан кабыл алынат.

67. Турак жай-сактык кредиттик компаниясынын лицензиясын кайтарып алуу Кыргыз Республикасынын турак жай-сактык кредиттик компаниялардын ишин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мыйзамдарында белгиленген негиздер боюнча жүзөгө ашырылат. Турак жай-сактык кредиттик компаниядан лицензияны кайтарып алуу жөнүндө чечим Улуттук банк Башкармасы тарабынан кабыл алат.

68. Адистештирилген финансы-кредиттик компаниянын лицензиясын кайтарып алуу Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» мыйзамында баяндалган негиздер боюнча жүзөгө ашырылат.

69. Адистештирилген финансы мекемесинин лицензиясын кайтарып алуу чечими Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан кабыл алынат.

70. Адистештирилген финансы мекемесинин лицензиясы төмөнкү учурларда кайтарылып алынышы мүмкүн:

− Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын кошо алганда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын системалуу түрдө (бир календардык жыл ичинде эки же андан көп жолу) бузууга жол берсе;

− адистештирилген финансы мекемеси Улуттук банктын жазма буйруктарын жана/же башка талаптарын системалуу түрдө (эки жана андан көп жолу) аткарбаса;

− маалыматтарды системалуу түрдө (эки жана андан көп жолу) сунуштабаса же такталбаган жана толук эмес маалыматтарды берген учурда;

− иштин негизги түрлөрү боюнча бир жылдан ашык убакыт бою иш алып барбаса.

71. Микрофинансы компаниясынан/турак жай-сактык кредиттик компаниясынан/адистештирилген финансы-кредит уюмунан/адистештирилген финансы мекемесинен лицензияны кайтарып алуу жөнүндө Улуттук банктын чечими башка таасир этүү чараларын колдонуусуз кабыл алынышы мүмкүн.

72. Улуттук банк тиешелүү чечим кабыл алынган күндөн тартып үч жумуш күн ичинде микрофинансы компаниясынан, турак жай-сактык кредиттик компаниясынан, адистештирилген финансы-кредит уюмунан/адистештирилген финансы мекемесинен лицензияны кайтарып алуу жөнүндө жазуу жүзүндө билдирет.

73. Микрофинансы компаниясынан/турак жай-сактык кредиттик компаниясынан/адистештирилген финансы-кредит уюмунан/адистештирилген финансы мекемесинен лицензияны кайтарып алуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоюлууга алып келет.

74. Лицензия кайтарылып алынган учурда, Улуттук банктын лицензияны кайтарып алуу жөнүндө чечимин алган күндөн тартып микрофинансы компаниясы/турак жай-сактык кредиттик компаниясы/адистештирилген финансы-кредит уюму/адистештирилген финансы мекемеси үч күн ичинде лицензиянын түп нускасын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына өткөрүп берүүгө тийиш, ал эми бир айдын ичинде соттон тышкары жоюу жол-жобосун башташы зарыл.

75. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети бузуунун жагдайына, мүнөзүнө жана анын мүмкүн болгон натыйжаларына жараша, лицензияны кайтарып алуудагы негиздер боюнча микрофинансы компаниясынын/турак жай-сактык кредиттик компаниясынын/адистештирилген финансы-кредит уюмунун/адистештирилген финансы мекемесинин лицензиясынын аракетин токтотууга укуктуу. Улуттук банк тиешелүү чечим кабыл алынган күндөн тартып үч жумуш күн ичинде микрофинансы компаниясынын/турак жай-сактык кредиттик компаниясынын адистештирилген финансы-кредит уюмунун/адистештирилген финансы мекемесинин лицензиясынын аракетин токтотуу жөнүндө жазуу жүзүндө билдирет.

76. Микрофинансы компаниясы/турак жай-сактык кредиттик компаниясы/адистештирилген финансы-кредит уюму/адистештирилген финансы мекемеси лицензиясынын аракетин токтотуу жөнүндө билдирүүнү алган күндөн тартып, Улуттук банктан лицензиянын аракетин кайра баштоо жөнүндө билдирүүнү алганга чейин лицензияда көрсөтүлгөн операцияларды жүргүзүүгө укугу жок.

## § 2. Кредиттик союздун лицензиясын кайтарып алуу/лицензиясынын аракетин токтотуу

77. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети кредиттик союздун лицензиясын кайтарып алышы мүмкүн. Кредиттик союздун лицензиясы төмөнкү учурларда кайтарылып алынышы мүмкүн:

− кредиттик союз тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана/же Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын системалуу түрдө (12 календардык ай ичинде эки жана андан көп жолу) бузулганда;

− кредиттик союз тарабынан Улуттук банктын талаптары жана/же жазма буйруктары системалуу түрдө (12 календардык ай ичинде эки жана андан көп жолу) аткарылбаганда;

− белгиленген мөөнөт ичинде бузуулар четтетилбегендигине байланыштуу, Улуттук банк лицензиянын аракетин токтотткондо;

− маалыматты бербеген же анык эмес маалыматты (анын ичинде Улуттук банктын кызматкерлеринин сурамдары боюнча) системалуу түрдө (12 календардык ай ичинде эки жана андан көп жолу) сунуштаган учурда;

− анын негизинде лицензия берилген анык эмес маалыматты сунуштаганда;

− Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тыюу салынган операцияларга катышканда;

− кредиттик союз лицензияда каралбаган иш менен алектенген учурда;

− эгерде кредиттик союз каттоодон өткөндөн жана лицензияны алгандан кийин бир жылдан ашык жана/же иштеген мезгил ичинде кредиттерди берүү ишин жүзөгө ашырбаса;

− эгерде ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды каттоодон өткөндөн жана лицензияны алгандан кийин бир жылдан ашык жана/же иштеген мезгил ичинде кредиттерди берүү ишин жүзөгө ашырбаса (ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган кредиттик союздар үчүн);

− алгылыксыз банктык тажрыйба катары мүнөздөлгөн ишке тартылган учурда; (1-тиркеме);

− кредиттик союздун добуш берүү укугуна ээ катышуучуларынын – жеке адамдардын саны ондон аз болсо;

− эгерде кредиттик союз Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сактык пайлардын жалпы суммасынын минималдуу өлчөмүн сактоо боюнча шарттарды аткарбаса;

− эгерде кредиттик союз (б.а. 12 календардык ай ичинде эки жана андан көп жолу) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын, жазма буйруктарынын жана/же кредиттик союздун уставынын жоболорун системалуу түрдө бузган, анын жыйынтыгында кредиттик союздун иши кооптуу же финансылык жактан ишенимсиз болгон же болушу мүмкүн учурда;

− эгерде кредиттик союз мыйзамдарга ылайык төлөөгө жөндөмсүз катары таанылса.

− Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

78. Кредиттик союздан лицензияны кайтарып алуу жөнүндө Улуттук банктын чечимдери башка таасир этүү чараларын колдонуусуз кабыл алынышы мүмкүн.

79. Улуттук банктын лицензияны кайтарып алуу чечимин кабыл алгандан тарта үч күн ичинде кредиттик союз лицензиялардын (кошумча лицензияны кошо алганда) түп нускасын Улуттук банкка тапшырууга милдеттүү, ал эми 30 (отуз) күн ичинде соттук эмес тартипте жоюу жол-жобосу башталууга тийиш (эгерде кредиттик союздун активдери анын милдеттенмелерин толук көлөмдө жапкан учурда).

80. Улуттук банк тиешелүү чечим кабыл алынган күндөн тартып үч жумуш күн ичинде кредиттик союздан лицензияны кайтарып алуу жөнүндө жазуу жүзүндө билдирет.

81. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети бузуунун жагдайына, мүнөзүнө жана анын мүмкүн болгон натыйжаларына жараша, лицензияны кайтарып алуудагы негиздер боюнча кредиттик союздун лицензиясынын аракетин токтотууга укуктуу.

82. Улуттук банк тиешелүү чечим кабыл алынган күндөн тартып үч жумуш күн ичинде кредиттик союздун лицензиясынын аракетин токтотуу жөнүндө жазуу жүзүндө билдирет.

83. Кредиттик союз лицензиясынын аракети токтотулгандыгы жөнүндө билдирүүнү алган күндөн тартып Улуттук банктан лицензиянын аракетин кайра баштоо жөнүндө билдирүүнү алганга чейин лицензияда көрсөтүлгөн операцияларды жүргүзүүгө укугу жок.

## § 3 Микрокредиттик компаниянын/микрокредиттик агенттиктин эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүгүн кайтарып алуу/күбөлүктүн аракетин токтотуу

84. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети микрокредиттик компаниянын (мындан ары – МКК)/микрокредиттик агенттиктин (мындан ары – МКА) эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүгүн төмөнкү учурларда кайтарып алышы мүмкүн:

− Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын системалуу түрдө (12 календардык ай ичинде эки жана андан көп жолу) бузган учурда;

− МКК/МКА тарабынан Улуттук банктын жазма буйруктары жана/же башка талаптары системалуу түрдө (12 календардык ай ичинде эки жана андан көп жолу) сактабалган учурда;

− маалымат системалуу түрдө (12 календардык ай ичинде эки жана андан көп жолу) берилбеген же анык эмес, толук эмес маалымат сунушталган учурда (анын ичинде Улуттук банктын кызматкерлеринин сурамдары боюнча);

− эгер микрокредиттерди берүү боюнча иш бир жылдан ашык жүргүзүлбөсө;

− ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды бир жылдан ашык жүзөгө ашырбаган учурда (ислам каржылоо принциптерине ылайык ишти жүзөгө ашырган МКК/МКА үчүн);

− Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы микрофинансы уюмдары жөнүндө» мыйзамында аныкталган микрофинансы уюмдарынын ишинин максаттары бузулган учурда;

− монополияга каршы мыйзамдардын талаптары бузулган учурда;

− Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы микрофинансы уюмдары жөнүндө» мыйзамында белгиленген керектөөчүлөрдүн укугу бузулган учурда;

− алгылыксыз банктык тажрыйба катары мүнөздөлгөн ишке тартылган учурда; (1-тиркеме);

− Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка учурларда.

85. Улуттук банктын МКК/МКАдан эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүгүн кайтарып алуу жөнүндө чечимдери башка таасир этүү чараларын колдонуусуз кабыл алынышы мүмкүн.

86. Улуттук банк тиешелүү чечим кабыл алынган күндөн тартып үч жумуш күн ичинде МКК/МКАдан эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүгүн кайтарып алуу жөнүндө жазуу жүзүндө билдирет.

87. Улуттук банктан МКК/МКА эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктү кайтарып алуу жөнүндө кабарлоону алган күндөн тартып ишин токтотушу керек.

88. МКК жана МКАдан каттоо жөнүндө күбөлүктү кайтарып алуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алардын жоюлушуна алып келет.

89. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети МКК/МКАдан каттоо жөнүндө күбөлүктү кайтарып алууга окшош болгон негиздер боюнча МКК/МКАнын каттоо жөнүндө күбөлүгүнүн аракетин убактылуу токтотууга укуктуу.

90. Улуттук банк тиешелүү чечим кабыл алынган күндөн тартып үч жумуш күн ичинде МКК/МКАнын каттоо жөнүндө күбөлүгүнүн аракетин токтотуу жөнүндө жазуу жүзүндө билдирет.

91. МКК/МКА каттоо жөнүндө күбөлүгүнүн аракетин токтотуу жөнүндө билдирүүнү алган күндөн тартып Улуттук банктан күбөлүктүн аракетин кайра баштоо жөнүндө билдирүүнү алганга чейин ишмердик жүргүзүүгө укугу жок.

## § 4. Микрокредиттик компаниянын айрым банктык операцияларды жүргүзүү укугуна лицензиясын кайтарып алуу

92. Микрокредиттик компаниянын айрым банктык операцияларды жүргүзүү укугуна берилген лицензиясы төмөнкү учурларда кайтарылып алынышы мүмкүн:

− ушул операцияларды жүргүзүү учурунда Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузууга жол берилген учурда;

− жогоруда белгиленген операцияларды жүргүзүүдөн улам келип чыккан бузууларды четтетүү максатында, Улуттук банктын

сунуш-көрсөтмөлөрү, жазма буйруктары жана/же башка талаптары сакталбаган учурда;

− маалыматтар сунушталбаган же анык эмес, толук эмес маалыматтар сунушталган учурда.

93. Лицензияны кайтарып алуу чечими башка таасир этүү чараларын колдонуусуз кабыл алынышы мүмкүн.

94. Улуттук банк тиешелүү чечим кабыл алынган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде микрокредиттик компанияга лицензиясы кайтарылып алынгандыгы жөнүндө кат жүзүндө билдирет.

## § 5. Кепилдик фондунун эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүгүн кайтарып алуу/күбөлүктүн аракетин токтотуу

95. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети кепилдик фондунун эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүгүн төмөнкү учурларда кайтарып алышы мүмкүн:

− кепилдик фонд тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптары системалуу түрдө (12 календардык ай ичинде эки жана андан көп жолу) бузулса;

− кепилдик фонд тарабынан Улуттук банктын жазма буйруктары жана/же башка талаптары системалуу түрдө (12 календардык ай ичинде эки жана андан көп жолу) сакталбаган учурда;

− Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык кепилдик фонд төлөөгө жөндөмсүз деп жарыяланган учурда;

− алгылыксыз банктык тажрыйба катары мүнөздөлгөн ишке тартылган учурда (1-тиркеме).

96. Улуттук банк тиешелүү чечим кабыл алынган күндөн тартып үч жумуш күн ичинде лицензияны кайтарып алуу жөнүндө кепилдик фондго жазуу жүзүндө билдирет.

97. Күбөлүктү кайтарып алуу тууралуу Улуттук банктын чечимин алган күндөн тартып 1 (бир) ай ичинде кепилдик фондунун ыйгарым укуктуу органы жоюу жөнүндө чечимди кабыл алууга тийиш.

98. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан жоюу жөнүндө чечим кабыл алынган же Улуттук банктын кепилдик фондунун күбөлүгүн кайтарып алуу тууралуу билдирүүсүн алган учурдан тартып, кепилдик

фонд күбөлүктө каралган гарантияларды берүүнү токтотууга тийиш. Болбосо, кепилдик фонду жана анын кызмат адамдары мыйзамдарда каралган жоопкерчиликти тартат.

99. Улуттук банктын күбөлүктү кайтарып алуу тууралуу чечимин алган күндөн тартып 1 (бир) ай өткөндөн кийин ыйгарым укуктуу орган тарабынан ыктыярдуу жоюу жөнүндө чечим кабыл алынбаган учурда, Улуттук банк кепилдик фондун мажбурлап жоюу жөнүндө арыз менен сотко кайрылууга укуктуу.

100. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктү кайтарып алууга себеп болгон сыяктуу негиздер боюнча кепилдик фондунун эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүгүнүн аракетин убактылуу токтотууга укуктуу.

101. Улуттук банк тиешелүү чечим кабыл алынган күндөн тартып үч жумуш күн ичинде кепилдик фондунун эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүгүнүн аракети токтотулгандыгы жөнүндө кат жүзүндө билдирет.

102. Кепилдик фонд каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүгүнүн аракети токтотулгандыгы жөнүндө билдирүүнү алган күндөн тартып, Улуттук банктан күбөлүктүн аракети кайра жандандырылгандыгы жөнүндө билдирүү алганга чейин иш жүргүзүүгө укугу жок.

## § 6. Кредиттик бюронун лицензиясын кайтарып алуу/лицензиясынын аракетин токтотуу

103. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети кредиттик бюронун ишин жүзөгө ашырууга лицензиясын төмөнкү учурларда кайтарып алышы мүмкүн:

− Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык кредиттик бюрону төлөөгө жөндөмсүз деп жарыялаган учурда;

− Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык кредиттик бюрону мажбурлап жоюу иши башталган учурда;

− Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, анын ичинде Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын одоно жана системалуу түрдө (12 календардык ай ичинде үч жолудан көп) бузган учурда;

− Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан тыюу салынган ишти жүзөгө ашырган учурда.

104. Кредиттик бюронун лицензиясын кайтарып алуу тууралуу чечим Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан кабыл алынат жана мындай чечим кабыл алынган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күн ичинде кат түрүндө кредиттик бюрого тааныштырылат.

105. Кредиттик бюро лицензияны кайтарып алуу жөнүндө Улуттук банктан билдирүүнү алган күндөн тартып өз ишин токтотууга тийиш.

106. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети Улуттук банк Башкармасынын токтому менен бекитилүүчү «Кредиттик бюролордун ишин лицензиялоо жөнүндө» жободо аныкталган учурлардын кайсы бир учурунда лицензиянын аракетин убактылуу токтото алат.

107. Кредиттик бюронун лицензиясын кайтарып алуу тууралуу чечим Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан кабыл алынат жана мындай чечим кабыл алынган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күн ичинде кат түрүндө кредиттик бюрого жеткирилет.

108. Улуттук банк тиешелүү чечим кабыл алынган күндөн тартып үч жумуш күн ичинде кредиттик бюронун лицензиясынын аракетин токтотуу жөнүндө жазуу жүзүндө билдирет.

109. Кредиттик бюро лицензиясынын арекети токтотулгандыгы жөнүндө билдирүүнү алган күндөн тартып Улуттук банктан лицензиянын аракетин кайра баштоо жөнүндө билдирүүнү алганга чейин лицензияда көрсөтүлгөн операцияларды жүргүзүүгө укугу жок.

## VI бөлүк. Таасир этүү чараларына даттануу менен кайрылуу тартиби

110. Улуттук банктын чечимдерине сотко чейинки даттануу милдеттүү болуп саналат. Улуттук банк Башкармасынын сотко даттанылуучу чечимдерин эске албаганда, Улуттук банктын кайсы болбосун чечимдерине сотко чейинки даттанууга болот.

111. Сотко чейин даттануу менен кайрылуу Улуттук банктын чечиминин аракетин токтотпойт. Ал Улуттук банктан тиешелүү чечимди алгандан кийинки 20 (жыйырма) жумуш күндөн кечиктирилбестен жүргүзүлөт.

112. Улуттук банк даттануу келип түшкөн күндөн кийинки 30 (отуз) календарлык күндөн кечиктирбестен аны кароого алат. Мында Улуттук банк даттанууну кароо мөөнөтүн бир жолу 30 (отуз) календардык күнгө узартууга укуктуу.

113. Банк эмес финансы-кредит уюмуна карата колдонулган таасир этүү чарасы Улуттук банктын чечими менен жокко чыгарылышы мүмкүн.

114. Улуттук банктын чечимине сотко чейин даттануу менен кайрылуу тартиби Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында белгиленген.

**«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлүнө алынган банк эмес финансы-кредит уюмдарына жана башка юридикалык жактарга карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобого карата 1-тиркеме**

Алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйбага киргизүүгө мүмкүн болгон банк эмес финансы-кредит уюмунун ишинин, анын акционерлеринин/уюштуруучуларынын, кызмат адамдарынын аракеттеринин (аракеттенбей коюу)

## БЕЛГИЛЕРИ

1. Башкаруу органдарынын жана кызмат адамдарынын алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйбага жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууга жол берүүгө бөгөт коюу максатында банк эмес финансы-кредит уюмуна талаптагыдай контролдукту жана жетекчиликти камсыз кылууга жөндөмсүздүгү.

2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарынын бузулушуна жана/же банк эмес финансы-кредит уюмунун финансылык абалынын кыйла начарлашына алып келген кызмат адамдарынын аракети (аракеттенбей коюулары).

3. Улуттук банк тарабынан аларга карата кызмат адамдарын иштен четтетүү же бошотуу, башкаруу органдарын алмаштыруу

чечими кабыл алынган банк эмес финансы-кредит уюмунун кызмат адамдарын алмаштыруу, иштен четтетүү, убактылуу четтетүү жана алардын ыйгарым укуктарын токтотуу боюнча акционер (акционерлер)/уюштуруучу (уюштуруучулар) жана/же Директорлор кеңеши жана/же Башкарма тарабынан тиешелүү аракеттин жоктугу же аракеттенбей коюусу.

4. Активдер жана баланстан тышкаркы милдеттенмелер боюнча потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга шайкеш келбеген камдын (резервдин) түзүлүшү.

5. ФОЭСке жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык операцияларды/бүтүмдөрдү талаптагыдай бухгалтердик эсепке алуу ишинин жоктугу.

6. Кыргыз Республикасынын мыйзам ченемдеринин сакталбашы, анын натыйжасында банк эмес финансы-кредит уюмунун туруктуу ишине таасир эткен же таасир этиши мүмкүн тобокелдиктердин (анын ичинде абройду жоготуу тобокелдигинин) келип чыгышы.

7. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын шектүү операцияларды жана/же айкын мыйзамдуу экономикалык мааниге ээ болбогон операцияларды жана/же террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын бузууга жол берүүнү аныктоо жагында талаптарын аткарбаса.

8. Банк эмес финансы-кредит уюму банк эмес финансы-кредит уюмунун аффилирленген жана башка байланыштуу жактары менен операцияларды ишке ашырышы же банк эмес финансы-кредит уюмунун ыйгарым укуктуу органдарынын/адамдарынын Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын, анын ичинде адилеттүүлүк принцибин бузуу менен аталган операцияларды ишке ашыруу боюнча чечимдерди кабыл алышы.

9. Банк эмес финансы-кредит уюмунда аларды аткаруу үчүн квалификациялуу жана тажрыйбалуу кызматкерлер жок болгон иштин жүргүзүлүшү.

10. Тиешелүү саясат жана жол-жоболор иштелип чыкпаган шартта банк эмес финансы-кредит уюмунун ишинин жүзөгө ашырылышы жана/же алардын Улуттук банктын талаптарына дал келбеши же банк эмес финансы-кредит уюмунун ишинин иштелип чыккан саясаттарга

жана жол-жоболорго дал келбеши жана/же саясаттар жана жол-жоболор банк эмес финансы-кредит уюмунун иш чөйрөсүнө жана тобокелдиктер деңгээлине дал келбеши учурунда ишти жүзөгө ашыруу.

11. Банк эмес финансы-кредит уюму тарабынан ишке ашырылган операциялардын Шариат стандарттарына ылайык келбеши (ислам каржылоо принциптерине ылайык операцияларды ишке ашырган банк эмес финансы-кредит уюму үчүн).

12. Кардарларга кредиттер Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле банк эмес финансы-кредит уюмунун ички саясаттарын/жол-жоболорун бузууга жол берүү менен берилген болсо.

13. Кредит портфелинин жалпы көлөмүндө мөөнөтүндө төлөнбөгөн кредиттер көлөмүнүн жана/же алардын үлүшүнүн көбөйүшүнө байланыштуу, активдердин сапатынын олуттуу начарлашы.

14. Кредит берүү жана аларга мониторинг жүргүзүү жол-жоболорун кошо алганда, кредитти администрлөө тажрыйбасында олуттуу кемчиликтердин жана бузуулардын орун алышы.

15. Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарын системалуу түрдө (12 календардык ай ичинде эки жана андан көп жолу) бузууга жол берилиши.

16. Жазма буйруктардын жана Улуттук банк тарабынан колдонулган таасир этүүнүн башка чараларын Улуттук банк тарабынан белгиленген мөөнөттөрдө аткарбашы.

17. Банк эмес финансы-кредит уюму тарабынан капиталдын жетиштүүлүгү (шайкештиги) боюнча экономикалык ченемдердин сакталбашы жана капитал шайкештиги боюнча экономикалык ченемдерди Улуттук банктын талаптарына ылайык келтирүү боюнча тиешелүү чаралардын көрүлбөшү.

18. Банк капиталы анын ишине мүнөздүү болгон тобокелдикке байланыштуу жоготуулардын ордун жабуу үчүн жетишсиз болсо. Уюштуруучулар/акционер (акционерлер) алдын ала эскертилгендигине карабастан, капиталды толукташпаса жана/же Улуттук банк тарабынан белгиленген мөөнөт ичинде аны толуктоо боюнча жетиштүү/тиешелүү чараларды көрүшпөсө.

19. Улуттук банк тарабынан белгиленген капитал боюнча минималдуу талаптарды аткарбоо.

20. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууга баруу менен жана/же пайданы бөлүштүрүүгө чектөө киргизүүгө же тыюу салууга карабастан дивиденддер төлөнсө.

21. Банк эмес финансы-кредит уюму милдеттенмелерди өз убагында аткаруу үчүн ликвиддүүлүктүн жетишсиз деңгээлине ээ (милдеттүү түрдө аткаруу үчүн ликвиддүүлүк боюнча талаптардын бузулушу орун алса).

22. Улуттук банкка отчеттордун, ошондой эле расмий түрдө талап кылынган башка документтердин жана маалыматтардын берилбеши, ошондой эле өз убагында берилбеши, толук эмес же так эмес берилиши.

23. Банк эмес финансы-кредит уюму тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынган же болбосо лицензияда каралбаган, бирок Улуттук банк тарабынан лицензиялануугa жана/же ал менен макулдашууга тийиш болгон операцияларды ишке ашыруу.

24. Банк эмес финансы-кредит уюму, анын финансылык туруктуулугу, дивиденддердин төлөнүшүн жана капиталдын толукталышын камсыз кылуу үчүн жетишсиз пайда көлөмүндө иш алып барса.

**«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлүнө алынган банк эмес финансы-кредит уюмдарына жана башка юридикалык жактарга карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобого карата 2-тиркеме**

Банк эмес финансы-кредит уюмунун финансылык абалын чыңдоо планына карата

**ТАЛАПТАР**

Банк эмес финансы-кредит уюмунун финансылык абалын чыңдоо планына карата минималдуу талаптар

**I бөлүк. Банк эмес финансы-кредит уюмунда орун алган жагдайга баа берүү**

1. Жалпы маалымат;

2. Банк эмес финансы-кредит уюмунун финансылык абалына баа берүү жана ал боюнча кеңири маалымат;

3. Банк эмес финансы-кредит уюмунда кризистик башкаруу системасы. Ишке тартылган жооптуу түзүмдүк бөлүмдөр;

4. Банк эмес финансы-кредит уюмунун ишине таандык тобокелдиктерди аныктоо, өлчөө, контролдоо жана аларга мониторинг жүргүзүү боюнча аналитикалык жана практикалык мамилелер;

5. Тобокелдиктердин көбөйүүсүн алдын алуу үчүн колдонулуучу инструменттер.

**II бөлүк. Иш-чаралар планынын мазмунуна карата минималдуу талаптар жана аны сунуштоо тартиби**

1. Банк эмес финансы-кредит уюму тарабынан аныкталган иш-чаралар планын ишке ашыруунун жалпы мөөнөтү банк эмес финансы-кредит уюмунда орун алган айкын жагдайды жана сунушталган чаралардын мүнөзүн эске алуу менен негизделүүгө тийиш.

2. Иш-чаралар планында төмөнкүлөрдү кошо алганда, финансылык абалын чыңдоо жол-жоболору аяктаган күнгө аны аткаруунун болжолдуу натыйжасы тууралуу маалыматтар камтылууга тийиш:

− финансылык абалын чыңдоо чараларын жүзөгө ашыруунун бүтүндөй мезгил ичинде отчеттук күндөр боюнча бөлүштүрүү менен Улуттук банктын милдеттүү экономикалык ченемдеринин жана талаптарынын маанисин;

− финансылык абалын чыңдоо боюнча иш-чараларын жүзөгө ашыруунун бүтүндөй мезгил ичинде отчеттук күндөр боюнча бөлүштүрүү менен өздүк каражаттардын (капиталдын) өлчөмүнүн өзгөрүү динамикасын;

− өздүк каражаттардын (капиталдын) жетиштүүлүк деңгээлин жана учурдагы ликвиддүүлүктү калыбына келтирүү мөөнөттөрүн;

− кредит портфелинин сапатынын айкын көрсөткүчтөрүн аныктоо менен кредит портфелинин сапатын жакшыртуу боюнча мөөнөттөрүн (классификацияланган кредиттердин деңгээли, РППУ) жана башкалар.

3. Банк эмес финансы-кредит уюму иш-чаралар планынын ар бир пунктун баскыч боюнча жүзөгө ашырылышын ар бир баскычты аткаруунун календарлык мөөнөттөрүн көрсөтүү менен кароого укуктуу.

4. Финансылык абалын чыңдоо боюнча бардык чараларды (же көпчүлүк бөлүгүнүн) ишке ашыруудан болжолдонуучу натыйжа аларды аяктаган күндөн кийин банк эмес финансы-кредит уюмунун туруктуу ишинин келечегин мүнөздөгөн көрсөткүч болуп саналат.

Банк эмес финансы-кредит уюмунун финансылык абалын чыңдоо боюнча сунушталган иш-чаралар планы төмөнкүлөрдү милдеттүү түрдө камтууга тийиш: иш-чараларды толук аткаруу мөөнөттөрү, жүзөгө ашыруунун ар бир баскычында жооптуу аткаруучуларды, аткаруу индикаторлорун көрсөтүү, ошондой эле банк эмес финансы-кредит уюму тарабынан иш-чаралар планынын аткарылышын контролдоо боюнча көрүлүүчү чаралар. Банк эмес финансы-кредит уюмунун иш-чаралар планында зарыл болгон шартта акционерлердин (катышуучулардын) жана үчүнчү жактардын банк эмес финансы-кредит уюмунун финансылык абалын чыңдоого катышуу ыкмалары жана шарттарын; чыгашаларды кыскартуу боюнча иш-чаралар каралууга тийиш.

5. Иш-чаралар планына банк эмес финансы-кредит уюмунун жетекчиси жана башкы бухгалтери кол коюп, ошондой эле

банк эмес финансы-кредит уюмунун байкоо органы (эгерде мындай орган бар болсо) аны бекитүүгө тийиш.

6. Тиркемелерди кошо алганда, иш-чаралар планынын бардык барактарына номерлер коюлуп, көктөлүп жана банк эмес финансы-кредит уюмунун мөөрү менен бекитилүүгө тийиш.

7. Банк эмес финансы-кредит уюму иш-чаралар планын иштеп чыгуу үчүн аудитордук уюмду (жеке аудиторду) ишке тартууга укуктуу.

Эгерде аудитордук уюм (жеке аудитор) банк эмес финансы-кредит уюм тарабынан иш-чаралар планын иштеп чыгууга тартылган болсо, Улуттук банкка сунушталган документтер курамына ички жылдык аудитордук текшерүү боюнча аудитордук корутундуну киргизүү зарыл, анын жыйынтык бөлүгүндө аудитордук уюмдун (жеке аудитордун) финансылык абалына баа берүүдө жана (же) финансылык абалын чыңдоо чараларын иштеп чыгууга катышуу деңгээли, ошондой эле финансылык абалын чыңдоо боюнча иштелип чыккан чараларды эске алуу менен аудитордук уюмдун (жеке аудитордун) банк эмес финансы-кредит уюмунун иш келечектери тууралуу пикири чагылдырылат.

8. Кемчиликтер аныкталган жана иш-чаралар планын жеткире иштеп чыгуу жөнүндө талап жөнөтүлгөн учурда, банк эмес финансы-кредит уюму жеткире иштелип чыккан иш-чаралар планын көрсөтүлгөн талапты алган күндөн тартып 14 календарлык күндөн кечиктирбестен Улуттук банкка берүүгө тийиш.

9. Зарыл болгон шартта, Улуттук банк иш-чаралар планын реалдуу катары таануу үчүн зарыл болгон кошумча маалыматты аны сунуштоо мөөнөтүн белгилөө менен банк эмес финансы-кредит уюмунан талап кылууга укуктуу.

10. Банк эмес финансы-кредит уюму иш-чаралар планынын толук көлөмдө жана белгиленген мөөнөттө аткарылышын камсыз кылууга милдеттүү.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2020-жылдын 23-декабрындагы**
**№ 2020-П-33/73–13-(НФКУ)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлүнө алынган банк эмес финансы-кредит уюмдарына жана башка юридикалык жактарга карата таасир этүү чараларын колдонуу маселелери боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» мыйзамынын 20 жана 68-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна өзгөртүүлөр (кошо тиркелет) киргизилсин:

− 2005-жылдын 19-мартындагы № 6/2 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети жөнүндөгү» жобону бекитүү тууралуу»;

− 2008-жылдын 28-майындагы № 22/4 «Тике банктык көзөмөл жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

− 2014-жылдын 30-майындагы № 24/8 «Микрокаржылоо компаниялары тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу»;

− 2014-жылдын 30-майындагы № 24/9 «Кредиттик союздар тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу»;

− 2016-жылдын 16-мартындагы № 12/4 «Адистештирилген финансы мекемелеринин ишин жөнгө салуу эрежелерин бекитүү жөнүндө»;

− 2016-жылдын 28-сентябрындагы № 40/5 «Кыргыз Республикасынын аймагында насыялык бюролордун ишин жөнгө салуу эрежелерин» бекитүү тууралуу»;

− 2017-жылдын 8-июнундагы № 2017-П-12/23–8-(НПА) «Убактылуу администрация жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

− 2017-жылдын 15-июнундагы № 2017-П-12/25–4-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банктарга жана айрым башка финансы-кредит уюмдарына карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобо тууралуу»;

− 2019-жылдын 9-сентябрындагы № 2019-П-33/47–3-(НФКУ) «Кепилдик фонддордун ишин жөнгө салуу эрежелерин бекитүү тууралуу»;

− 2019-жылдын 1-ноябрындагы № 2019-П-33/55–2-(НФКУ) «Турак жай-сактык кредиттик компаниялардын ишин жөнгө салуу эрежелерин бекитүү жөнүндө».

2. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

4. Банк эмес финансы-кредит уюмдарын көзөмөлдөө башкармалыгы ушул токтом менен микрофинансы уюмдарын, кредиттик союздарды, «Кредиттик союздардын каржы компаниясы» ачык акционердик коомун, кепилдик фонддорду, кредиттик бюролорду, турак жай-сактык кредиттик компанияларды тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышын контролдоо Банк эмес финансы-кредит уюмдарын көзөмөлдөө башкармалыгынын ишин тескөөгө алган

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 23-декабрындагы № 2020-П-33/73–13-(НФКУ) токтомуна карата тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлүнө алынган банк эмес финансы-кредит уюмдарына жана башка юридикалык жактарга карата таасир этүү чараларын колдонуу маселелери боюнча өзгөртүүлөр

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 19-мартындагы № 6/2 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети жөнүндө» жобонун:

− 1.1-пунктунун биринчи абзацы төмөнкү төмөнкү редакцияда берилсин:

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети (мындан ары – Комитет) Улуттук банк Башкармасынын чечими менен түзүлөт. Комитет туруктуу иштеп турган коллегиалдуу орган болуп саналат, ага ушул Жобонун 2.1., 2.1–1 жана 2.2-пункттарына ылайык коммерциялык банктардын, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкынын (мындан ары – банктар), банктык эмес финансы-кредит уюмдарынын: микрофинансылык уюмдардын, кредиттик союздардын, турак жай-сактык кредиттик компанияларынын, кепилдик фонддордун, насыялык бюролордун, адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын (мындан ары – БФКУ) ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдүккө алуу жагында компетенциясына кирген маселелер боюнча чечим кабыл алууга Улуттук банк Башкармасы тарабынан ыйгарым укук берилген.»;

− 2.1-пунктунун «г» пунктчасындагы «МФК» деген аббревиатура ««БФКУ» деген аббревиатурага алмаштырылсын;

− 2.2-пунктунун «в» пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«в) банк/БФКУ ишин, банктын/БФКУнун кызмат адамдарынын иш-аракетин/аракеттенбей коюусун Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан сунушталган маалыматтардын негизинде алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйба катары таануу, ошондой эле Комитеттин компетенциясынын чегинде алардын иш-аракети (аракеттенбей коюусу) алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйба катары каралган банкка/БФКУга, анын акционерлерине (катышуучуларына), банктын/БФКУнун кызмат адамдарына карата тиешелүү таасир этүү чараларын колдонуу;».

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын 28-майындагы № 22/4 «Тике банктык көзөмөл жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Тике банктык көзөмөл» жөнүндө жобонун:

− 1.2-пунктундагы «Кредиттик союздардын финансы компаниясы»» ААКсы (мындан ары – Финансы компаниясы)» деген сөздөрдөн кийин «, насыялык бюролорго, кепилдик фонддорго, жеке адамдардан жана юридикалык жактардан мөөнөттүү депозиттерди тартуу укугуна ээ болгон микрофинансылык компанияларга» деген сөздөр менен толукталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 30-майындагы № 24/8 «Микрокаржылоо компаниялары тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Микрокаржылоо компаниялары тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө» нускоонун:

− 18-пунктунун биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«18. МКК ачык валюта позицияларына белгиленген лимиттерди бузууга жол берген шартта Улуттук банк, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын токтому менен бекитилүүчү «Кыргыз

Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлүнө алынган банк эмес финансы-кредит уюмдарына жана башка юридикалык жактарга карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобого ылайык, ачык валюта позициясынын лимитинен ашкан сумманын 5 (беш) пайызынан, бирок МКК активдеринин баланстык наркынын 10 (он) пайызынан ашпаган өлчөмдө, МККдан акчалай айыптык төлөм өндүрүү түрүндө таасир этүү чараларын колдонот.».

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 30-майындагы № 24/9 «Кредиттик союздар тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кредиттик союздар тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө» нускоонун:

− 17-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«17. Кредиттик союздар ачык валюта позицияларына белгиленген лимиттерди бузууга жол берген шартта, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын токтому менен бекитилүүчү «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлүнө алынган банк эмес финансы-кредит уюмдарына жана башка юридикалык жактарга карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобого ылайык, Улуттук банк ачык валюта позициясынын лимитинен ашкан сумманын 5 (беш) пайызынан, бирок кредиттик союздун активдеринин баланстык наркынын 10 (он) пайызынан ашпаган өлчөмдө, кредиттик союздан акчалай айыптык төлөм өндүрүү түрүндө таасир этүү чараларын колдонот.».

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 16-мартындагы № 12/4 «Адистештирилген финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салуу эрежелерин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Адистештирилген финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салуу эрежелеринин:

− 30–38-пункттары күчүн жоготкон катары таанылсын.

6. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 28-сентябрындагы № 40/5 «Кыргыз Республикасынын

аймагында насыялык бюролордун ишин жөнгө салуу эрежелерин» бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында насыялык бюролордун ишин жөнгө салуу эрежелеринин:

− 71–78-пункттары күчүн жоготкон катары таанылсын.

7. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 8-июнундагы № 2017-П-12/23–8-(НПА) «Убактылуу администрация жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Убактылуу администрация жөнүндө» жобонун:

− 1-пунктунун биринчи абзацындагы «турак жай-сактык кредиттик компанияларды,» деген сөздөрдөн кийин «насыялык бюролорду» деген сөздөр менен толуктелсын.

8. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 15-июнундагы № 2017-П-12/25–4-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банктарга жана айрым башка финансы-кредит уюмдарына карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобо тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

− токтомдун аталышындагы «жана айрым башка финансы-кредит уюмдарына» деген сөздөр алынып салынсын;

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банктарга жана айрым башка финансы-кредит уюмдарына карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобонун:

− Жобонун аталышындагы «жана айрым башка финансы-кредит уюмдарына» деген сөздөр алынып салынсын;

− 1-главасынын биринчи абзацындагы «, адистештирилген финансы-кредит мекемелерине/уюмдарына, «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКсына» жана «кепилдик фонддорго» деген сөздөр алынып салынсын.

9. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 9-сентябрындагы № 2019-П-33/47–3-(НФКУ) «Кепилдик

фонддордун ишин жөнгө салуу эрежелерин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кепилдик фонддордун ишин жөнгө салуу эрежелеринин:

− 64-пунктунун биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«64. Улуттук банктын кепилдик фонддорго карата таасир этүү чараларын колдонуу негизи, учуру жана тартиби, ошондой эле алардын ишин алгылыксыз жана кооптуу иш катары таануу белгилерин аныктоо жана мындай ишке кепилдик фондунун жана анын кызмат адамдарынын катышын аныктоо тартиби Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын токтому менен бекитилүүчү «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлүнө алынган банк эмес финансы-кредит уюмдарына жана башка юридикалык жактарга карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобого ылайык жүзөгө ашырылат.».

10. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 1-ноябрындагы № 2019-П-33/55–2-(НФКУ) «Турак жай-сактык кредиттик компаниялардын ишин жөнгө салуу эрежелерин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Турак жай-сактык кредиттик компаниялардын ишин жөнгө салуу эрежелеринин:

− 101-пунктунун экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Улуттук банк тарабынан ТСККга карата таасир этүү чараларын колдонуу негизи, учуру жана тартиби, ошондой эле ТСККнын алгылыксыз жана кооптуу иш тажрыйбасын белгилөө жана ага ТСККнын жана анын кызмат адамдарынын катышын аныктоо тартиби Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын токтому менен бекитилүүчү «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлүнө алынган банк эмес финансы-кредит уюмдарына жана башка юридикалык жактарга карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жободо белгиленген.».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2020-жылдын 23-декабрындагы**
**№ 2020-П-14/73–17-(ПС)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы № 51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» Мыйзамынын 20 жана 68-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы № 51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин (кошо тиркелет).

2. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Төлөм системалары башкармалыгы ушул токтомду белгиленген тартипте андан ары мамлекеттик каттоодон өткөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетине жөнөтсүн.

4. Токтом 2021-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

5. Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы, Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы Улуттук банктын Башкы китебиндеги, Пакеттик клиринг системасындагы жана Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасындагы төлөм коддорунун маалымдамасына зарыл өзгөртүүлөрдү киргизишсин.

6. Төлөм системалары башкармалыгы ушул токтом менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигин, коммерциялык банктарын тааныштырсын.

7. Токтомдун аткарылышын контролдоо Төлөм системалары башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2020-жылдын 23-декабрындагы**
**№ 2020-П-14/73–17-(ПС)**
**токтомуна карата тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы № 51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы № 51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторунун:

− таблицадагы «Мамлекеттик бюджетке киреше боюнча төлөмдөр» деген бөлүктө

11120000 «Атайын режимдер боюнча салыктар» чакан тобу төмөнкү редакцияда берилсин:

«

| **11120000** | **Атайын режимдер боюнча салыктар** |
|---|---|
| 11121000 | Бирдиктүү салык боюнча түшүүлөр |
| 11121100 | Чакан ишкердик субъекттери үчүн бирдиктүү салык |
| 11122000 | Патенттин негизинде салык |
| 11122100 | Милдеттүү патенттин негизинде салык |
| 11122200 | Ыктыярдуу патенттин негизинде салык |
| 11123000 | Салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы боюнча салык |
| 11123100 | Чекене сатуудан салык алуунун негизинде салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы боюнча салык |
| 11124000 | Майнингге салыгы |
| 11124100 | Майнингге салыгы |

«;

11420000 «Акциз салыгы» чакан тобу төмөнкү редакцияда берилсин:

«

| | |
|---|---|
| **11420000** | **Акциз салыгы** |
| 11421000 | Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлүүчү же сатылып өткөрүлүүчү товарларга акциз салыгы |
| 11421100 | Алкоголдук продукция |
| 11421110 | Этил спирти |
| 11421120 | Арак жана ликер-арак ичимдиктери, алкоголу аз ичимдиктер |
| 11421130 | Күчтүү суусундуктар, күчтүү ширелер жана бальзамдар |
| 11421140 | Шараптар |
| 11421150 | Коньяктар |
| 11421160 | Шампан шарабын кошкондо атылуучу шарап |
| 11421170 | Идишке куюлган пиво |
| 11421180 | Идишке куюлбаган пиво |
| 11421190 | Шарап материалдары |
| 11421200 | Тамеки буюмдары |
| 11421210 | Чыпкалуу тамеки чылымдары |
| 11421220 | Чыпкасыз тамеки чылымдары |
| 11421230 | Сигаралар жана сигариллалар |
| 11421240 | Түтүктүү тамеки, тарта турган, чайнай турган, соро турган, жыттай турган тамеки, кальян (тамеки продукциясын өндүрүү үчүн чийки зат катары колдонулган тамекини кошпогондо) |
| 11421250 | Ысытыла турган тамеки азыктары (ысытыла турган тамеки таякчасы, тамеки салынып ысытыла турган капсула ж.б.) |
| 11421260 | Электрондук тамекилерде колдонуу үчүн картридждердеги, сактагычтардагы жана башка контейнерлердеги никотин камтыган суюктук |
| 11421290 | Башка буюмдар |
| 11421300 | Мунай заттары |
| 11421310 | Бензин, жеңил жана орточо дистилляттар жана башка бензиндер |
| 11421320 | Реактивдүү отун |
| 11421330 | Дизель отуну, газойль, оор дистилляттар |
| 11421340 | Мазут |
| 11421350 | Май, майлоочу майлар, башка майлар жана газ конденсаты |
| 11421360 | Битум материалдарынан алынган чийки мунай жана чийки мунай заттары |
| 11421370 | Мунай заттары менен бирдей максаттарда колдонулуучу, коргошун бирикмелеринин негизиндеги башка антидетонаторлор |
| 11421380 | Битум сыяктуу тектерден алынган мунай же мунай заттарын камтыган майлоочу майларга кошулмалар |
| 11421390 | Башка мунай заттары (биоотун, экологиялык отун, жеңил дистилляттардын аралашмасы) |
| 11421400 | Башка акциздик товарлар |

| | |
|---|---|
| 11421410 | Алтын, платина же күмүштөн зер буюмдары |
| 11421490 | Башка акциздик товарлар |
| 11423000 | ЕАЭБге мүчө мамлекеттерден Кыргыз Республикасынын аймагына ташылып келинүүчү товарларга акциз салыгы |
| 11423100 | Алкоголдук продукция |
| 11423110 | Этил спирти |
| 11423120 | Арак жана ликер-арак ичимдиктери, алкоголу аз ичимдиктер |
| 11423130 | Күчтүү суусундуктар, күчтүү ширелер жана бальзамдар |
| 11423140 | Шараптар |
| 11423150 | Коньяктар |
| 11423160 | Шампан шарабын кошкондо атылуучу шарап |
| 11423170 | Идишке куюлган пиво |
| 11423180 | Идишке куюлбаган пиво |
| 11423190 | Шарап материалдары |
| 11423200 | Тамеки буюмдары |
| 11423210 | Чыпкалуу тамеки чылымдары |
| 11423220 | Чыпкасыз тамеки чылымдары |
| 11423230 | Сигаралар жана сигариллалар |
| 11423240 | Түтүктүү тамеки, тарта турган, чайнай турган, соро турган, жыттай турган тамеки, кальян (тамеки продукциясын өндүрүү үчүн чийки зат катары колдонулган тамекини кошпогондо) |
| 11423250 | Ысытыла турган тамеки азыктары (ысытыла турган тамеки таякчасы, тамеки салынып ысытыла турган капсула ж.б.) |
| 11423260 | Электрондук тамекилерде колдонуу үчүн картридждердеги, сактагычтардагы жана башка контейнерлердеги никотин камтыган суюктук |
| 11423290 | Башка буюмдар |
| 11423300 | Мунай заттары |
| 11423310 | Бензин, жеңил жана орточо дистилляттар жана башка бензиндер |
| 11423320 | Реактивдүү отун |
| 11423330 | Дизель отуну, газойль, оор дистилляттар |
| 11423340 | Мазут |
| 11423350 | Май, майлоочу майлар, башка майлар жана газ конденсаты |
| 11423360 | Битум материалдарынан алынган чийки мунай жана чийки мунай заттары |
| 11423370 | Мунай заттары менен бирдей максаттарда колдонулуучу, коргошун бирикмелеринин негизиндеги башка антидетонаторлор |
| 11423380 | Битум сыяктуу тектерден алынган мунай же мунай заттарын камтыган майлоочу майларга кошулмалар |
| 11423390 | Башка мунай заттар (биоотун, экологиялык отун, жеңил дистилляттардын аралашмасы) |

| | |
|---|---|
| 11423400 | Башка акциздик товарлар |
| 11423410 | Алтын, платина же күмүштөн зер буюмдары |
| 11423490 | Башка акциздик товарлар |
| 11424000 | Үчүнчү өлкөдөн Кыргыз Республикасынын аймагына ташылып келинүүчү товарларга акциз салыгы |
| 11424100 | Алкоголдук продукция |
| 11424110 | Этил спирти |
| 11424120 | Арак жана ликер-арак ичимдиктери, алкоголу аз ичимдиктер |
| 11424130 | Күчтүү суусундуктар, күчтүү ширелер жана бальзамдар |
| 11424140 | Шарап жана шарап материалдары |
| 11424150 | Коньяктар |
| 11424160 | Шампан шарабын кошкондо атылуучу шарап |
| 11424170 | Идишке куюлган пиво |
| 11424180 | Идишке куюлбаган пиво |
| 11424190 | Ликер-арак ичимдиктери |
| 11424200 | Тамеки буюмдары |
| 11424210 | Чыпкалуу тамеки чылымдары |
| 11424220 | Чыпкасыз тамеки чылымдары |
| 11424230 | Сигаралар жана сигариллалар |
| 11424240 | Түтүктүү тамеки, тарта турган, чайнай турган, соро турган, жыттай турган тамеки, кальян (тамеки продукциясын өндүрүү үчүн чийки зат катары колдонулган тамекини кошпогондо) |
| 11424250 | Ысытыла турган тамеки азыктары (ысытыла турган тамеки таякчасы, тамеки салынып ысытыла турган капсула ж.б.) |
| 11424260 | Электрондук тамекилерде колдонуу үчүн картридждердеги, сактагычтардагы жана башка контейнерлердеги никотин камтыган суюктук |
| 11424290 | Башка буюмдар |
| 11424300 | Мунай заттары |
| 11424310 | Бензин, жеңил жана орточо дистилляттар жана башка бензиндер |
| 11424320 | Реактивдүү отун |
| 11424330 | Дизель отуну, газойль, оор дистилляттар |
| 11424340 | Мазут |
| 11424350 | Май, майлоочу майлар, башка майлар жана газ конденсаты |
| 11424360 | Битум материалдарынан алынган чийки мунай жана чийки мунай заттары |
| 11424370 | Мунай заттары менен бирдей максаттарда колдонулуучу, коргошун бирикмелеринин негизиндеги башка антидетонаторлор |
| 11424380 | Битум сыяктуу тектерден алынган мунай же мунай заттарын камтыган майлоочу майларга кошулмалар |

| | |
|---|---|
| 11424390 | Башка мунай заттар (биоотун, экологиялык отун, жеңил дистилляттардын аралашмасы) |
| 11424400 | Башка акциздик товарлар |
| 11424410 | Башка акциздик товарлар |

«;

12110000 «Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрү» деген чакан тобу төмөнкү редакцияда берилсин:

«

| | |
|---|---|
| **12110000** | **Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрү** |
| 12111000 | Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрү |
| 12111110 | Пенсиялык фондго, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна камсыздандыруу төгүмдөрү |
| 12111120 | Полис боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү (Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунан тышкары) |
| 12111130 | Юридикалык жак болуп түзүлбөгөн дыйкан (фермер) чарбаларынын камсыздандыруу төгүмдөрү |
| 12111140 | Чакан жана орто ишкер субъектилерине камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө боюнча мөөнөтүн кийинкиге жылдыруудан/бөлүп төлөөдөн түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрү |
| 12111210 | Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондуна камсыздандыруу төгүмдөрү |
| 12111220 | Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду боюнча полис боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү |
| 12111230 | Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду боюнча чакан жана орто ишкер субъектилерине камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө боюнча мөөнөтүн кийинкиге жылдыруудан/бөлүп төлөөдөн түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрү |

«;

13330000 «Республикалык бюджеттен мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктери тарабынан алынган каражаттар» деген чакан тобу төмөнкү редакцияда берилсин:

«

| | |
|---|---|
| **13330000** | **Республикалык бюджеттен мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктери тарабынан алынган каражаттар** |
| 13331000 | Республикалык бюджеттен Социалдык фонддун бюджетине алынган каражаттар |
| 13331100 | Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын базалык бөлүгү |
| 13331210 | Бийик тоолуу шарттарда иштегендиги үчүн жеңилдетилген пенсиялар |

| | |
|---|---|
| 13331220 | Алыскы жана барууга кыйын райондордо иштегендиги үчүн жеңилдетилген пенсиялар |
| 13331230 | Көп балалуу энелерге жана бала кезинен майып балдардын энелерине жеңилдетилген пенсиялар |
| 13331300 | Калктын айрым категориялары боюнча пенсиялар |
| 13331400 | Аскер кызматкерлерине пенсиялар |
| 13331500 | Аскер кызматкерлери курман болгондо, майып болгондо мамлекеттик милдеттүү камсыздандыруу |
| 13331610 | Электр энергиясы үчүн пенсияларга компенсациялык төлөөлөр |
| 13331620 | Чернобыль АЭС авариясынын кесепеттерин жоюуга катышкандарга, эмгектен майып болгондорго компенсациялык төлөөлөр |
| 13331700 | Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын кабыл алуунун натыйжасында түзүлгөн Социалдык фонддун бюджетинин кошумча чыгашаларын же кирешелерин жоготууларды компенсациялоо |
| 13331800 | Пенсияларга үстөк акылар |
| 13332000 | Республикалык бюджеттен Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетине алынган каражаттар |
| 13332100 | Республикалык бюджеттен мамлекеттик базалык медициналык камсыздандырууга алынган каражаттар |
| 13332210 | Республикалык бюджеттен 16 жашка чейинки балдарды милдеттүү медициналык камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрүн компенсациялоо катары алынган каражаттар |
| 13332220 | Республикалык бюджеттен пенсионерлерди милдеттүү камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрүн компенсациялоо катары алынган каражаттар |
| 13332230 | Республикалык бюджеттен социалдык жөлөк пул алуучуларды жана бала кезинен майып адамдарды милдеттүү камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрүн компенсациялоо катары алынган каражаттар |
| 13332240 | Республикалык бюджеттен баштапкы кесиптик окуу жайларынын окуучуларын, орто жана жогорку кесиптик окуу жайларынын студенттерин алар 21 жашка чыкканга чейин милдеттүү камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрүн компенсациялоо катары алынган каражаттар |
| 13332250 | Республикалык бюджеттен калктын жумуш менен камсыз болуу боюнча мамлекеттик кызматында расмий катталган жумушсуз жарандарды милдеттүү камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрүн компенсациялоо катары алынган каражаттар |
| 13332260 | Республикалык бюджеттен мөөнөттүү кызмат өтөгөн аскер кызматкерлерин, офицерлерди, прапорщиктерди, мөөнөттөн тышкары кызмат өтөгөн аскер кызматкерлерин милдеттүү камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрүн компенсациялоо катары алынган каражаттар |

| | |
|---|---|
| 13332300 | Республикалык бюджеттен соттун чечимдерин аткаруу боюнча компенсацияларды төлөө үчүн алынган каражаттар |
| 13332900 | Республикалык бюджеттен алынган жана башка каражаттар |

«;

13340000 «ММКФнын камсыздандыруу төгүмдөрү» деген чакан тобу төмөнкү редакцияда берилсин:

«

| **13340000** | **ММКФнын камсыздандыруу төгүмдөрү** |
|---|---|
| 13341000 | Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төгүм төлөөчүлөр тарабынан милдеттүү медициналык камсыздандырууга төлөнүүчү төгүмдөр |
| 13341100 | Жумуш берүүчүлөр тарабынан төлөнүүчү милдеттүү медициналык камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрү |
| 13341200 | Жеке ишкерлер тарабынан төлөнүүчү милдеттүү медициналык камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрү |
| 13341300 | Юридикалык жакты түзбөстөн дыйкан (фермердик чарба) чарбалары тарабынан төлөнүүчү милдеттүү медициналык камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрү |
| 13341400 | Айыл чарба кооперативдери тарабынан төлөнүүчү милдеттүү медициналык камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрү |
| 13341900 | Негизги категорияларга кирбеген милдеттүү медициналык камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрү |

«;

14510000 «Башка салыктык эмес кирешелер» деген чакан тобу төмөнкү редакцияда берилсин:

«

| **14510000** | **Башка салыктык эмес кирешелер** |
|---|---|
| 14511000 | Башка салыктык эмес кирешелер |
| 14511110 | Мамлекеттин пайдасына айлантылган кирешелер |
| 14511120 | Экономикалык амнистия боюнча мамлекеттин пайдасына айлантылган кирешелер |
| 14511200 | Курстук пайда/чыгым |
| 14511400 | Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр |
| 14511900 | Башка салыктык эмес кирешелер |
| 14512000 | Пенсиялык топтомо каражаттарынын түшүүшү |
| 14512100 | МТПФга башкаруучу компаниялардан пенсиялык топтомо каражаттарынын түшүүшү |

«;

− Таблицадагы «Мамлекеттик бюджеттен чыгашалар боюнча төлөмдөр» деген бөлүктө

26310000 «Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине учурдагы гранттар» деген чакан тобу төмөнкү редакцияда берилсин:

«

| | |
|---|---|
| **26310000** | **Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине учурдагы гранттар** |
| 26311000 | Жергиликтүү бюджеттерге трансферттер |
| 26311100 | Теңдөөчү трансферттер |
| 26311200 | Максаттуу трансферттер |
| 26311300 | Жергиликтүү бюджеттин деңгээлдеринин ортосундагы максаттуу трансферттер |
| 26313000 | Социалдык фондго бөлүнгөн каражаттар |
| 26313100 | Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын базалык бөлүгү |
| 26313210 | Бийик тоолуу шарттарда иштегендиги үчүн жеңилдик берилген пенсиялар |
| 26313220 | Алыскы, барууга кыйын райондордо иштегендиги үчүн жеңилдик берилген пенсиялар |
| 26313230 | Көп балалуу энелерге жана тубаса майып балдардын энелерине жеңилдик берилген пенсиялар |
| 26313300 | Калктын айрым категорияларына пенсиялар |
| 26313400 | Аскер кызматкерлерине пенсиялар |
| 26313500 | Аскер кызматкерлери курман болгондо, майып болгондо милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу |
| 26313610 | Электр энергиясы үчүн пенсияларга компенсациялык төлөөлөр |
| 26313620 | Чернобыль АЭС авариясынын кесепеттерин жоюуга катышкандарга, эмгектен майып болгондорго компенсациялык төлөөлөр |
| 26313700 | Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын кабыл алуунун натыйжасында түзүлгөн Социалдык фонддун бюджетинин кошумча чыгашаларын же кирешелерин жоготууларды компенсациялоо |
| 26313800 | Пенсияларга үстөк акылар |
| 26314000 | Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондусуна бөлүнгөн каражаттар |
| 26314100 | Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондусуна бөлүнгөн каражаттар |
| 26315000 | Социалдык фондунун бюджетинен берилүүчү каражаттар |
| 26315100 | Социалдык фондунун бюджетинен Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондусуна берилүүчү каражаттар |
| 26315200 | Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун каражаттарын бөлүштүрүү боюнча ыйгарым укуктуу органга берилүүчү каражаттар |

| | |
|---|---|
| 26315300 | Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондуна берилүүчү каражаттар |
| 26316000 | Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинен берилүүчү каражаттар |
| 26316100 | Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинен берилүүчү каражаттар |

«;

27210000 «Калкка социалдык жардам боюнча жөлөк пул» деген чакан тобу төмөнкү редакцияда берилсин:

«

| | |
|---|---|
| **27210000** | **Калкка социалдык жардам боюнча жөлөк пул** |
| **27211000** | **Калкка социалдык жардам боюнча жөлөк пул** |
| 27211100 | Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жөлөк пул |
| 27211200 | Бала төрөлгөндө бир жолку жөлөк пул |
| 27211300 | Бала 3 жашка чыкканга чейин энеге жөлөк пул |
| 27211400 | Жумушсуздук боюнча жөлөк пул |
| 27211500 | Калкка социалдык төлөөлөр |
| 27211600 | Баккан адамынан айрылганына байланыштуу компенсациялык төлөөлөр |
| 27211700 | Өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал режими шартында илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө же медициналык жардам көрсөтүү учурунда эмгектик милдеттерин аткарып жатканда инфекция жуккандан улам каза болгон саламаттык сактоо уюмдарынын медицина жана башка кызматкерлеринин үй-бүлөлөрүнө бир жолку төлөмдөрдү жана компенсацияларды төлөө |
| 27212000 | Башка социалдык жөлөк пулдар жана төлөөлөр |
| 27212100 | Убактылуу эмгекке жарамсыздык боюнча жөлөк пул |
| 27212200 | Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөк пул |
| 27212300 | Сөөк коюуга жөлөк пул төлөө |
| 27212400 | Убактылуу турак жайды жалдоо үчүн аскер кызматкерлерине компенсациялык төлөөлөр |
| 27213000 | Жеңилдиктердин ордуна компенсациялар жана калкка жеңилдиктер |
| 27213100 | Жеңилдиктердин ордуна компенсациялар жана калкка жеңилдиктер |
| 27214000 | Калктын ишке орношуусуна көмөк көрсөтүү боюнча башка чыгашалар |
| 27214100 | Кесиптик окутууга чыгашалар |
| 27214200 | Коомдук иштерди уюштурууга чыгашалар |
| 27214300 | Микрокредиттөөгө чыгашалар |
| 27214400 | Жумуш орунуна чек |
| 27215000 | Ден соолукту чыңдоо иш-чараларына чыгашалар |
| 27215100 | Кызматкерлердин жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн ден соолугун чыңдоо иш-чараларына чыгашалар |

| | |
|---|---|
| 27215200 | Ар дайым багууга жана көзөмөлгө муктаж болгон, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балага жеке ассистентке чыгашалар |
| 27216000 | Жаратылыш кырсыктарынан жабыркаган калкка кайтарымсыз жардам |
| 27216100 | Жаратылыш кырсыктардан жабыркаган калкка кайтарымсыз жардам |

«;

– таблицанын «Активдер жана милдеттенмелер» деген бөлүгү:

«31211120 Дан өсүмдүктөрүн сатуу» деген саптан кийин төмөнкү мазмундагы сап менен толукталсын:

«

| | |
|---|---|
| 31211130 | Дары-дармектерди сатуу |

«;

– «31211220 Дан өсүмдүктөрүнүн запастарын сатып алуу» деген саптан кийин төмөнкү мазмундагы сап менен толукталсын:

«

| | |
|---|---|
| 31211230 | Дары-дармектердин запасын сатып алуу |

«;

– Б тиркемесинде (маалымат катары):

Кирешелердин классификациясын, Чыгашалардын экономикалык классификациясын жана Активдер жана милдеттенмелер менен операциялардын классификациясын колдонуунун тартиби жөнүндө көрсөтмөлөрдүн «II. Кирешелердин классификациясы» бөлүгү төмөнкү редакцияда берилсин:

«

## II. Кирешелердин классификациясы

Кыргыз Республикасынын бюджет кирешелеринин классификациясы Кыргыз Республикасынын бюджет системасынын бардык бюджет деңгээлиндеги киреше булактарынын тобу болуп саналат жана ал бюджет системасынын бардык бюджет деңгээлиндеги киреше алуу булактары аныкталган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана башка актыларына негизденет.

Кыргыз Республикасынын бюджет кирешелеринин классификациясы өзүндө киреше категорияларынын, топторунун, чакан топторунун, статьяларынын, кичи статьяларынын жана элементтеринин кодун камтыйт.

Кыргыз Республикасынын бюджет кирешелеринин классификациясынын сегиз орундуу кодунун түзүмү төмөнкү түрдө көрсөтүлгөн:

Кирешелер классификациясы

| Категория | Топ | Чакан топ | Статья | Кичи статья | Элемент |
|---|---|---|---|---|---|
| xx | xxx | xxxx | xxxxx | xxxxxx | xxxxxxxx |
| 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 8 |

«Кирешелер» бөлүгүндө кирешелердин төмөнкү категориялары камтылат:

11 – салыктык кирешелер;

12 – социалдык муктаждыкка төгүмдөр/чегерүүлөр;

13 – алынган расмий трансферттер;

14 – салыктык эмес кирешелер.

Кирешелердин ар бир категориясы кирешелер тобунан турат. Кирешелер кодунун чакан топторун андан ары такташтыруу тиешелүү статьялар жана кичи статьялар боюнча жүргүзүлөт.

Элементтин коду эки белгиден турат жана ал акциздик товарлар, казылып алынган пайдалуу кендер жана казылып алынган пайдалуу кендерден, жер алдындагы суулардан алынган товардык продукциялар, ошондой эле жаратылыш ресурстарын пайдалануу үчүн ижара төлөмү топторунун кодун түшүндүрөт.

Акциздик товарлар топтору боюнча элементтер коду Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн жана Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келинген товарлардан түшкөн акциздик салыкты (1142) эсептөөдө колдонулат.

Казылып алынган пайдалуу кендер жана казылып алынган пайдалуу кендерден, жер алдындагы суулардан алынган товардык продукциялар топтору боюнча элементтер коду жер алдындагы кендерди пайдалануудан түшкөн салыкты (1146) эсептөөдө колдонулат.

Калктуу пункттарда, жайыттарда, айыл четиндеги талаада, кеңири пайдаланылуучу аймактардагы жайыттарда жана жайлоолордо ижарага берилген жерлердин топтору боюнча элементтердин коду

жаратылыш ресурстарын пайдалануудан түшкөн ижара төлөмүн эсептөөдө колдонулат (14152).

«Салыктык кирешелер» категориясы (11)

Салыктар классификациясынын схемасы салык салуу объекти аркылуу аныкталат. Бул классификациялоо категориясында төмөнкү киреше топторунун түшүүсү каралат:

111 – киреше салыгы жана пайда;

113 – менчикке салык;

114 – товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө салык;

115 – эл аралык соода жүргүзүүгө жана тышкы операцияларга салык;

116 – башка салыктар жана жыйымдар.

Салык жана бажы мыйзамдарынын колдонулуп жаткан ченемдерин бузгандыгы үчүн жана белгилүү бир салыкка байланыштуу айыптык төлөмдөр, туумдар жана санкциялар ошол салык менен бирге эсепте көрсөтүлөт.

Кыргыз Республикасынын «Бузуулар жөнүндө» кодексине ылайык белгиленген айыптар «Салыктык эмес кирешелер» деген 14-категорияда «Айыптык төлөмдөр» элементинде (14311110) эсепке алынат.

«Киреше салыгы жана пайда» тобу (111) өзүндө эки чакан топту камтыйт:

1111 Киреше салыгы жана пайда

1112 Атайын режимдер боюнча салык.

1111 Киреше салыгы жана пайда чакан тобунун 11111 Кыргыз Республикасынын резиденти – жеке адамдардан киреше салыгы статьясында төмөнкү түшүүлөр эсепке алынат:

жумуш берүүчү (уюм, ишкана, мекеме) жалданган жумушчунун кирешесинен которуучу киреше салыгы; бул учурда жумуш берүүчү салык агенти болуп саналат – салыкты кармап, бюджетке чегерет (11111100);

салык төлөөчү – жеке адамдар кирешесин жана мүлкүн декларациялоодо календардык жылдын жыйынтыгы боюнча төлөнгөн бирдиктүү салык декларациясы боюнча киреше салыгы (11111200);

11112 Кыргыз Республикасынын резидент эмес жактарынын кирешесинен салык статьясында Кыргыз Республикасынын резидент эмес жеке адамдарынын жана юридикалык жактарынын дивиденд жана пайыздар, камсыздандыруу төлөмдөрү, аткарылган иштер жана сунушталган кызмат көрсөтүүлөр боюнча автордук гонорарлар жана резидент эмес жактардын Кыргыз Республикасындагы булактардан алынган башка кирешелери түрүндө алынган киреше салыктары эсепке алынат.

11113 Пайда салыгында юридикалык жактардын жана жеке ишкерлердин пайдасынан салык алуунун жалпы шарттарына ылайык түшкөн пайда салыгы (11113100), ошондой эле пайыздар салыгы (11113200) эсепке алынат.

Атайын салык режими боюнча алынуучу салыктарды эсепте көрсөтүү үчүн «Атайын режимдер боюнча салык» 1112 чакан тобунун коддору колдонулат. Ушул чакан топто төмөнкүдөй статьялар колдонулат: бирдиктүү салык боюнча түшүүлөр (11121), патенттин негизинде салык (11122), салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы боюнча салык (11123), майнингге салык (11124).

11121 Бирдиктүү салык боюнча түшүүлөр

11121100 Чакан ишкердиктин субъекттери үчүн бирдиктүү салык

11122 Патенттин негизинде салык «Милдеттүү патенттин негизинде салык» (11122100) жана «Ыктыярдуу патенттин негизинде салык» (11122200) элементтеринен турат. 11122 Патенттин негизиндеги салык милдеттүү жана ыктыярдуу патенттерден турат.

11122100 Милдеттүү патенттин негизиндеги салык

11122200 Ыктыярдуу патенттин негизиндеги салык

11123 Салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы боюнча салык

11123100 Чекене сатуудан салык алуунун негизинде салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы боюнча салык

11124 Майнингге салык

11124100 Майнингге салык

1113 «Категориялар боюнча бөлүштүрүлбөй турган салыктар» өзүндө «Кумтөрдөн түшкөн дүң кирешеден алынуучу салык» (11131) статьясын, «Кумтөрдөн түшкөн дүң кирешеден алынуучу салык»

(11131100) элементин камтыйт, анда «Кумтор ГОЛД Компании» ЖАКтан түшкөн салыктар эсепке алынат.

«Менчикке салык» тобу (113) өзүндө эки чакан топту камтыйт:

1131 «Мүлк салыгы»

1132 «Жер салыгы»

1131 «Мүлк салыгы» чакан тобу «Кыймылсыз мүлк салыгы» (11311) жана «Кыймылдуу мүлк салыгы» (11312) статьяларына бөлүнөт.

«Кыймылсыз мүлк салыгы» (11311) статьясы төмөнкү элементтерден турат:

Ишкердик ишин жүргүзүү үчүн колдонулбаган кыймылсыз мүлк салыгы (11311100) жана Ишкердик ишин жүргүзүү үчүн 2 жана 3-топтордо (11311200, 11311300) колдонулган кыймылсыз мүлк салыгы (11311200).

«Кыймылдуу мүлк салыгы» (11312) статьясы төмөнкү элементтерден турат: Юридикалык жактардын транспорттук каражаттарына салык (11312100) жана жеке адамдардын транспорттук каражаттарына салык (11312200).

1132 «Жер салыгы» статьясы төмөнкү элементтерге бөлүнөт: короо жай жана бак тигилген жер участкаларын пайдалануу үчүн жер салыгы (11321100), айыл чарба жерлерин пайдалануу үчүн жер салыгы (11321200) жана калктуу конуштардын жерлерин жана айыл чарба багытына каралбаган жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгы (11321300).

«Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө салык» тобу (114) өзүндө үч чакан топту камтыйт:

1141 «Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө жалпы салык»

1142 «Акциз салыгы»

1146 «Жер казынасын пайдалануу үчүн салык»

1141 «Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө жалпы салык» чакан тобу төмөнкүдөй статьяларга бөлүнөт:

11411 Кошумчаланган нарк салыгы, мында Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө кошумчаланган нарк салыгынын түшүүсү (11411100), Кыргыз Республикасынын аймагына ЕАЭБге мүчө мамлекеттерден

алынып келинген товарларга кошумчаланган нарк салыгынын түшүүсү (11411300) жана Кыргыз Республикасынын аймагына үчүнчү өлкөлөрдөн алынып келинген товарларга кошумчаланган нарк салыгынын түшүүсү (11411400) эсепке алынат.

11412 Сатуудан салык, мында товарларды сатып өткөрүүдө, иштерди аткарууда жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодо юридикалык жактар жана жеке ишкерлер тарабынан төлөнүүчү салык эсепке алынат. Эсепке алуу үчүн 11412100 элементи колдонулат.

1142 «Акциз салыгы» чакан тобунда Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн акциздик товарлар боюнча түшүүлөр (11421), Кыргыз Республикасынын аймагына ЕАЭБге мүчө мамлекеттерден алынып келинген товарларга акциз салыгы (11423), Кыргыз Республикасынын аймагына үчүнчү өлкөлөрдөн алынып келинген товарларга акциз салыгы (11424) боюнча түшүүлөр эсепке алынат. 11421490 жана 11423490 «Башка акциздик товарлар» элементтери акциздик товарлар боюнча акциз салыгына тиешелүү карыздык түшүүлөрдү эсепке алуу үчүн каралган, алар Кыргыз Республикасынын жаңы Салык кодексине ылайык алынып салынган, эгерде болгон болсо. 11423 статьясында Кыргыз Республикасынын аймагына ЕАЭБге мүчө мамлекеттерден алынып келинүүчү акциз элементтери боюнча эсеп жүргүзүлөт жана чагылдырылат. 11424 статьясында Кыргыз Республикасынын аймагына үчүнчү өлкөлөрдөн алынып келинген акциз элементтери боюнча эсеп жүргүзүлөт жана чагылдырылат.

1146 «Жер казынасын пайдалануу үчүн салык» чакан тобунда бонустардын (11461) жана роялтинин (11462) түшүүлөрү эсепке алынат. Бул чакан топто башка мамлекеттик башкаруу органынын жеке менчигинде турган пайдалуу кенди казып алууга, казылып алынуучу отундарды жана башка орду толтурулбоочу ресурстарды казып алууга салыктарды камтыйт.

«Эл аралык соода жана тышкы операциялар үчүн салыктар» тобу (115). Бул категорияда кошумча нарк салыгы жана акциз салыгынан тышкары, Бажы биримдигинин бажы аймагына товарларды алып кирүүдө алынуучу бажы төлөмдөрү камтылат.

1151 Бажы төлөмдөрү

11511 Ташылып келинген продукциядан бажы төлөмдөрү

11511200 ЕАЭБге кошулуу жөнүндө келишимге ылайык төлөнгөн жана эсепке алынган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдар – бул ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин эл аралык келишимдерине жана Кыргыз Республикасынын бажы ишине тиешелүү мыйзамына ылайык белгиленген, бажы органдары тарабынан алынуучу алым түрлөрү;

11511400 Алып кирүү үчүн ЕТТ чендери боюнча төлөнгөн жана ЕАЭБге кошулуу жөнүндө келишимге ылайык чегерилген бажы алымдары, бул элементте ЕАЭБге кошулгандан кийин алып кирүү үчүн бажы алымдарынан түшкөн акча каражаттардын эсеби жүргүзүлөт;

11511500 Бажы алымдарынын, салыктардын бирдиктүү чендери боюнча бажылык төлөм;

11511600 «Бажы алымдарынын, салыктардын бирдиктүү чендери боюнча бажылык төлөм».

Жогоруда көрсөтүлгөн коддорго жеке адамдар жеке колдонуу үчүн каралган товарларды жана транспорт каражаттарын бажы чек арасы аркылуу өткөрүүдө төлөгөн бажылык төлөмдөрү кирет.

11512 Ташылып чыгарылган продукциядан бажы төлөмдөрү.

11512100 Экспорттук бажы алымы (ташып чыгарууга бажы алымы) – товарларды экспорттоодо мамлекет тарабынан алынуучу бажы алымы;

11512200 Экспорттук мезгилдик бажы төлөмү – мында белгилүү бир мезгил аралыгында товарларды ташып чыгарууну ыкчам жөнгө салуу үчүн белгиленген ташып чыгаруу үчүн бажы алымы эсепке алынат.

11513 Бажылык жыйымдар – бул бажы органдары юридикалык жактардан жана жеке адамдардан бажы кызматтарын сунуштоо боюнча ар кандай иштерди аткаргандыгы үчүн алган акчалай төлөмдөр.

11513100 Чет элдик авто ташуучулардан жыйымдар, мында чет элдик авто ташуучулар атайын уруксаты жок жүктөрдү Кыргыз Республикасынын аймагынан үчүнчү мамлекеттердин аймагына же үчүнчү мамлекеттердин аймагынан Кыргыз Республикасынын аймагына ташуу үчүн төлөгөн жыйымдар эске алынат;

11513200 Бажылык тариздөө үчүн жыйым, мында бажы органдары тарабынан товарларды жана транспорттук каражаттарды декларациялоодо бажылык тариздөө жүргүзүү үчүн алынуучу жыйымдар эске алынат.

11514 Башка бажылык жыйымдар жана төлөмдөр.

11514100 Башка бажылык жыйымдар жана төлөмдөр.

11515 Аларды ЕАЭБге мүчө башка мамлекеттердин эсебине чет өлкө валютасында которуулар токтотулган, ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары – казыналыктын эсебине түшкөн жана ЕАЭБге мүчө мамлекеттерге бөлүштүрүлгөн акча каражаттардын эсеби жүргүзүлөт, бирок аларды ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин эсебине которуу убактылуу токтотулган.

11515100 Казакстан Республикасынын эсебине чет өлкө валютасында которуулар токтотулган, ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары;

11515200 Беларусь Республикасынын эсебине чет өлкө валютасында которуулар токтотулган, ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары;

11515300 Россия Федерациясынын эсебине чет өлкө валютасында которуулар токтотулган, ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары;

11515400 Армян Республикасынын эсебине чет өлкө валютасында которуулар токтотулган, ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары.

11516 ЕАЭБге мүчө башка мамлекеттердин эсебине чет өлкө валютасында которулган, ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары:

11516100 Казакстан Республикасынын эсебине чет өлкө валютасында которулган, ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары;

11516200 Беларусь Республикасынын эсебине чет өлкө валютасында которулган, ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары;

11516300 Россия Федерациясынын эсебине чет өлкө валютасында которулган, ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары;

11516400 Армян Республикасынын эсебине чет өлкө валютасында которулган, ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары;

11516500 Кыргыз Республикасынын эсебине чет өлкө валютасында которулган, ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары.

11517 Үчүнчү өлкөлөргө карата атайын коргоочу, демпингге каршы жана компенсациялык чараларды колдонуу жөнүндө протоколго ылайык чет өлкө валютасында эсепке которулган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдар:

11517100 Казакстан Республикасынын эсебине чет өлкө валютасында которулган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдар;

11517200 Беларусь Республикасынын эсебине чет өлкө валютасында которулган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдар;

11517300 Россия Федерациясынын эсебине чет өлкө валютасында которулган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдар;

11517400 Армян Республикасынын эсебине чет өлкө валютасында которулган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдар;

11517500 Кыргыз Республикасынын эсебине чет өлкө валютасында которулган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдар;

11516 жана 11517 деңгээлинде Кыргыз Республикасынын казыналыгынын эсебине түшкөн бажы алымдарын бөлүштүргөндөн кийин ЕАЭБге мүчө мамлекеттерге которулган акча каражаттардын эсеби жүргүзүлөт.

11518 Казыналыктын эсебине түшүүчү такталбаган суммалар:

11518100 Казыналыктын эсебине түшүүчү такталбаган суммалар:

1152 Ташып келүүлөргө бажы алымдары – ЕАЭБге мүчө мамлекеттер тарабынан бөлүштүрүлгөн жана Кыргыз Республикасына которулган бажы алымдары боюнча акча каражаттар эсепке алынат.

11521 ЕАЭБге кошулуу жөнүндө келишимге ылайык мүчө мамлекеттерден түшүүчү ташып келүүлөргө бажы алымдары:

11521100 Казакстан Республикасынан түшүүчү ташып келүүлөргө бажы алымдары;

11521200 Беларусь Республикасынан түшүүчү ташып келүүлөргө бажы алымдары;

11521300 Россия Федерациясынан түшүүчү ташып келүүлөргө бажы алымдары;

11521400 Армян Республикасынан түшүүчү ташып келүүлөргө бажы алымдары;

11522 Ташып келүүлөргө бажы алымдарын бөлүштүрүүдөн суммаларды которуу боюнча мүчө мамлекеттер тарабынан милдеттенмелерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн түшкөн пайыздар:

11522100 Ташып келүүлөргө бажы алымдарын бөлүштүрүүдөн суммаларды которуу боюнча Казакстан Республикасы тарабынан милдеттенмелерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн түшкөн пайыздар;

11522200 Ташып келүүлөргө бажы алымдарын бөлүштүрүүдөн суммаларды которуу боюнча Беларусь Республикасы тарабынан милдеттенмелерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн түшкөн пайыздар;

11522300 Ташып келүүлөргө бажы алымдарын бөлүштүрүүдөн суммаларды которуу боюнча Россия Федерациясы тарабынан милдеттенмелерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн түшкөн пайыздар;

11522400 Ташып келүүлөргө бажы алымдарын бөлүштүрүүдөн суммаларды которуу боюнча Армян Республикасы тарабынан милдеттенмелерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн түшкөн пайыздар.

11523 ЕАЭБдин бажы аймагында бажы аркылуу өтүүчү транзиттин жол-жоболоруна ылайык товарларды ташууда бажы органдарына берилүүчү бажы алымдарын, салыктарды төлөөнү камсыздоонун эсебинен өндүрүлүп алынган акча каражаты:

14511110 Мамлекеттин пайдасына айланган кирешелерге бюджетке келип түшкөн каражаттар кирет, алар кандайдыр бир башка категориянын курамына эске алынышы мүмкүн эмес, мында үзгүлтүксүз негизде болбогон же бир жолку төлөм түрүндө түшүүлөр мүнөзүнө ээ. Мындай төлөмдөр менен түшүүлөргө: кандайдыр бир себептер менен кайтарылган өткөн жылдардагы каражаттар, эл аралык долбоорлор жабылганда же дагы башка мекемелер жоюлганда пайдаланылбаган акча каражаттарынын калдыгы, металл сыныктарын жана макулатураны тапшыруудан каражат, «финансылык эмес жана финансылык активдерди сатуу» деңгээлине таандык болбогон жана ал боюнча эсепке алынбаган негизги фонддорду сатуудан түшүүлөр, ошондой эле мамлекеттик бюджеттин кирешеси катары квалификацияланбаган жана алардын түшкөн күнүнөн 2 ай өткөнчө талап кылынбаган каражаттар кирет.

14511120 Экономикалык амнистия боюнча мамлекеттин пайдасына айлантылган кирешелерге бюджетке кошумча акчалай түшүүлөрдүн булагы катары бюджетке түшкөн каражаттар кирет

– алар экономикалык кылмыштардан келтирилген зыяндын ордун толтуруудан, кандайдыр бир башка категориянын курамында эске алынбай турган, легализациялоодон кийин мурда жашырылган киреше боюнча келип түшүүлөрдөн турат, мында алар үзгүлтүктүү негизде келип түшүү мүнөзүнө ээ.

14511200 Бул деңгээлде чет өлкөлүк валютаны улуттук валютага конвертациялоодо келип чыккан пайда, б.а. Казыналыктын валюта эсептери боюнча операцияларды жүргүзүүдө жана аларды кийинки эсепке алууда, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк мекемелер тарабынан чет өлкө валюталарын конвертациялоодо келип чыккан курстук айырма эсепке алынат. Зыян тартуу учурунда төлөм суммасы «минус» белгиси менен эсепке алынат.

14511400 Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөрдөн акча каражаттарынын түшүүсү эсепке алынат. Төлөөчү болуп жеке адам же юридикалык жак саналат, ал пайдалуу кен казып алынуучу жердин жайгашкан орду боюнча областтардын, райондордун өнүктүрүү фондуларына жана тиешелүү жергиликтүү бюджеттерге чегерүүнү жүргүзүүчү каттоо ордуна карабастан, (көмүр, сымап, минералдуу жана термалдуу сууларды жана курулуш материалдары катары, анын ичинде курулуш материалдарын өндүрүүдө чийки зат катары пайдаланылуучу пайдалуу кендерди кошпогондо) пайдалуу кендерди казып алат

14511900 Башка салыктык эмес кирешелерде аларды башка категориялардын курамында классификациялоо үчүн жетиштүү маалымат болбогон кирешелер камтылат, ошондой эле бул деңгээлге алуучу тарабынан эки ай ичинде тактоолор жана түшүндүрүүлөр талап кылынган (аныкталбаган түшүүлөр) түшүүлөр кирет. Төлөм тиешелүүлүгү аныкталгандан кийин, каражаттар тиешелүү деңгээлде чагылдырылат

14512 Пенсиялык топтомо каражаттарынын түшүүсү

14512100 МТПФга башкаруучу компаниялардан пенсиялык топтомо каражаттарынын түшүшү. Камсыздандырылган адамдарга пенсиялык топтомо каражаттарын төлөө үчүн башкаруучу компаниялардан Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондуна түшкөн пенсиялык топтомо каражаттар эсепке алынат.»;

− Кирешелердин классификациясын, Чыгашалардын экономикалык классификациясын жана Активдер жана милдеттенмелер менен операциялардын классификациясын колдонуунун тартиби жөнүндө көрсөтмөлөрдүн III. «Чыгашалардын экономикалык классификациясы» бөлүгү төмөнкү редакцияда берилсин:

«

## III. Чыгашалардын экономикалык классификациясы

Чыгашалардын экономикалык классификациясы мамлекеттик башкаруу секторунда ишке ашырылуучу операциялардын экономикалык мазмунуна жараша бюджеттердин чыгашалар топтому болуп саналат.

Чыгашалардын экономикалык классификациясы өзүнө бөлүктөрдүн, категориялардын, топтордун, статьялардын, кичи статьялардын коддорун жана 8 белгиден турган чыгаша элементтерин камтыйт:

Чыгашалардын экономикалык классификациясы

| Бөлүм | Категория | Топ | Статья | Кичи статья | Элемент |
|---|---|---|---|---|---|
| X | XX | XXX | XXXX | XXXXX | XXXXXXX |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 8 |

бөлүк – 1 белги;

категория – 2 белги;

топ – 3 белги;

статья – 4 белги;

кичи статья – 5 белги;

элемент – 8 белги.

Министрликтер менен ведомстволордун бюджетинин аткарылышы 8 белгинин деңгээлинде жүргүзүлөт

«Чыгашалар» деп аталган 2-бөлүгү чыгашалардын төмөнкү категорияларын камтыйт:

21 Кызматкерлердин эмгегин төлөө

22 Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жана пайдалануу

24 Пайыздар

25 Субсидиялар

26 Гранттар жана төгүмдөр

27 Социалдык жөлөк пулдар жана төлөмдөр

28 Башка чыгашалар

Чыгашалардын ар бир категориясы тиешелүү статьялар, кичи статьялар жана чыгаша элементтери боюнча коддору так көрсөтүлгөн чыгаша топторунан турат.

21 Кызматкерлердин эмгек акысы

Кызматкерлердин эмгек акысы 21-категориясына – Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык мамлекеттик кызматчыга төлөнүүгө тийиш болгон эмгек акы боюнча чыгымдар киргизилет. Кызматкерлердин эмгек акысы өздүк каражаттар эсебинен капитал топтоого байланыштуу ишти эске албаганда (бул шарт кызматкерлердин эмгек акысынын башка чакан категорияларына да тиешелүү), отчеттук мезгилдин ичинде аткарылган иши үчүн акчалай түрдө мамлекеттик кызматчыга төлөнүп берилүүгө тийиш болгон толук акыны билдирет. Бул категорияга эмгек акы (211) жана кызматчылардын атынан социалдык камсыздандыруу программасына жумуш берүүчү төлөгөн социалдык керектөөлөргө төгүмдөр/чегерүүлөр (212) кирет.

Кызматкерлердин эмгек акысы кызматкер тиешелүү мезгилдин ичинде аткарган иши үчүн акчалай же натуралай алууга укугу бар, иштин аткарылышына жараша же ал аяктагандан кийин аванс түрүндө төлөнө турган акынын чоңдугу менен аныкталат.

Эмгек акы 211-тобу жумуш берүүчү тарабынан мамлекеттик кызматчыга төлөнгөн бардык төлөмдөрдү камтып турат, буга социалдык муктаждыктар үчүн төгүмдөр/чегерүүлөр (212) буга кирбейт. Ал акчалай формадагы төлөмдөрдү камтып турат. Аталган категорияга кызматкерлердин эмгек акысынан чыгарып салуу аркылуу төлөнүүчү социалдык муктаждыктарга төгүмдөр/чегерүүлөр да киргизилет.

Эмгек акыга кызматкер иш алуу же өз функцияларын аткаруу процессинде тарткан чыгымдар киргизилбейт. Мисалы, транспорттук чыгымдардын, көчүрүү акысынын ордун толтуруу же кызматчы

жаңы ишке алынганда тарткан чыгымдар эмгек акы катары эсептелбестен, товарларды жана кызматтарды пайдалануу (22) катары классификацияланат. Бул категорияга ошондой эле кызматкер тарабынан шайманга, камсыз кылууга, атайын кийимге же өзүнүн ишин аткаруу үчүн гана негизинен зарыл болгон атайын кийимге же башка нерсеге кеткен чыгымынын ордун толтуруу да кирбейт. Орду толтурулуучу суммалар товарларды жана кызматтарды пайдалануу (22) деп эсептелет.

Эмгек акыга ошондой эле жумуш берүүчүлөр тарабынан балдарга, жубайына, балалуу үй-бүлөлөргө, билим берүүгө жөлөк пулдар же багуусунда болгондорго башка жөлөк пулдар формасында төлөнгөн социалдык жөлөк пулдар да кирбейт; жумушка оорусуна, кырсыкка байланыштуу келбей калган же кош бойлуулук жана төрөгөндүгү боюнча өргүүдө болгон кызматкерлерге эмгек акынын толук же толук эмес ставкасы боюнча төлөп берүү эмгек акыга кирбейт.

2111-статья Эмгек акы, ушул категория кызматкерлерге алар тарабынан эсептен чыгарууларга, аларга салыктарды төлөөгө жана социалдык камсыздандыруу программасына төгүмдөрдү төккөнгө чейин, алар тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар үчүн акчалай формада төлөп берүүлөрдөн турат. Аталган категорияга базалык эмгек акы; мөөнөтүнөн ашык жана түнкүсүн иштегендиги үчүн кошумча акы, ошондой эле дем алыш күндөрү иштегендиги үчүн кошумча акы, жашоонун наркынын өзгөрүшүнө байланыштуу экспатриацияга байланыштуу кошумча төлөөлөр, жергиликтүү кошумчалар; сый акылар, «он үчүнчү эмгек акы» сыяктуу кошумча төлөмдөр; ишке келүү жана кайра кетүү үчүн төлөнүүчү каражаттар; расмий майрам күндөрү жана ар жылкы өргүүлөр; турак жай үчүн жөлөк пул, ал төмөндөгү кичи статьяларды камтыйт:

21111 Туруктуу кызматкерлердин эмгек акысы

21112 Убактылуу кызматкерлердин эмгек акысы

21111 Туруктуу кызматкерлердин эмгек акысы, төмөнкү элементтерди камтыйт:

21111100 Негизги эмгек акыга бюджеттик мекемелердин кызматкерлеринин негизги эмгек акысына төлөөлөр боюнча чыгымдар кирет.

21111200 Үстөк кошууларга квалификациялык разряд (аскердик наам, класстык чин, атайын класстык чин, атайын наам, дипломатиялык ранг); мамлекеттик жана башка кызматтардагы өзгөчө шарттар (зыяндуу жана коркунучтуу эмгек шарттарында; Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тизмеге ылайык ыңгайсыз климаттык оор шарттар); көп жылдык эмгек; окумуштуулук даража; окумуштуулук наам; чет тилди билүү; айдоочулардын класстуулугу; иштин кызыкчылыгын камсыз кылган жеке үстөк кошуулар үчүн эмгек акы төлөөлөр боюнча чыгымдар киргизилет.

21111300 Кошумча төлөөлөр жана компенсацияларга, сыйлык төлөө; материалдык жардам; жылдык иштин жыйынтыгы боюнча сыйлык берүү; автордук аткарууга жана коюуга сыйлык берүү жана кызыктыруу мүнөзүндөгү төлөөлөр; эгерде ооруп калса же жаракат алса (өндүрүштүк кокустуктардан жана кесиптик оорулардан сырткары) эгерде кызматчы өзү гана алган жаракатынан же ооруп калганда жумуш берүүчүнүн каражатынын эсебинен эмгекке жарамсыздыктын биринчи эки күнү үчүн жөлөк пул төлөөлөр; жыл сайын өргүүгө төлөө, окугандыгына өргүү төлөө, пайдаланылбаган өргүү үчүн компенсация төлөө; кесиптик даярдыктарга багытталган кызматчылардын окуу мезгили үчүн төлөө; квалификациясын жогорулатуу же башка кесиптерге окууга; түнкү убакта иштегендиги үчүн; майрам жана дем алуу күндөрү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна ылайык белгиленген жеңилдик берилген пенсиялык камсыз кылуу (мөөнөтүнөн мурда пенсияга чыгуу) боюнча чыгымдар кирет. Ошондой эле аскер кызматкерлерине жана укук коргоо органдарынын кызматкерлерине көп жыл эмгек кылгандыгы үчүн бир гана жолу берилүүчү жөлөк пул, иштен бошоп кеткендерге бериле турган жөлөк пул, жаңы жерге отурукташууга кеткен чыгымдар кирет.

21112 Убактылуу кызматкерлердин эмгек акысына төмөнкү элементтер кирет:

21112100 Контракт боюнча жана убактылуу негизде жалданган кызматкерлерге контракт менен иштегендерге төлөө боюнча чыгымдар кирет (22151200 консультанттардын кызматына чыгымдар кошулбайт).

Социалдык фондго төлөмдөр кызматкердин эмгек акысынын бүтүн суммасынын бөлүгү болуп эсептелет жана жумуш берүүчү

кызматкердин атынан Социалдык фондуга которгон төгүмдөр кирет. Социалдык фондуга төгүмдөр 2111 эмгек акы статьясынан ар бир элементинен 8% өлчөмүндө эсептелет.

Киреше салыгы Кыргыз Республикасынын Салык кодекси белгилеген өлчөмдө эсептелет. Киреше салыгы эмгек акынын бүтүн суммасынан кармап калынат жана 2111 эмгек акы статьясынын Элементтерине пропорционалдуу эсеп кылынат, кызматчынын ала турган киреше түрүнө көз каранды (негизги эмгек акы, материалдык жардам, өргүүгө чыгуу үчүн жөлөк пулдар ж.б.).

212-топ Социалдык муктаждыктарга төгүмдөр/чегерүүлөр социалдык муктаждыктарга төгүмдөр/чегерүүлөр мамлекеттик башкаруу секторунун бирдиктери тарабынан социалдык камсыздандыруу программаларына өз кызматкерлерине социалдык жөлөк пулдарды, анын ичинде пенсияларды жана пенсиялык башка жөлөк пулдарды алуу укугун камсыз кылуу максатында жүргүзүлө турган, айкын түрдө жүргүзүлгөн же шарттуу түрдө эсептелген төлөмдөрдү билдирет.

2121 Социалдык фондго, социалдык камсыздандыруу программасына төгүмдөр, алар кызматкерлерге кийинчерээк социалдык жөлөк пул, анын ичинде пенсия жана башка пенсиялык жөлөк пулдарды алуу укугун камсыз кылуу максатында алынат. Автономдуу эмес пенсиялык фонддор тейлеген мамлекеттик башкаруунун секторлорунун бирдиктерин кошо алганда, камсыздандыруу компанияларына, социалдык камсыздандыруу фонддоруна же социалдык камсыздандыруу программаларын уюштуруу жана башкаруу үчүн жооп берген башка институционалдык бирдиктерге төлөнүүгө тийиш болгон төгүмдөрдөн/чегерүүлөрдөн турат. Төмөнкү элементтерди камтыйт:

21211100 Пенсиялык фондго, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна камсыздандыруу төгүмдөрү

22 Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жана пайдалануу

22-категория. Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жана пайдалануу, бул категория товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу 22 категориясы, жеке каражаттардын

эсебинен капитал топтоодон, ошондой эле аягына чыгарылбаган өндүрүштүн запастарынын таза өзгөрүүсүн эсептен чыгаруу менен, кайра сатуу үчүн сатылып алынган товарлардан тышкары, рыноктук жана рыноктук эмес товарларды жана кызматтарды өндүрүү үчүн пайдаланылган товарлардан жана кызмат көрсөтүүлөрдөн турат.

Техникалык тейлөөгө сарпталган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр жана негизги фондуну күндөлүк ремонттоо иштери товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдаланууну билдирет. Илимий изилдөөлөр жана тажрыйба-конструктордук иштеп чыгуулар, персоналды окутуу, рынокту изилдөөлөр жана башка иштер үчүн пайдаланылуучу товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр, алардын ичинен айрымдары бир жылдан ашпаган мөөнөт аралыгында пайда алып келе тургандыгына карабастан, материалдык эмес негизги фонддорду сатып алуу катары эмес, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу катары чагылдырылат. Улуттук валютада банкнотторду жана монеталарды даярдоо үчүн колдонулуучу материалдар же аларды даярдоо үчүн подрядчылар тарабынан төлөөгө тийиштүү суммалар товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу катары чагылдырылат. Улуттук валютада банкнотторду жана монеталарды чыгаруу үчүн пайдаланылуучу материалдар же аларды чыгаргандыгы үчүн подрядчыларга төлөнүүгө тийиш болгон суммалар эсепке алууда товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу катары чагылдырылат. Банкнотторду жана монеталарды чыгаруу кирешелер менен да, чыгашалар менен да байланышпаган финансылык операцияны билдирет. Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдаланууга курал-жабдыктар (мисалы, ракета, снаряддар жана аларга ок-дарылар) жана бул курал-жабдыктарды (мисалы, ракеталык түзүлүштөрдү иштетүү, аскер кемелери, суу алдындагы кайыктар жана танктар) иштетүү үчүн аскер техникасын сатып алуу кирет. Алар аскерлер үчүн, ошондой эле жарандык максаттарга да пайдаланылышы мүмкүн болгон обьекттерди сатып алуу, мисалы, аскер аэдромдорун, докторду, колледждерди, ооруканаларды жана кеңсе жабдууларын сатып алуу негизги фонддорду сатып алуу катары чагылдырылат. Бирок, полиция жана ички коопсуздук кызматтары тарабынан сатылып алынуучу курал-жабдыктар же транспорттук каражаттар негизги фонддорду сатып алуу катары чагылдырылат, анткен менен, аскер ведомстволорунун мындай жабдууларга

чыгашалары товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жана пайдалануу болуп эсептелет. Мамлекеттик бирдиктер жана алардын кызматкерлери тарабынан керектелүүчү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр пайдалануу максатына жараша товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жана пайдалануу катары классификацияланат. Жалпысынан, кызматкерлердин товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануусу өз ишин аткаруусу үчүн зарыл болгон шартта, бул товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жана пайдалануу болуп саналат.

Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга жана пайдаланууга кызматкерлер тарабынан сунушталуучу товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн төмөнкү түрлөрү кирет: иште пайдаланыла турган арзан товарларды, инструменттерди же жабдууну сатып алуу: a) иште гана же негизинен иште колдонула турган инструмент же жабдуу; b) иште гана же негизинен иште колдонула турган кийим же бут кийим, мисалы, коргоо кийими, комбинезондор же формалык кийим; c) кызматкерлердин жумуш ордундагы, алардын үй-бүлө мүчөлөрү пайдалана албай турган турак-жай кызматтары, мисалы, казармалар, тиричилик бөлмөлөрү, жатаканалар жана барактар; d) атайын тамак же суусундуктар, аларды керектөө зарылдыгы өзгөчө эмгек шарттарына байланыштуу келип чыгат, ошондой эле кызматтык милдеттерин аткаруудагы аскер кызматкерлерине жана башка кызматкерлерге бериле турган тамак жана суусундуктар; e) иш сапары учурунда көрсөтүлө турган транспорттук жана мейманкана кызматтары; f) иштин мүнөзүнө жараша зарыл болгон чечине турган жайлар, даараткана, душ жана ванна бөлмөлөрү, ошондой эле g) биринчи жардам көрсөтүү каражаттары, медициналык кароолор же иш мүнөзү менен шартталган ден соолугунун абалын башка текшерүүлөр; техникалык тейлөөгө сатып алынуучу жана пайдаланылуучу товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр же негизги фонддорду күндөлүк ремонттоо, персоналды окутуу жана башкалар.

Төмөнкү статьяларды камтыйт:

2211 Кызматтык иш сапарларга чыгашалар

2212 Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү

2213 Ижара акысы

2214 Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр

2215 Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу

2216 Саламаттыкты сактоо системасында бирдиктүү статья менен көрсөтүлгөн чыгашалар

2217 Медициналык товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу

2218 Тамак-аш азыктарын сатып алуу

2219 Жогорку кесиптик билим берүү системасында бирдиктүү статьялар менен көрсөтүлгөн чыгашалар

2221 Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгашалар

2222 Күндөлүк чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана материалдарды сатып алуу

2223 Кийим-кече предметтерин жана башка форма жана атайын кийимдерди сатып алуу, тигүү жана оңдоо

2224 Көмүрдү жана башка отун түрүн сатып алуу

2225 Күзөт кызмат көрсөтүүлөрүн сатып алуу

2226 Банктардын кызмат көрсөтүүлөрүнө жана мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу, жайгаштыруу жана төлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөргө чыгашалар

2227 Пенсияларды жана жөлөк пулдарды төлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөргө төлөө боюнча чыгашалар

2231 Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр

2235 Башка коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөр

2211 Кызматтык иш сапарларга кеткен чыгашаларга мамлекеттик кызмат иштери боюнча кыдыруулардагы чыгашалардын ордун жабууга кеткен чыгашалар кирет. Төмөнкү кичи статьяларды камтыйт:

22111 Өлкө ичиндеги иш сапарларга чыгашалар;

22112 Чет өлкөгө иш сапарларына кеткен чыгашалар төмөнкү элементтерди камтыйт:

22111100; 22112100 Транспорттук чыгашалар;

22111200; 22112200 Мейманкана чыгашалары;

22111300; 22112300 Суткалык чыгашалар

2212 Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү, буга байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөөгө чыгашалар кирет: телефондук, факсимильдик, уюлдук, фельдъегердик, почта аркылуу, трансляциялык жана башка. Төмөнкү кичи статьяларды камтыйт:

22122 Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү

22122 Байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө телефондук (уюлдук, пейджингдик, Интернет тармагына кошулуу жана пайдалануу), телеграфтык байланыш каналдарын камсыз кылуу максатындагы байланыш кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштоого чыгашалар кирет. Почта аркылуу жөнөтүүлөрдү кайра жөнөтүү (анын ичинде фельдъегердик байланыш, акча каражатын почта аркылуу которуу ж.б. үчүн төлөмдөр). Төмөнкү элементтерди камтыйт:

22122100 Телефондук жана факсимилдик байланыш кызмат көрсөтүүлөрү

22122200 Уюлдук байланыш кызмат көрсөтүүлөрү

22122300 Фельдъегердик байланыш кызмат көрсөтүүлөрү

22122400 Почта аркылуу байланыш кызмат көрсөтүүлөрү, буга почта аркылуу байланыш кызматын көрсөтүүгө чыгашалар кирет (почта аркылуу жөнөтүүлөрдү кайра жөнөтүү, акча каражаттарын почта аркылуу которуу ж.б.)

22122500 Телерадиопрограммаларды берүүлөр боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөр

22122900 Башка байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө жогоруда аталган элементтерге кирбеген байланыш кызмат көрсөтүүлөрү, анын ичинде интернет байланышына туташтыруу жана аны пайдалануу кирет

2213 Ижара акысын төлөөгө активдердин: имараттардын, жайлардын, унаа каражаттарынын ижарасы үчүн төлөө боюнча чыгашалар кирет (жеке муктаждыктарын камсыздоо максатында түзүлгөн ижара (субижара) келишимдерине ылайык)

Төмөнкү элементтерден турат:

22131100 Имараттардын жана жайлардын ижарасы

22131200 Жабдуулардын жана инвентардын ижарасы

22131300 Транспорт каражаттарынын ижарасы

22131900 Башка мүлктүн ижарасы

2214 Транспорттук кызмат көрсөтүүлөргө мекемелердин жеке муктаждыктарын камсыздоо максатында, транспорттук кызмат көрсөтүүлөрүнө чыгашалары, анын ичинде транспорт каражаттарын жалдоо чыгашалары: жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр, кызматтагы адамдардын коомдук транспорттун бардык түрлөрүндө кызматтык максатта жүрүүсү үчүн документтер менен камсыз кылуу жана башка кызматкерлердин ордунан которулушуна байланышкан башка чыгашалар кирет. (22111100, 22112100 иш сапарга чыгашалар, 22122300 фельдъегердик кызмат көрсөтүүлөр кирбейт)

Төмөнкү элементтер кирет:

22141100 Бензин, дизелдик жана башка күйүүчү майлар

22141200 Запастык тетиктерди сатып алуу

22141300 Транспорт каражаттарын тейлөө

22141900 Башка транспорттук кызмат көрсөтүүлөр

2215 Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга төмөнкү кичи статьялар кошулат:

22151 Башка кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу

22152 Мүлктүн абалын күтүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу

22153 Мамлекеттик кызматчыларды, адистерди жана калкты окутууга чыгашалар

22154 Башка кызмат көрсөтүүлөргө төлөөлөргө байланыштуу чыгашалар

22151 Башка кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга мекеменин юридикалык кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультанттардын кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштоо үчүн чыгашалары кирет. Төмөнкү элементтер камтылат:

22151100 Юридикалык кызмат көрсөтүүлөр

22151200 Консультанттардын кызмат көрсөтүүлөрү

22151400 Маалымат технологиялары боюнча кызмат көрсөтүүлөрүндө маалымат технологияларына тиешелүү кызмат көрсөтүүлөр эске алынат, мисалы, компьютердик техниканы

ремонттоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр, компьютердик жабдууну орнотуу, картриджderге боёк куюу же алмаштыруу ж.б.

22152 Мүлктүн абалын күтүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга мекеменин өз муктаждыктарын камсыз кылуу максатында, оперативдүү башкарууда же ижарада турган финансылык эмес активдерди күтүүгө байланыштуу, жайларды, имараттарды, короолорду же башка мүлктү таза кармоо сыяктуу кызмат көрсөтүүлөрүнө чыгашалары кирет.

Төмөнкү элементтерди камтыйт:

22152100 Имараттарды жана жайларды күтүүдө санитардык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда карды, таштандыны тазалоо жана чыгаруу, казылган чуңкурларды жана канализацияга кошулбаган дааратканаларды дезинфекциялоо, дератизациялоо, санитардык-гигеналык тейлөө, тазалоо жана чыгаруу ж.б. эсепке алынат.

22152200 Тарых жана маданият эстеликтерин реставрациялоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу

22152900 Имараттарды жана жайларды жана башка мүлктү күтүү боюнча башка кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу

22153 Мамлекеттик кызматчыларды, адистерди жана калкты окутууга чыгашалар, персоналды окутуу бир жылдан ашык мөөнөт ичинде пайда алып келиши мүмкүн экендигине карабастан, материалдык эмес негизги фонддорду сатып алуу катары эмес, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу катары чагылдырылат. Төмөнкү элементти камтыйт:

22153100 Мамлекеттик кызматчыларды окутууга чыгашалар

22153200 Калктын эрезеге жеткенден кийинки катмарын кыска мөөнөттүү негизде кесиптик-техникалык билим берүүчү окуу жайларында окутууга жана кайра окутууга чыгашалар

22153300 Адистерди окутууга жана кайра окутууга чыгашалар – мамлекеттик эмес кызматчылардын адистерин окутуу үчүн төлөмдөр эсепке алынат (Социалдык фондунун кызматкерлери мамлекеттик кызматчыларга кирбейт)

22153400 Шайлоо системасын өнүктүрүүгө, анын ичинде жаңы шайлоо технологияларын, каражаттарды киргизүүгө, шайлоонун жана референдумдардын катышуучуларын, аппараттын кызматкерлерин

жана шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн укуктук окутууларга байланыштуу чыгашалар

22154 Башка кызмат көрсөтүүлөргө төлөөлөргө байланыштуу чыгашаларга мекеменин жеке муктаждыктарын камсыз кылуу максатында, өкүлчүлүк чыгашаларына (делегацияларды кабыл алуу жана тейлөө), бланктарды даярдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөргө төлөөгө (мамлекеттик сертификаттарды, отчет ж.б.), маалымат-коммуникациялык кызмат көрсөтүүлөргө жана статьяларга кирбеген башка кызмат көрсөтүүлөргө төлөөгө байланыштуу чыгашалары кирет. Төмөнкү элементтерди камтыйт:

22154100 Өкүлчүлүк чыгашалары, жолугушууларды уюштурууга чыгашалар, анын ичинде презентацияларды, делегациялардын жолугушууларын, кызматкерлер жана ардагерлер үчүн майрамдык же куттуктоо жолугушууларын уюштуруу, чет өлкө мекемелери тарабынан өкүлчүлүк иш-чараларын өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөргө чыгашалар

22154200 Бланктарды, медалдарды, значокторду даярдоо үчүн чыгашаларга бланк продукцияларын, медалдарды, дипломдорду, ардак грамоталарын, грамоталарды, кубокторду, значокторду, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полистерин, кошо төлөөгө талондорду, КММ үчүн пломбаларды, оролгон зымдарды даярдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөргө төлөө кирет

22154300 Камсыздандырылган адамдар боюнча маалымат базаларын жүргүзүү, иштеп чыгуу жана аны актуалдуу абалда кармап туруу боюнча маалыматтык-коммуникациялык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөр, мында маалымат агымдарынын ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу, коммуникациялык түйүндөрдү жана программалык камсыздоону коштоп жүрүү, программаларды пайдаланууга мүмкүндүк берүү ж.б. боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу эсепке алынат

22154900 Башка кызмат көрсөтүүлөрдү төлөөгө байланыштуу башка чыгашалар, анын ичинде жаштар саясаты боюнча социалдык иш-чараларды уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөргө чыгашалар;

− документтерди көчүрмөлөөгө жана кагазга басып чыгарууга чыгашалар;

− ички иштер органдарынын кызматкерлеринин, Куралдуу күчтөрдүн жана башка Кыргыз Республикасынын аскер түзүлүштөрүнүн кызматкерлеринин жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жолдомолорунун наркынын жеңилдетилген бөлүгүн төлөө боюнча чыгашалар,

− патрондорду жана кызматта пайдаланылган иттерге жем, жылкыларга чөп, эпизоотиялык каршы иш-чаралар үчүн ветеринардык каражаттарды жана дарыларды сатып алуу, ошондой эле ветеринардык изилдөөлөр үчүн тажрыйба жүргүзүүгө бөлүнгөн жаныбарлар үчүн жем ж.б. сатып алуу кирет (коргоо жана укук коргоо органдарына тартылгандардан тышкары),

− кызматкерди жана анын үй-бүлө мүчөлөрүн көчүрүү, мүлктү ташуу боюнча чыгашалар,

− контракт боюнча сунушталган башка кызмат көрсөтүүлөргө төлөө боюнча чыгашалар,

− мүлккө салыкты төлөөгө чыгашалар,

− кино ишин уюштуруу кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөөгө чыгашалар;

− сот органдары доо арыздарын берүүдө мамлекеттик алымдарды төлөөгө чыгашалар;

− чет өлкөлөрдөгү мекемелердин кызматкерлерин жана чет өлкө мекемелеринин кызматкерлерине медициналык жардам берүү боюнча медициналык камсыздандыруу үчүн төлөөгө чыгашалар;

− классификацияланбаган башка кызмат көрсөтүүлөр

2216 Саламаттыкты сактоо системасында бирдиктүү статьялар тарабынан берилген чыгашалар, Бирдиктүү төлөөчү системасында жарандарды мамлекеттик базалык жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу программасынын каражаттары эске алынат, ал төмөнкү кичи статьяны камтыйт:

22161 Саламаттыкты сактоо системасында бирдиктүү статьялар тарабынан берилген чыгашалар, төмөнкү элементти камтыйт:

22161100 Саламаттыкты сактоо системасында бирдиктүү статьялар тарабынан берилген чыгашалар

2217 Медициналык товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу, медикаменттерди, таңуучу каражаттарды, бактериялык

каражаттарды, сывороткаларды, вакциналарды, канды, инсулин дары каражаттарын жана башка медициналык багыттагы башка буюмдарды сатып алуу боюнча чыгашалар кирет, ал төмөнкү кичи статьяны камтыйт:

22171 Медицина багытындагы медикаменттерди жана буюмдарды сатып алуу, төмөнкү элементтерди камтыйт:

22171100 Медикаменттерди жана медицина багытындагы буюмдарды сатып алуу

22171200 Инсулин жана инсулинди камтыган дары каражаттарын сатып алуу

22171300 Коргоо жана укук коргоо органдарына тийиштүү кызматтык жаныбарларга керектүү ветеринардык каражаттарды жана дары каражаттарын сатып алуу

22172 Медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга байланышкан чыгашалар, төмөнкү элементти камтыйт:

22172100 Лабораториялык жана диагностикалык изилдөөлөрдү сатып алууга чыгашалар.

2218 Тамак-аш азыктарын сатып алуу, төмөнкү кичи статьяны камтыйт:

22181 Тамак-аш азыктарын сатып алуу, төмөнкү элементтерди камтыйт:

22181100 Тамак-аш азыктарын сатып алуу

22181200 Тамак-аш азыктарына компенсациялык төлөмдөр

22181300 Коргоо жана укук коргоо органдарында пайдаланылган кызматтык жаныбарларга жем сатып алуу

22181400 Тамак-аш боюнча үлүшкө төлөөгө чыгашалар, эл аралык макулдашуулардын алкагында өнөктөш-өлкөлөрдүн аймактарындагы иш-чараларга катышууга, Куралдуу күчтөрдүн тартылган өздүк курамынын тамак-ашына кеткен чыгашалар кирет.

2219 Жогорку кесиптик билим берүү системасында бирдиктүү статьялар менен берилген чыгашалар, төмөнкү кичи статьяны камтыйт:

22191 Жогорку кесиптик билим берүү системасында бирдиктүү статьялар менен берилген чыгашалар, төмөнкү элементти камтыйт:

22191100 Жогорку кесиптик билим берүү системасында бирдиктүү статьялар менен берилген чыгашалар, мамлекеттик билим берүү грантынын өлчөмүнүн негизинде республикалык бюджеттин каражаттарынын чыгашалары эске алынат.

2221 Мүлктү учурдагы оңдоого чыгашалар, төмөнкү кичи статьяны камтыйт:

22211 кичи статья, мүлктү учурдагы оңдоого, негизги фонддорду техникалык тейлөөгө жана оңдоого чыгашалар кирет. Имараттарды, жайларды, курулмаларды (анын ичинде жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорунун тармактары), жабдууларды жана инвентарларды техникалык тейлөө жана учурдагы оңдоо, алар негизги фонддордун наркынын же алардын иштөө мүнөзүнүн өзгөрүшүнө алып келбейт, жөн гана аларды иштөө абалында кармап турат же алар бузулуп калган учурда иштөө абалына кайра алып келет. Төмөнкү элементтерди камтыйт:

22211100 Имараттарды жана жайларды учурдагы оңдоо

22211200 Курулмаларды учурдагы оңдоо

22211300 Жабдууларды жана шаймандарды учурдагы оңдоо

2222 Учурдагы чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана материалдарды сатып алуу статьясы, төмөнкү кичи статьяны камтыйт:

22221 Учурдагы чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана материалдарды сатып алуу кичи статьясына машиналарды жана жабдууларды (колдонуу мөөнөтү бир жылдан аз болгон, б.а. баасы төмөн же тез тозулуучу товарлар жана предметтер) сатып алууга сарпталган чыгашаларга салыштырмалуу наркы өтө маанилүү эмес болгон, учурдагы муктаждыктар жана күндөлүк пайдалануу үчүн каралган товарларды (кымбат эмес) сатып алууга мекемелердин чыгашалары кирет. Төмөнкү элементтерди камтыйт:

22221100 Жабдууларды жана материалдарды сатып алуу, колдонуу мөөнөтү бир жылдан аз болгон, баасы төмөн же тез тозулуучу товарларды жана предметтерди сатып алууга чыгашалар эске алынат. Мисалы: телефондук аппараттарды, IP телефондорду, факстарды, жумуш инвентарларды жана слесардык инструменттерди сатып алуу.

22221200 Учурдагы чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана материалдарды башка сатып алуу, тиешелүү предметтерди

жана материалдарды сатып алууга чыгашалар, анын ичинде кеңсе товарларын жана буюмдарын, бөтөлкөгө куюлган ичүүчү сууну, ящиктерди, таңгакталган материалдарды, күрөктүн сабын ж.б. сатып алууга чыгашалар кирет.

2223 Кийимди жана башка формадагы жана атайын формадагы кийимдерди сатып алуу, тигүү жана оңдоо төмөнкү кичи статьяны камтыйт:

22231 Кийимди жана башка формадагы жана атайын формадагы кийимдерди сатып алуу, тигүү жана оңдоо кичи статьясына ага таандык буюмдар менен атайын формадагы кийимдерди жана бут кийимдерди, ошондой эле атайын приборлорду жана атайын шаймандарды жана жабдууларды сатып алуу, тигүү жана оңдоо боюнча чыгашалар кирет. Төмөнкү элементти камтыйт:

22231100 Кийимди жана башка формадагы жана атайын формадагы кийимдерди сатып алуу, тигүү жана оңдоо.

22231200 Кийим менен камсыз кылуу ченемдери боюнча салынган буюмдардын ордун акчалай компенсациялоо

2224 Көмүрдү жана башка отун түрүн сатып алуу, төмөнкү кичи статьяны камтыйт:

22241 Көмүрдү жана башка отун түрүн сатып алуу кичи статьясына көмүрдү, отунду, торф ж.б. түрүндөгү отундарды сатып алууга чыгашалар кирет. Төмөнкү элементтерди камтыйт:

22241100 Таш көмүрдү сатып алуу

22241200 Отундун башка түрлөрүн сатып алуу, анын ичинде жыгачты, торфту, суюк отундун ар кандай түрлөрүн, күрөң көмүрдү ж.б. сатып алууга, ошондой эле өз котелдери жана генераторлору менен жылуулук энергияны иштеп чыгарууга чыгашалар кирет.

2225 Күзөт кызмат көрсөтүүлөрүн сатып алуу, төмөнкү кичи статьяны камтыйт:

22251 Күзөт кызмат көрсөтүүлөрүн сатып алуу кичи статьясына, жеке муктаждыктарды ж.б. камсыз кылуу максатында юридикалык жактардын жана жеке адамдардын мүлкүн ведомстводон тышкары коргоо, маалыматтык технологиялар боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу кирет. Төмөнкү элементтерди камтыйт:

22251100 Ведомстводон тышкары күзөт кызмат көрсөтүүлөрүн сатып алуу

22251900 Башка күзөт кызмат көрсөтүүлөрүн сатып алуу

2226 Банктардын кызмат көрсөтүүлөрүн жана мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу, жайгаштыруу жана ордун жабуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү төлөөгө чыгашалар, төмөнкү кичи статьяны камтыйт:

22261 Банктардын кызмат көрсөтүүлөрүн жана мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу, жайгаштыруу жана ордун жабуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү төлөөгө чыгашалар кичи статьясы. Төмөнкү элементтерди камтыйт:

22261100 Мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу, жайгаштыруу жана ордун жабуу боюнча финансылык кызмат көрсөтүүлөр

22261200 Мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу, жайгаштыруу жана ордун жабуу боюнча башка кызмат көрсөтүүлөр

22261300 Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттерин тейлөө боюнча Улуттук банктын, коммерциялык банктардын жана финансы-кредиттик мекемелердин кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөө, Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринен улуттук жана чет өлкө валюталарында жүргүзүлгөн нак эмес (нак) төлөмдөр боюнча банктык операцияларды жүргүзүү боюнча сунушталган кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө кирет. Анын ичинде Социалдык фонддун жана Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун эсептерин тейлөө боюнча банктардын кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөөгө чыгашалар кирет.

2227 Пенсияларды жана жөлөк пулдарды төлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөргө төлөөгө чыгашалар.

22271 Пенсияларды жана жөлөк пулдарды төлөө боюнча коммерциялык банктардын кызмат көрсөтүүлөрүн төлөө боюнча чыгашаларга, пенсияларды жана жөлөк пулдарды, пенсиянын топтомо бөлүгүн төлөө боюнча коммерциялык банктардын кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөөгө чыгашалар кирет.

22271100 Пенсияларды жана жөлөк пулдарды төлөө боюнча коммерциялык банктар тарабынан кызмат көрсөтүүлөргө төлөөгө чыгашалар.

22271200 Пенсиянын топтомо бөлүгүн төлөө боюнча коммерциялык банктар тарабынан кызмат көрсөтүүлөргө төлөөгө чыгашалар.

22272 Пенсияларды жана жөлөк пулдарды төлөө боюнча почта кызмат көрсөтүүлөрүн төлөө боюнча чыгашаларга – пенсияларды жана жөлөк пулдарды, пенсиянын топтомо бөлүгүн төлөө боюнча почталык байланыш, атап айтканда «Кыргызпочтасы» мамлекеттик ишканасынын кызмат көрсөтүүлөрүнө (акча каражаттарын почта аркылуу которуу) төлөөгө чыгашалар кирет.

22272100 Пенсияларды жана жөлөк пулдарды төлөө боюнча «Кыргызпочтасы» мамлекеттик ишканасынын кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөөгө чыгашалар

22272200 Пенсиянын топтомо бөлүгүн төлөө боюнча «Кыргызпочтасы» мамлекеттик ишканасынын кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөөгө чыгашалар.

2231 Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө төмөнкүлөр кирет:

22311100 Суу үчүн төлөө

22311200 Электр энергиясы үчүн төлөө

22311300 Жылуулук энергиясы үчүн төлөө, өз котелдери жана бюджеттик уюмдардын генераторлору аркылуу жылуулук энергияны иштеп чыгаруу үчүн чыгашалар кирбейт.

22311400 Газ үчүн төлөө

2235 Башка коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө, төмөнкү кичи статьяны камтыйт:

22351 Башка коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө кичи статьясына, төмөнкүлөр кирет:

22351100 Лифти пайдалануу үчүн төлөө

22351200 Унаа токтоочу жайлардын жана гараждардын ж.б. ижарасы үчүн төлөө кирет. Таштандыларды ташып чыгаруу жана казылган чуңкурларды тазалоо үчүн төлөө кирбейт (22152100).

22351900 Башка коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөөгө 2231, 2235-статьяларда классификацияланбаган коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө боюнча чыгашалар, анын ичинде имараттарды жана курулмаларды күтүү боюнча эксплуатациялык чыгашалар кирет.

24 Пайыздар

24 Пайыздар категориясына тышкы жана ички булактардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча пайыздарды төлөө кирет.

Пайыздар институционалдык бирдиктер тарабынан төлөнүүгө тийиш, алар өздөрүнө милдеттенмелердин белгилүү бир түрлөрүн, атап айтканда, депозиттер, акциялардан башка баалуу кагаздар, кредиттер жана зайымдар боюнча милдеттенмелерди, ошондой эле кредиттик карызды кабыл алышат. Бул милдеттенмелер мамлекеттик башкаруу секторунун бирдиги башка институционалдык бирдиктен каражаттарды карызга алганда келип чыгат. Пайыздар чыгашалар болуп саналат, аны мамлекеттик башкаруу секторунун бирдиги негизги карыздын орду жабылбаган суммасын, башкача айтканда, кредитор тарабынан берилген экономикалык наркты пайдалангандыгы үчүн тартат.

Пайыздарды төлөө боюнча чыгашалар милдеттенме келип чыккан бүткүл мезгил ичинде тынымсыз чегерилип турат. Пайыздар чегериле турган чен убакыттын ар бир мезгили үчүн карыздын орду жабылбаган негизги суммасынын белгилүү бир үлүшү түрүндө, акчалай каражаттардын алдын ала сүйлөшүлгөн суммасы түрүндө, белгиленген индикатор боюнча аныктала турган акчалай каражаттардын өзгөрүлмө суммасы түрүндө, же болбосо саналып өткөн ыкмалардын айрым бир айкалышын пайдалануу менен белгилениши мүмкүн. Пайыздар адатта алар боюнча чыгашалар чегерилгенден мурда төлөнбөйт. Башка сөз менен айтканда, эгерде кредит же зайым боюнча пайыздар ай сайын төлөнсө, адатта төлөнгөн сумма мурдагы ай үчүн чегерилген чыгашалар болуп эсептелет. Төлөм жүзөгө ашырылган учурга чейин дебитордун кредитордун алдындагы жалпы милдеттенмеси пайыздарды төлөө боюнча чегерилген, бирок али жүргүзүлө элек чыгашаларынын суммасына жогорулайт. Мына ошентип, адатта пайыздык төлөмдөр дегенден улам дебитордун колдонуудагы милдеттенмесинин азайышын түшүнүүгө болот, анын бир бөлүгү пайыздарды төлөө үчүн чегерилген чыгашалардын натыйжасында келип чыгат. Индекстерге байланыштырылган баалуу кагаздардан башка – анын ичинде өзгөрүлмөлүү чен менен орто мөөнөттүү облигацияларды кошо алганда, төлөнүүгө тийиш болгон пайыздар чегериле турган чен, контракт түзүүдө жана карыздык каражаттарды алууда аныкталат. Жөнөкөй учурда, акчанын белгилүү

бир суммасы карызга алынат, өткөн мезгил үчүн чегерилген, төлөнүүгө тийиш болгон пайыздардын суммасына барабар төлөмдөр мезгил-мезгили менен төлөнүп турат, контракттын мөөнөтү аяктагандан кийин насыянын (карыздын) алгачкы суммасы менен бирге пайыздарды акыркы төлөө жүргүзүлөт. Ар бир мезгилде төлөнүүгө тийиш болгон контрактта белгиленген, насыянын өлчөмүнө көбөйтүлгөн, төлөнүүгө тийиш болгон пайыздардын өлчөмү пайыздык ченге барабар болот. Ар бир өткөн мезгил сайын карыздын орду жабылбаган негизги суммасы төлөөгө тийиштүү пайыздарды чегерүүнүн натыйжасында көбөйөт. Ар бир мезгилдин акырында төлөм карыздын суммасын карыздын баштапкы чоңдугуна чейин азайтат. Эгерде отчеттук мезгилдин акыры мезгилдүү төлөмдүн учуру менен дал келбесе, мезгилдин акырындагы милдеттенмелердин жалпы суммасында чегерилген, бирок али төлөнө элек пайыздардын суммасын камтыйт.

Векселдер жана нөлдүк купону бар облигациялар сыяктуу айрым финансылык инструменттердин өзгөчөлүгү ушундай милдеттенмени ордун жабуу мөөнөтү келгенге чейин дебитордун кредиторго кандайдыр бир төлөмдөрдү жүзөгө ашыруу милдетинин жоктугу болуп саналат. Натыйжада дебитор бирдиктүү төлөм аркылуу өзүнүн милдеттенмелерин аткарган, ал насыянын баштапкы суммасын, ошондой эле ушул милдеттенме келип чыккан бүткүл мезгилдин ичинде чегерилген жана топтолгон пайыздарды жапкан кезде, милдеттенменин ордун жабуу мөөнөтү келгенге чейин эч кандай пайыздык төлөмдөр төлөнбөйт. Ушул түрдөгү инструменттер дисконту бар инструменттер деп аталат, анткени насыяга алынган баштапкы сумма, ордун жабууда төлөнгөн суммадан аз болот. Контракттын мөөнөтү аяктагандан кийин төлөнүүчү сумма менен башында карызга алынган сумманын ортосундагы айырма контракт колдонулган убакытка туура келген отчеттук мезгилдерге бөлүштүрүлүүгө тийиш болгон пайыздарды билдирет. Ар бир мезгил үчүн чегерилген пайыздар дебиторлор тарабынан төлөнгөндөй, ал эми андан кийин ошол эле милдеттенменин кошумча суммасы катары карызга алынгандай болуп чагылдырылат. Мына ошентип, ар бир мезгилдеги эсепке алууда пайыздарды төлөөгө кеткен чыгашалар жана милдеттенменин жогорулашы чагылдырылат. Ушундай инструмент бир отчеттук мезгилден ашык орун алганда, пайыздардын жалпы суммасын калган мезгилдерге бөлүштүрүүнүн бир нече ыкмасы болот.

Эң жөнөкөй жана кыйла кеңири жайылтылган мамилелердин бири пайыздык ченди контракттын бүткүл мөөнөтүнүн ичинде туруктуу деп эсептөө болуп саналат.

Кредиттер жана зайымдар көбүнчө мезгилдүү төлөмдөр пайыздарды төлөөнү да, ошондой эле карыздын негизги суммасынын бир бөлүгүн ордун жабууда да камтыгандай түзүмгө бөлүнөт. Мезгилдүү төлөмдүн чегерилген пайыздардын чоңдугунан ашкан суммасы карыздын баштапкы негизги суммасынын өлчөмүн азайтат. Убакыттын өтүшү менен чегерилген пайыздардын төлөмдөрдөгү үлүшү улам азая берет, ал эми карыздын баштапкы негизги суммасынын ордун жабууга багытталган каражаттардын үлүшү жогорулайт.

Индекс менен байланыштырылган баалуу кагаздар – бул финансылык инструменттер, алар үчүн мезгилдүү төлөмдөрдүн жана/же карыздын орду жабылбаган суммасынын чоңдугу баалардын индексине же валюта курсунун индексине байланыштырылган. Эгерде индекске өзгөрүлмөлүү чени менен орточо мөөнөттүү облигациялар сыяктуу мезгилдүү төлөмдөр байланыштырылса, ушундай төлөмдөрдүн бардык суммалары пайыздар деп эсептелет. Эгерде индекске карыздын негизги суммасы байланыштырылса, ордун жабуунун акыркы баасы менен жайгаштыруу баасынын ортосундагы айырма ордун жабуу баасы алдын ала белгиленген дисконту бар баалуу кагаздар сыяктуу эле, актив орун алган бүткүл мезгилдин ичинде чегерилип келген пайыздар катары чагылдырылат. Тажрыйбада тиешелүү индекстин динамикасы менен шартталган айкын отчеттук мезгилдин ичинде карыздын орду жабылбаган негизги суммасынын чоңдугу ушул мезгилде төлөнүүгө тийиш болгон ар кандай пайыздарга кошумча катары аталган мезгилде чегерилген пайыздар катары каралышы мүмкүн. Дисконту бар инструмент сыяктуу эле индекстештирүүнүн натыйжасында чегерилген пайыздар дебитор тарабынан төлөнгөндөй, ал эми андан кийин ошол эле милдеттенменин кошумча суммасы катары карызга алынгандай чагылдырылат.

Төлөнө турган пайыздардын жалпы суммасы резидент эместерге (241) төлөнүүчү пайыздар, мамлекеттик башкаруу секторунан (242) тышкары резиденттерге төлөнүүчү пайыздар жана мамлекеттик

башкаруу секторундагы башка бирдиктерге (243) төлөнүүчү пайыздар деп бөлүнөт.

2411 Чет өлкөлөрдөн жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча пайыздарды төлөө, кичи статьяны камтыйт:

24111 Чет өлкөлөрдөн жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча пайыздарды төлөө. Төмөнкү элемент кирет:

24111100 Чет өлкөлөрдөн жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча пайыздарды төлөө кирет.

2421 Мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча пайыздарды төлөө, төмөнкү кичи статьяны камтыйт:

24211 Мамлекеттик башкаруу секторунан тышкары, мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча пайыздарды төлөөгө, төмөнкүлөр кирет:

24211100 Мамлекеттик кыска мөөнөттүү баалуу кагаздар боюнча пайыздарды төлөө

24211200 Социалдык фонддун, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун жана жергиликтүү бюджеттин баалуу кагаздары боюнча пайыздарды төлөөдөн тышкары, Мамлекеттик узак мөөнөттүү баалуу кагаздар боюнча пайыздарды төлөө

2422 Индексацияланган суммалар боюнча калктын карызынын ордун жабуу, төмөнкүнү камтыйт:

24221 Индексацияланган суммалар боюнча калктын карызынын ордун жабуу, төмөнкүнү камтыйт:

24221100 Индексацияланган суммалар боюнча калктын карызынын ордун жабуу

2431 Мамлекеттик башкаруу секторлорунун башка бирдиктерине пайыздарды төлөө, төмөнкү кичи статьяны камтыйт:

24311 Мамлекеттик башкаруу секторлорунун башка бирдиктерине пайыздарды төлөө, төмөнкү элементти камтыйт:

24311100 Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине пайыздарды төлөө, анын ичинде Социалдык фонддун, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун жана жергиликтүү бюджеттин баалуу кагаздары боюнча пайыздарды төлөө.

25 Субсидиялар

25-категория Субсидияларга өндүрүштүк иш деңгээлинен улам мамлекеттик бирдиктерге, ишканаларга жана уюмдарга (турак жай-коммуналдык чарбаларга, транспорттук уюмдарга ж.б.) бөлүнгөн каражаттар кирет.

Субсидиялар бул ишканалардын өндүрүштүк ишмердүүлүгүнүн деңгээлинде алар өндүргөн, саткан, экспорттогон же импорттогон товардын же кызмат көрсөтүүнүн санына же наркына ылайык мамлекеттик бирдиктер жүргүзгөн ишканаларга учурдагы кайтарымсыз төлөмдөрдү көрсөтөт. Субсидиялардын максаты катары өндүрүштүн деңгээлине, сатуу баасына же ишкана алган сыйлыктарга таасир этүүсү болушу мүмкүн.

Субсидиялар учурдагы трансферттер болуп саналат. Субсидиялар продукциянын айкын түрлөрүнө же жалпы өндүрүшкө төлөнүшү мүмкүн. Продукциянын айрым түрлөрүнө субсидиялар – товардын же кызматтын бир бирдигине эсептелип төлөнө турган субсидия. Мындай субсидия товардын же кызматтын бир бирдигине эсептелген белгилүү бир акчалай сумманы билдириши, же болбосо товардын же кызматтын бир бирдигинин баасынын белгилүү бир пайызы катары алынган продукциянын наркына ылайык эсептелиши мүмкүн. Мындан тышкары, субсидия белгиленген пландык баа менен сатып алуучу тарабынан иш жүзүндө төлөнгөн рыноктук баанын ортосундагы айырма катары эсептелиши мүмкүн.

Субсидиялар максаттуу мамлекеттик экономикалык жана социалдык саясаттын натыйжасында өндүрүштүн орточо чыгымдарынын деңгээлинен төмөн баа белгиленген себептен улам, өндүрүштүк иштерди жүзөгө ашырууда тартылган чыгымдарды компенсациялоо үчүн акысыз жана кайтарымсыз негизде товарлардын, иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн өндүрүүчүлөрүнө – юридикалык жактарга берилет.

Субсидиялар акыркы керектөөчүлөргө төлөнбөстөн, өндүрүүчүлөргө гана төлөнөт жана капиталдык трансферттер болуп эсептелбейт, учурдагы трансферттер гана болуп эсептелет. Мамлекеттик бирдиктер тарабынан керектөөчүлөр катары түздөн-түз үй чарбаларына берилген трансферттер жана үй чарбаларын тейлеген коммерциялык эмес уюмдардын трансферттеринин көпчүлүк бөлүгү төлөм жүргүзүүнүн негизине жараша же социалдык жөлөк

пулдар (27) же болбосо ар кандай башка чыгашалар (282) катары чагылдырылат. Мамлекеттик башкаруу секторунун бирдиктерине берилген трансферттердин көпчүлүгү гранттарга (26) таандык. Ишканаларга алардын капитал топтошун каржылоо максатында, аларга финансылык эмес активдерге келтирилген зыянды компенсациялоо катары же эки же андан ашык жылда топтолгон ири операциялык тартыштыкты жабуу үчүн берилген төлөмдөр ар кандай башка капиталдык чыгашаларга (2822) таандык.

Адегенде алуучунун мамлекеттик же жеке менчик өндүрүүчү болушуна жараша, андан кийин алуучу финансылык эмес же финансылык ишкана болушуна жараша классификацияланат. Алуучулардын эки тобу бар: мамлекеттик ишканаларга субсидиялар (251), жеке ишканаларга субсидиялар (252).

2511 Финансылык эмес мамлекеттик ишканаларга субсидиялар, төмөнкүнү камтыйт:

25111 Финансылык эмес мамлекеттик ишканаларга субсидиялар, төмөнкүнү камтыйт:

25111100 Финансылык эмес мамлекеттик ишканаларга субсидиялар.

2512 Финансылык мамлекеттик ишканаларга субсидиялар, төмөнкүнү камтыйт:

25121 Финансылык мамлекеттик ишканаларга субсидиялар, төмөнкүнү камтыйт:

25121100 Финансылык мамлекеттик ишканаларга субсидиялар

2521 Финансылык эмес менчик ишканаларга жана ишкерлерге субсидиялар, төмөнкүнү камтыйт:

25211 Финансылык эмес менчик ишканаларга жана ишкерлерге субсидиялар, төмөнкүнү камтыйт:

25211100 Финансылык эмес менчик ишканаларга жана ишкерлерге субсидиялар.

2522 Финансылык менчик ишканаларга субсидиялар, төмөнкүнү камтыйт:

25221 Финансылык менчик ишканаларга субсидиялар, төмөнкүнү камтыйт:

25221100 Финансылык менчик ишканаларга субсидиялар

26 Гранттар жана төгүмдөр

26-категория Гранттарга жана төгүмдөргө акысыз жана кайтарымсыз которуулар кирет. Ал бир мамлекеттик бирдиктен башка мамлекеттик бирдикке же чет мамлекеттердин өкмөттөрүнө милдеттүү эмес учурдагы же капиталдык трансферттерди жана эл аралык уюмдарга төгүмдөрдү түшүндүрөт. Гранттар институционалдык бирдиктин грант алган түрүнө, андан кийин бул грант учурдагы же капиталдык болуп эсептелгендигине жараша классификацияланат.

Грант алуучулардын үч тобу бар: чет мамлекеттердин өкмөттөрүнө гранттар (261), эл аралык уюмдарга төгүмдөр (262) жана мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине гранттар (263).

Учурдагы гранттар болуп кандайдыр бир активди алууга байланышпаган учурдагы чыгашаларды ишке ашыруу максатында берилген гранттар саналат. Капиталдык гранттарда грант алуучу тарабынан активдерди сатып алуусу, же болбосо кандайдыр бир активди же активдерди (материалдык жүгүртүү каражаттарынын запастарынан башка) сатып алуу үчүн пайдаланууга тийиш болгон акча каражаттарды которуу, же болбосо активди (материалдык жүгүртүү каражаттарынын запастарынан жана акча каражаттарынан башка) өткөрүп берүү, же болбосо кредиторлор менен дебиторлор ортосундагы өз ара макулдашуу боюнча милдеттенмелерди жокко чыгаруу, же башка институционалдык бирдиктин карызын өзүнө кабыл алуу каралат (анткени бюджеттик классификация акча агымдарын эсепке алуу максаттары үчүн пайдаланылат – акча агымдарынын формасына ээ эмес кандай болбосун капиталдык гранттар эсептер планында эсепке алынат).

2611 Чет өлкөлөрдүн өкмөттөрүнө учурдагы гранттар, төмөнкүнү камтыйт:

26111 Чет өлкөлөрдүн өкмөттөрүнө учурдагы гранттар, төмөнкүнү камтыйт:

26111100 Чет өлкөлөрдүн өкмөттөрүнө учурдагы гранттар

2612 Чет өлкөлөрдүн өкмөттөрүнө капиталдык гранттар, төмөнкүнү камтыйт:

26121 Чет өлкөлөрдүн өкмөттөрүнө капиталдык гранттар, төмөнкүнү камтыйт:

26121100 Чет өлкөлөрдүн өкмөттөрүнө капиталдык гранттар

2621 Эл аралык уюмдарга учурдагы төгүмдөр, төмөнкүнү камтыйт:

26211 КМШ алкагында эл аралык уюмдарга жана бирикмелерге төгүмдөр (учурдагы гранттар), төмөнкүнү камтыйт:

26211100 Эл аралык уюмдарга төгүмдөр

26211200 КМШ алкагында интеграциялык бирикмелерге төгүмдөр

26211300 Кыргыз Республикасынын ЖӨБ органдарынын ассоциацияларына, бирликтерине төгүмдөр

26211900 Башка кайтарымсыз которуулар

2622 Эл аралык уюмдарга капиталдык гранттар, төмөнкүнү камтыйт:

26221 Эл аралык уюмдарга капиталдык гранттар, төмөнкүнү камтыйт:

26221100 Эл аралык уюмдарга капиталдык гранттар.

2631 Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине учурдагы гранттар, төмөнкүнү камтыйт:

26311 Жергиликтүү бюджеттерге трансферттер

26313 Социалдык фондго бөлүнгөн каражаттар

26314 Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна бөлүнгөн каражаттар

26315 Социалдык фонддун бюджетинен берилүүчү каражаттар

26316 Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинен берилүүчү каражаттар

26311 Жергиликтүү бюджеттерге трансферттер, төмөнкүнү камтыйт:

26311100 Теңдөөчү гранттар

26311200 Максаттуу трансферттер

26311300 Жергиликтүү бюджеттин деңгээлдеринин ортосундагы максаттуу трансферттер

26313 Социалдык фондго бөлүнгөн каражаттар – мыйзамдарга ылайык төлөп берүү булагы республикалык бюджет катары белгиленген жеңилдетилген пенсияларды, пенсиянын базалык бөлүгүн, пенсияларга үстөк акыларды, компенсацияларды ж.б. төлөө

боюнча Социалдык фонддун бюджетине республикалык бюджеттен берилген акча каражаттар эсепке алынат.

26313100 Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын базалык бөлүгү

26313210 Бийик тоолуу шарттарда иштегендиги үчүн жеңилдик берилген пенсиялар

26313220 Алыскы жана барууга кыйын райондордо иштегендиги үчүн жеңилдик берилген пенсиялар

26313230 Көп балалуу энелерге жана тубаса майып балдардын энелерине жеңилдик берилген пенсиялар

26313300 Калктын айрым категорияларына пенсиялар

26313400 Аскер кызматкерлерине пенсиялар

26313500 Аскер кызматкерлери курман болгондо, майып болгондо милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу

26313610 Электр энергиясы үчүн пенсияларга компенсациялык төлөөлөр

26313620 Чернобыль АЭС авариясынын кесепеттерин жоюуга катышкандарга, эмгектен майып болгондорго компенсациялык төлөөлөр

26313700 Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын кабыл алуунун натыйжасында түзүлгөн Социалдык фонддун бюджетинин кошумча чыгашаларын же кирешелерин жоготууларды компенсациялоо

26313800 Пенсияларга үстөк акылар

26314 Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна бөлүнгөн каражаттар, мыйзамдарга ылайык төлөп берүү булагы республикалык бюджет катары белгиленген каражаттарды Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетине республикалык бюджеттен берилген акча каражаттар эсепке алынат.

26314100 Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна бөлүнгөн каражаттар

26315 Социалдык фонддун бюджетинен берилүүчү каражаттар – ММК фондуна, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна, МТПФга (утурумдук түшүүлөр жана мурдагы жылдар үчүн

карыздардын ордун жабуу) жыйналган камсыздандыруу төгүмдөрүн өткөрүп берүү эске алынат

26315100 Социалдык фондунун бюджетинен Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна берилүүчү каражаттар

26315200 Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун каражаттарын бөлүштүрүү боюнча ыйгарым укуктуу органга берилүүчү каражаттар

26315300 Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондуна берилүүчү каражаттар

26316 Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинен берилүүчү каражаттар

26316100 Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинен берилүүчү каражаттар

2632 Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине капиталдык гранттар, төмөнкү элемент кирет:

26321100 Мамлекеттик башкаруунун секторлорунун башка бирдиктерине капиталдык гранттар

27 Социалдык жөлөк пулдар жана төлөөлөр

27-категория Социалдык жөлөк пулдар жана төлөөлөр, бюджеттердин каражаттарынын эсебинен социалдык, пенсиялык жана медициналык камсыздандыруунун алкагында жөлөк пулдарды, анын ичинде мамлекеттик пенсиялык камсыздоо боюнча пенсияларды төлөөгө кеткен чыгашалар кирет. Социалдык жөлөк пулдар программалардын түрлөрүнө жараша, арасында социалдык камсыздоо программасы, социалдык жардам, социалдык камсыздандыруу программасы жана башкалар бөлүнүп, төлөмдөр жүргүзүлгөндүгү боюнча классификацияланат. Социалдык жөлөк пулдар жалпысынан калкты же жарандардын айрым категорияларын белгилүү бир социалдык тобокелдиктерден коргоо максатында акчалай же натуралай формада трансферттер катары аныкталат. Социалдык тобокелдик – бул кирешелердин кыскарышынын жыйынтыгында каражаттарды сарптоого кошумча керектөөлөрдүн пайда болушуна байланыштуу белгилүү бир адамдардын мүлктүк абалына терс таасир эте турган окуя же жагдай. Мисалы, медициналык кызмат көрсөтүү, жумушсуздук боюнча жөлөк пулдарды жана социалдык камсыздоо боюнча пенсияларды берүү. Бардык

социалдык жөлөк пулдар капиталдык эмес, учурдагы трансферттер болуп саналат.

2711 Социалдык камсыздоо боюнча жөлөк пулдар, төмөнкү кичи статьяларды жана элементтерди камтыйт:

27111 Социалдык камсыздоо боюнча жөлөк пулдар, төмөнкү элементтерди камтыйт:

27111100 Калкты социалдык камсыздандыруу боюнча төлөөлөр – майыптыгы, баккан адамынан айрылгандыгы, курагы боюнча пенсиялардын, анын ичинде жеңилдетилген шарттарда пенсиялардын (көп балалуу энелер, бийик тоолуу, алыскы барууга кыйын райондор, № 1, № 2 тизмелер, эмгектик мертинүү боюнча зыяндын ордун жабуу суммасы, эмгектин өзгөчө шарттары ж.б.), пенсияларга үстөк акылардын, компенсациялардын ж.б. төлөнүп берилиши эске алынат.

27111200 Пенсионердин сөөгүн коюуга жөлөк пул – Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» мыйзамы боюнча пенсия алуучу пенсионерлердин сөөгүн коюуга жөлөк пулдардын төлөнүп берилиши эске алынат.

27111300 Аскер кызматкерлерине пенсиялар – Кыргыз Республикасынын «Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө» мыйзамы боюнча пенсиялардын, пенсияларга үстөк акылардын жана дайындалган пенсияларга компенсациялардын төлөнүп берилиши эске алынат.

27111400 Аскер кызматкерлери каза болгондо, майып болгондо милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу боюнча төлөөлөр

27111500 Пенсиянын топтомо бөлүгүн төлөө, камсыздандырылган адамдарга пенсияга чыкканда, республикадан тышкары туруктуу жашоого кеткенде, камсыздандырылган адам каза болгондон кийин мураскорлоруна пенсиянын топтомо бөлүгүн төлөөнү каржылоо боюнча чыгашалар кирет

27115 Калкты медициналык камсыздандыруу боюнча компенсациялык төлөөлөр

27115100 16 жашка чейинки балдарды медициналык камсыздандыруу боюнча компенсациялык төлөөлөр

27115200 Пенсионерлерди медициналык камсыздандыруу боюнча компенсациялык төлөөлөр

27115300 Социалдык жөлөк пулдарды алган адамдарды, анын ичинде бала кезинен майып адамдарды медициналык камсыздандыруу боюнча компенсациялык төлөөлөр

27115400 21 жашка чейинки студенттерди медициналык камсыздандыруу боюнча компенсациялык төлөөлөр

27115500 Жумушсуздарды медициналык камсыздандыруу боюнча компенсациялык төлөөлөр

27115600 Аскер кызматкерлерин медициналык камсыздандыруу боюнча компенсациялык төлөөлөр

272 Калкка социалдык жардам боюнча жөлөк пул, социалдык камсыздандыруу программалары жок болгон учурда, социалдык камсыздандыруу программаларына белгилүү бир үй чарбалары катышпаган убакта, же айкын муктаждыктардын ордун жабуу үчүн социалдык камсыздандыруу боюнча жөлөк пулдар жетишсиз болуп калган убакта төлөнөт. Социалдык жардам көрсөтүү боюнча жөлөк пулга адатта социалдык камсыздандыруу, мисалы, табигый кырсыктарга байланыштуу программалары менен жабылбай турган окуяларга же жагдайларга байланыштуу трансфеттер кирбейт (айкын мааниде социалдык жардам боюнча жөлөк пулдар калкка трансферттерден турат, ал өз мүнөзү боюнча айкын мааниде социалдык камсыздоо боюнча жөлөк пулдарга окшош жана социалдык жардам боюнча жөлөк пулдар сыяктуу эле берилет).

2721 Калкка социалдык жардам боюнча жөлөк пул, төмөнкү кичи статьяларды жана элементтерди камтыйт:

27211 Калкка социалдык жардам боюнча жөлөк пул, төмөнкү элементтерди камтыйт:

27211100 Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жөлөк пул

27211200 Бала төрөлгөндө бир жолку жөлөк пул

27211300 Бала 3 жашка чыкканга чейин энеге жөлөк пул

27211400 Жумушсуздук боюнча жөлөк пул

27211500 Калкка социалдык төлөөлөр, баатыр энелерге, бала кезинен майыптарга, пенсиялык камсыздоого ээ эмес майыптарга жана улгайгандарга социалдык жөлөк пулдар эске алынат

27211600 Баккан адамынан айрылганга байланыштуу компенсациялык төлөөлөр

27211700 Өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал режими шартында илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө же медициналык жардам көрсөтүү учурунда эмгектик милдеттерин аткарып жатканда инфекция жуккандан улам каза болгон саламаттык сактоо уюмдарынын медицина жана башка кызматкерлеринин үй-бүлөлөрүнө бир жолку төлөмдөрдү жана компенсацияларды төлөө

27212 Башка социалдык жөлөк пулдар жана төлөөлөр, төмөнкү элементтерди камтыйт:

27212100 Убактылуу эмгекке жарамсыздык боюнча жөлөк пул

27212200 Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөк пул

27212300 Сөөк коюуга жөлөк пул төлөө

27212400 Убактылуу турак жайды жалдоо үчүн аскер кызматкерлерине компенсациялык төлөөлөр

27213 Жеңилдиктердин ордуна компенсациялар жана калкка жеңилдиктер, төмөнкү элементти камтыйт:

27213100 Жеңилдиктердин ордуна компенсациялар жана калкка жеңилдиктер

27214 Калктын ишке орношуусуна көмөк көрсөтүү боюнча башка чыгашалар, төмөнкү элементти камтыйт;

27214100 Кесиптик окутууга чыгашалар

27214200 Коомдук иштерди уюштурууга чыгашалар

27214300 Микрокредиттөөгө чыгашалар

27214400 Жумуш орунуна чек

27215 Ден соолукту чыңдоо иш-чараларына чыгашалар, төмөнкү элементти камтыйт:

27215100 Кызматкерлерди жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн ден соолугун чыңдоо иш-чараларына чыгашалар

27215200 Ар дайым багууга жана көзөмөлгө муктаж болгон, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балага жеке ассистентке чыгашалар

27216 Жаратылыш кырсыктарынан жабыркаган калкка кайтарымсыз жардам, төмөнкү элементти камтыйт:

27216100 Жаратылыш кырсыктарынан жабыркаган калкка кайтарымсыз жардам, табигый кырсыктардан жана демографиялык мүнөздөгү кырсыктардан жабыр тарткан калкка төлөөлөр эске алынат.

28 Башка чыгашалар

28-категория Башка чыгашалар, мамлекеттик бийлик органдарынын же алардын кызмат адамдарынын мыйзамсыз аракеттеринен (аракеттенбей коюусунан) келтирилген зыяндын ордун жабууга, сот органдарынын чечими боюнча моралдык зыянды калыбына келтирүүгө чыгашалар, соттордун тиешелүү чечимдерине ылайык доогерлерге акчалай компенсацияларды төлөө кирет. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Президенти менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана башка аткаруу бийлик органдарынын резервдик фонддорун түзүүгө каражаттар пландаштырылат. Эгерде белгиленген тартипте көрсөтүлгөн резервдик фонддордун каражаттарын пайдалануу жөнүндө чечим кабыл алынса, алар тармактарга жана ведомстволорго тийиштүүлүгүнө жараша функционалдык классификациянын тиешелүү бөлүктөрүнө ылайык чагылдырылат.

Ошондой эле чыгашалардын бул категориясына комиссиялык төлөм, тейлөө үчүн төлөм, администрлөө үчүн төлөм сыяктуу башка төлөмдөр, чет мамлекеттерден жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча бир жолку жыйымдар кирет.

Жогоруда аталган төлөмдөр институционалдык бирдиктер тарабынан төлөнүүгө тийиш, ал милдеттенмелердин белгилүү бир түрүн, атап айтканда чет мамлекеттерден жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча милдеттенмелерди өзүнө алат. Бул милдеттенмелер мамлекеттик башкаруу секторунун бирдиги башка институционалдык бирдиктен карыз каражатын алганда келип чыгат. Бир жолку жыйымдарды эске албаганда, бул төлөмдөр кредиторлор тарабынан берилген зайымдын өздөштүрүлбөгөн суммасын пайдаланбагандыгы үчүн мамлекеттик башкаруу секторунун бирдигинин чыгашалары саналат.

Бир жолку жыйымдар институционалдык бирдиктер тарабынан төлөнүүгө тийиш болгон бир жолку жана бир жолку төлөнүүчү төлөмдү түшүндүрөт, ал милдеттенмелердин белгилүү бир түрүн, атап айтканда чет мамлекеттерден жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча милдеттенмелерди өзүнө алат.

Эмгек акы төлөөгө, өз керектөөлөрү үчүн мекемелердин кызматын пайдаланууга, мамлекеттик карыздык милдеттенмелерди тейлөөгө, бюджеттик каражаттардын эсебинен акы төлөөсүз жана кайтарымсыз трансферттерди уюмдарга, социалдык камсыздоо жүргүзгөн бюджеттерге берүүгө чыгашалар кирбейт.

2821 Башка классификацияланбаган чыгашалар, төмөнкү кичи статьяны жана элементтерди камтыйт:

28211 Стипендиялар, төмөнкү элементти камтыйт:

28211100 Стипендиялар, билим берүүгө стипендиялар жана башка жөлөк пулдар эске алынат

28212 Туура эмес чегерилген акча каражаттарды которуу

28212100 МТПФдан туура эмес чегерилген акча каражаттарын которуу

28212200 Пенсиялык фонддон туура эмес чегерилген акча каражаттарын которуу

28213 Чет мамлекеттерден жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча башка төлөмдөрдү төлөө

28213100 Чет мамлекеттерден жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана насыялар боюнча башка төлөмдөрдү төлөө. Чет мамлекеттерден жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча (комиссиялык төлөмдөр, тейлөө үчүн төлөмдөр, администрлөө үчүн төлөм, бир жолку жыйымдар ж.б.) башка төлөмдөрдү төлөө.

28217 Натыйжага багытталган милдеттенмелерди аткаруу боюнча башка чыгашалар

28217100 Натыйжага багытталган милдеттенмелерди аткаруу боюнча башка чыгашалар

28219 Башка классификацияланбаган чыгашалар

28219100 Башка классификацияланбаган чыгашалар, башка категорияларга киргизилбеген башка чыгашалар, анын ичинде алуучуларга кийин берүү үчүн – тамак-аш продукттары, кийим-кече, жууркан жана дары-дармектер – айкын формада кайрымдуулук уюмдарына трансферттер; табигый кырсыктардан улам келтирилген жаракаттар же зыяндар үчүн компенсация катары төлөмдөр; адам өмүрүн камсыздандырууга тиешеси жок, камсыздандыруунун

ордун толтуруу жөнүндө талаптар боюнча төлөмдөрдөн тышкары, мамлекеттик башкаруу секторунун бирдиктери тарабынан келтирилген жеке адамдардын жаракаттары же менчикке келтирилген зыяндары үчүн компенсация түрүндө төлөмдөр; адам өмүрүн камсыздандыруу боюнча премиялардан тышкары, ар башка жагымсыз окуялар же бөөдө кырсыктар учурунда ордун жабууну камсыз кылуу үчүн камсыздандыруу компанияларына төлөнүлгөн камсыздандыруучу премиялар.

2822 Капиталдык башка ар түрдүү чыгашалар, төмөнкү элементти камтыйт:

28221100 Капиталдык башка ар түрдүү чыгашалар, үй чарбаларын тейлөөчү рыноктук ишканаларга жана коммерциялык эмес уюмдарга акчалай же натуралай формада капиталдык трансферттер, финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча чыгымдарды толук же жарым-жартылай ордун жабууга, эки же бир жылдан ашуун топтолгон, ири операциялык тартыштыктын ордун жабууга, карызкор менен өз ара макулдашуу боюнча карызды жокко чыгарууга же карызды кабыл алууга капиталдык трансферттер кирет.

2823 Соттун чечимдерин аткаруу, төмөнкү кичи статьяны жана элементтерди камтыйт:

28231 Соттун чечимдерин аткаруу

28231100 Соттун чечимдерин аткаруу, мамлекеттик бийлик органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын мыйзамсыз аракеттери (аракетсиздиги) менен келтирилген зыяндын ордун толтурууга, сот органдарынын чечими боюнча моралдык зыяндын ордун толтурууга, соттордун тиешелүү чечимдери боюнча доогерлерге акчалай компенсация төлөөгө чыгашалар, статуттук жана жалпы укуктук нормалары боюнча иштеген соттордун же квазисоттук органдардын чечимдери боюнча салынган айыптар жана туумдар кирет.

28231200 Ээлеген кызмат ордунан мыйзамсыз бошотулган кызмат адамдарына компенсациялар. Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» мыйзамынын 41-беренесине ылайык ээлеген кызматынан мыйзамсыз бошотулган кызмат адамдарына компенсацияларды төлөө эске алынат.

2824 Резервдик фонддор, төмөнкү кичи статьяны жана элементти камтыйт:

28241 Резервдик фонддор

28241100 Резервдик фонддор республика боюнча жүргүзүлгөн экономикалык, социалдык, маданий жана башка мамлекеттик иш-чаралар боюнча күтүлбөгөн чыгашалардын ордун жабуу үчүн каражаттар кирет, ал тиешелүү жылга Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттерин түзүүдө жана бекитүүдө эске алынбаган, анын ичинде төмөнкү максаттарга:

− табигый кырсыктарды жана өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана жоюу боюнча маселелерди ыкчам чечүү;

− мамлекеттик жана муниципалдык менчикте турган социалдык-маданий объекттердин жана инфраструктуралардын материалдык техникалык базасын оңдоого жана жакшыртууга жарым-жартылай финансылык колдоо көрсөтүү;

− республикалык масштабда расмий күндөргө арналган иш-чараларды өткөрүү;

− спорттук мелдештерди жана маданий-массалык иш-чараларды жүргүзүүдө финансылык колдоо көрсөтүү;

− Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлерине жана катышуучуларына, эмгек ардагерлерине, Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүнө жана гүлдөп өсүшүнө салым кошкон Кыргыз Республикасынын белгилүү адамдарына, оор жашоо шартындагы калктын аярлуу катмарына, бир эле учурда үч жана андан көп бала төрөгөн аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө, ошондой эле Жогорку Кеңештин, Президенттин жана Өкмөт Аппараттарында 10 жыл жана андан ашуун иштегендерге бир жолку материалдык жардам көрсөтүү;

− Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын жана Өкмөт Аппаратынын кызматкерлерине материалдык-техникалык камсыздоо жана материалдык жардам көрсөтүү;

− республикалык социалдык, маданий-массалык жана башка иш-чараларды даярдоодо жана жүргүзүүдө кошумча финансылык жардам көрсөтүү;

− Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин чечимдерине ылайык социалдык-маданий маанидеги жана кечиктирилгис каржылоону талап кылуучу максаттарга;

− Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин чечимдерине ылайык башка максаттарга.

28241200 Социалдык фонддун Резервдик фонду, Социалдык фондго жана анын регионалдык органдарына жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды аткаруу боюнча алардын ишин жакшыртууга, финансылык туруктуулукту камсыздоого багытталган максаттарга жана иш-чараларга чыгашалар эске алынат. Мындан тышкары, пенсияларды төлөө, сөөк коюуга төлөө, кайрымдуулук иш-чараларын, Мамлекеттик программалардын алкагында өткөрүлгөн иш-чараларды каржылоо, консультациялык жана жарнамалык материалдарды ЖМКда жарыялоо боюнча чыгашаларды каржылоо, пенсиялык саясат боюнча адабияттарды сатып алуу боюнча чыгашалар жүргүзүлөт.

2825 Пенсиялык топтомо каражаттарын өткөрүп берүү

28251 Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду тарабынан пенсиялык топтомо каражаттарын өткөрүп берүү, төмөнкү элементтерди камтыйт:

28251100 Башкаруучу компанияларга ишеним менен башкарууга пенсиялык топтомо каражаттарын өткөрүп берүү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башкаруучу компанияларга ишенимдүү башкарууга өткөрүп берилген камсыздандырылган адамдардын пенсиялык топтомо каражаттары эске алынат.

28251200 Пенсиялык топтомо каражаттарын топтомо пенсиялык фонддорго өткөрүп берүү – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык топтомо пенсиялык фондго өткөрүп берилген камсыздандырылган адамдардын пенсиялык топтомо каражаттары эске алынат.

2826 Пенсиялык топтомо каражаттарын инвестициялоо боюнча чыгашалар 28261 Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун

пенсиялык топтомо каражаттарын инвестициялоо боюнча чыгашалар, төмөнкү элементтерди камтыйт:

28261100 Башкаруучу компаниялардын кызмат көрсөтүүлөрү, пенсиялык топтомо каражаттарды ишенимдүү башкарууда башкаруучу компаниялар тарабынан жүргүзүлгөн керектүү чыгашалардын ордун толтурууга чыгашалар эске алынат.

28261200 Депозитарий кызмат көрсөтүүлөрү, депозитарийдин кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөө боюнча чыгашалар кирет

28261300 Аудиторлордун кызмат көрсөтүүлөрү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык дайындалган аудиторлордун кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөө боюнча чыгашалар кирет.

28261400 Жоопкерчиликти милдеттүү камсыздандыруу келишимдери боюнча камсыздоочулардын кызмат көрсөтүүлөрү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликти милдеттүү камсыздандыруу келишимдери боюнча камсыздоочулардын кызмат көрсөтүүлөрүн төлөөгө чыгашалар кирет.

28261500 Пенсиялык топтомо каражаттарын түзүү жана инвестициялоо боюнча башка катышуучулардын кызмат көрсөтүүлөрү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык пенсиялык топтомо каражаттарын түзүү жана инвестициялоо боюнча катышуучулардын кызмат көрсөтүүлөрүн төлөөгө чыгашалар кирет.

2828 Социалдык фондунун өнүктүрүү фонду

28281 Социалдык фондунун өнүктүрүү фонду

28281100 Социалдык фондунун өнүктүрүү фонду, Социалдык фонддун материалдык-техникалык базасын чыңдоо, кызматкерлерди материалдык жактан колдоо жана социалдык коргоо, өтө муктаж болгон пенсионерлерге материалдык жардам көрсөтүү, социалдык-маданий иш чараларды өткөрүү боюнча Социалдык фонддун өнүктүрүү фондунун чыгашалары эске алынат.».

− Кирешелердин классификациясын, Чыгашалардын экономикалык классификациясын жана Активдер жана милдеттенмелер менен операциялардын классификациясын колдонуунун тартиби жөнүндө көрсөтмөлөрдүн «IV. Активдер жана милдеттенмелер боюнча операциялардын классификациясы» бөлүгүнө төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

«31211120 Дан өсүмдүктөрүн сатуу» деген саптан кийин төмөнкү мазмундагы сап менен толукталсын:

«

31211130 Дары-дармектерди сатуу»;

− «31211220 Дан өсүмдүктөрүнүн запастарын сатып алуу «деген саптан кийин төмөнкү мазмундагы сап менен толукталсын:

«

31211230 Дары-дармектердин запасын сатып алуу».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2020-жылдын 28-декабрындагы**
**№ 2020-П-14/75–1-(ПС)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 18-мартындагы № 2020-П-12/13–1-(БС) «COVID-19 пандемиясына байланыштуу финансы-кредит уюмдарынын ишин убактылуу жөнгө салуу эрежелери жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» мыйзамынын 20 жана 68-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 18-мартындагы № 2020-П-12/13–1-(БС) «COVID-19 пандемиясына байланыштуу финансы-кредит уюмдарынын ишин убактылуу жөнгө салуу эрежелери жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүү киргизилсин:

8–1 жана 8–2-пунктулар күчүн жоготкон катары таанылсын.

2. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом 2021-жылдын 1-февралынан тартып күчүнө кирет.

4. Төлөм системалары башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, «Банктар аралык процессинг борбору» жабык акционердик коомун, «Кыргыз почтасы» мамлекеттик ишканасын, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондун, Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигин, Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын, Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышын контролдоо Төлөм системалары башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2020-жылдын 28-декабрындагы**
**№ 2020-П-14/75–2-(ПС)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 29-июнундагы № 2020-П-14/38–6-(ПС) «COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылышына байланыштуу төлөм уюмдарына/төлөм системаларынын операторлоруна инспектордук текшерүүлөрдү, өтүнмө берүүчүлөргө алдын ала текшерүүлөрдү жүргүзүүнү токтото туруу боюнча убактылуу чаралар жөнүндө» токтомун күчүн жоготкон катары таануу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» мыйзамынын 20 жана 68-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 29-июнундагы № 2020-П-14/38–6-(ПС) «COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылышына байланыштуу төлөм уюмдарына/төлөм системаларынын операторлоруна инспектордук текшерүүлөрдү, өтүнмө берүүчүлөргө алдын ала текшерүүлөрдү жүргүзүүнү токтото туруу боюнча убактылуу чаралар жөнүндө» токтому күчүн жоготкон катары таанылсын.

2. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялагандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Төлөм системалары башкармалыгы ушул токтом менен Кыргыз Республикасынын төлөм уюмдарын, төлөм системаларынын операторлорун жана «KG (КЕЙ ДЖИ) төлөм системасынын операторлору ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин тааныштырсын.

5. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана документ менен иш алып баруу бөлүмү ушул токтом менен Улуттук банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын, Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

6. Токтомдун аткарылышын контролдоо Төлөм системалары башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2020-жылдын 28-декабрындагы**
**№ 2020-П-12/75–3-(НПА)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» мыйзамынын 20 жана 68-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна өзгөртүүлөр (кошо тиркелет) киргизилсин:

− 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/3 «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү» жобону бекитүү жөнүндө»;

− 2010-жылдын 30-июнундагы № 52/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө»;

− 2012-жылдын 4-июлундагы № 28/7 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан көзөмөлдөнгөн коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит уюмдарынын күрөөгө коюлган мүлк менен иштөө тартибин» бекитүү жөнүндө»;

− 2012-жылдын 29-августундагы № 36/2 «Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктардын жана микрофинансылык компаниялардын кыймылсыз мүлк менен айрым бүтүмдөрү/операциялары жөнүндө» жобосун бекитүү жөнүндө»;

− 2017-жылдын 31-майындагы № 21/5 «Банктын аффилирленген жана байланыштуу жактар менен операцияларына карата талаптар жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу».

2. Токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Банктарды көзөмөлдөө методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен «Кыргызстан банктарынын союзу» юридикалык жактар бирикмесин, коммерциялык банктарды, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкын, «Микрофинансы уюмдарынын ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин, депозиттерди тартуу менен иш алып баруу укугуна ээ микрофинансылык компанияларды, «Кредиттик союздардын каржы компаниясы» ААКты, «Кепилдик фонду» ААКты, турак жай-сактык кредиттик компанияларды, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышын контролдоо Банктарды көзөмөлдөө методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын
Улуттук банк Башкармасынын
2020-жылдын 28-декабрындагы
№ 2020-П-12/75–3-(НПА)
токтомуна карата тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр

1. Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/3 «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервке тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү» жобону бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобонун:

− 1-главасы төмөнкү мазмундагы 1.9-пункт менен толукталсын:

«1.9. Банктын ички документтеринде классификацияланууга тийиш болгон ар бир активдин түрү боюнча аларга потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам өлчөмү тууралуу чечим кабыл алууну бекитүү үчүн жооптуу жактар/органдар/түзүмдүк бөлүмдөр аныкталууга тийиш.»;

− 9.1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«9.1. Банк классификацияланган кредит боюнча камсыздоо болуп саналган турак эмес мүлктү балансқа кабыл алган учурларды кошпогондо, банктын активди төлөөгө кабыл алынган башка менчиги балансқа баштапкы таанылгандан кийин «субстандарттуу» актив катары классификацияланат. Мындай башка менчик объектине банк күрөөлүк мүлктү балансқа кабыл алган учурда, ал боюнча турак эмес мүлк камсыздоо болуп саналган кредитти классификациялоо категориясы ыйгарылууга тийиш.».

2. Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 30-июнундагы № 52/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит уюмдарында кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун:

− 8.1-пунктунун:

он алтынчы абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- ошол эле бир банктын ичинде кредит боюнча негизги карыздын суммасына чегерилген пайыздарды кошууга жана андан ары жалпы негизги суммага жана кошулган чегерилген пайыздарга пайыз чегерүүгө (пайыздарды капитализациялоого) тыюу салуу;»;

төмөнкү мазмундагы он тогузунчу абзац менен толукталсын:

«- жана башкаларды.»;

− 55-пунктунун экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- күрөө предмети жана анын күрөөлүк наркы (күрөө коэффициентин эске алуу менен);»;

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит уюмдарында кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобого карата 1-тиркемеде:

− 22-пунктунун экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- күрөөнүн адилет (рыноктук) наркы;».

3. Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 4-июлундагы № 28/7 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан көзөмөлдөнгөн коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит уюмдарынын күрөөгө коюлган мүлк менен иштөө тартибин» бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан көзөмөлдөнгөн коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит уюмдарынын күрөөгө коюлган мүлк менен иштөө тартибинин»:

− 4-пункту төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«Күрөө менен ордун жабуу коэффициенти – мүлктүн күрөөлүк наркынын кредиттин суммасына карата катышы (күрөө коэффициентин эске алуу менен).

Күрөө коэффиценти – кредитти камсыздоо катары кабыл алынган күрөөнүн рыноктук наркын төмөндөтүү коэффициенти, анда мүлктү сатуу жана өндүрүп алуу боюнча чыгымдар, ошондой эле мүлктүн болжолдуу баасы эсепке алынат.»;

− 11-пунктунун биринчи абзацындагы «башкармалыктын» деген сөз «бөлүмдүн» дегенге алмаштырылсын;

− 12-пункт төмөнкү мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын:

«Берилген кредиттин суммасы банктын ички документтеринде жөнгө салынган күрөө менен ордун жабуу коэффициентинин жана күрөө коэффициентинин өлчөмүн эске алуу менен аныкталууга тийиш.»;

− 16-пункт төмөнкү мазмундагы жетинчи жана сегизинчи абзацтар менен толукталсын:

«- күрөө менен ордун жабуу коэффициентинин өлчөмү;

− күрөөнүн түрүнө, анын ликвидүүлүгүнө жана башка өзгөчөлүгүнө жараша күрөө коэффициентинин маанисин колдонуу критерийлери;»

− 3-главасы төмөнкү мазмундагы 21–1-пункт менен толукталсын:

«21–1. Банктын ички документтеринде мүлктү күрөө катары кабыл алууда банктын баалоочу кызматкеринин (ички баа берүү) сыяктуу эле, ишке тартылган көз карандысыз баалоочунун да банктын мүлкүн баалоо функциясынын көз карандысыздыгына коркунуч жараткан аракеттерге банк тарабынан жол берилбей тургандыгын камсыздаган талаптар каралууга тийиш, анын ичинде:

− мүлктүн күтүлүп жаткан же белгиленген алдын ала бааланган рыноктук наркы, же кредиттин суммасы же болбосо күрөө менен ордун жабуунун максаттуу коэффициенти тууралуу (ички же болбосо ишке тартылган) баалоочуга маалымдоого;

− кредитти же баалоо жүргүзүүнү бекитүү үчүн менчиктин минималдуу рыноктук наркы боюнча талапты көрсөтүүгө;

− менчик белгилүү бир суммага бааланбагандыктан, көз карандысыз (тартылган) баалоочуга сый акыны төлөөдөн баш тартууга;

− баалоочунун кызматын учурда же келечекте пайдалануу баалоочу (ички же ишке тартылган) мүлктү баалаган суммадан жана/же балоочу мүлктүн өзгөчүлүктөрүнөн көз карандылыгына жол берүүгө;

− мүлктү баалоочу кызматкерге эмгек келишимин токтотууга чейин бир нече тартип жазасын колдонуу, же көз карандысыз (ишке тартылган) баалоочу тарабынан аныкталган рыноктук нарк банктын ички документтерине ылайык мүлктү күрөөгө кабыл алуу үчүн белгиленген чектүү мааниге дал келбегендигине байланыштуу, баалоочу менен келечекте кызматташуудан баш тартууга.

Эгерде банктын ыйгарым укуктуу кызматкери/көз карандысыз баалоочу тарабынан аныкталган күрөөгө кабыл алынуучу мүлктүн рыноктук наркы Кредиттик комитет же кайсы болбосун башка ыйгарым укуктуу орган тарабынан кайра балоого жөнөтүлсө, мындай чечим кабыл алган жактарды/жакты так көрсөтүү менен кайра балоонун зарылдыгы боюнча кат түрүндө түшүндүрмөлөр берилип, жогорку башкаруу органына тааныштырылууга тийиш.

Күрөөгө кабыл алынуучу мүлктү баалоо жана анын рыноктук жана күрөөлүк наркын аныктоочу эрежелерден жана жол-жоболордон кандай болбосун четтөө жагдайы талаптагыдай документтештирилүүгө жана күрөөгө кабыл алынуучу мүлктү баалоо боюнча жоопкерчиликтүү банктын бөлүмүнүн жетекчилерине сунушталууга тийиш.»;

− 22-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«22. Кредит берүү жөнүндө чечим кабыл алууда күрөөнүн наркы карыз алуучунун банк/ФКУ алдындагы милдеттенмелеринин ордун жабууга тийиш экендигин эске алуу зарыл.

Кыймылсыз мүлк рыногу банктын/ФКУнун күрөөнү сатуу мүмкүнчүлүгүнө терс таасирин тийгизиши мүмкүн болгон ар түрдүү өзгөрүүлөргө дуушар болорун эске алсак, күрөөнүн адилет наркынан тышкары жоюу наркын да эске алуу маанилүү.

Буга байланыштуу, күрөө коэффициенти келечекте күрөөнүн баасы төмөндөшү мүмкүндүгүн эске алуу менен банк тарабынан баалануугa

жана белгиленүүгө тийиш. Күрөө коэффициенти жана күрөө менен ордун жабуу коэффициенти да күрөөнү тез сатууга салыштырмалуу өлчөмдө белгиленүүсү зарыл. Алсак, атайын багыттагы турак эмес кыймылсыз мүлк объекттерин (заводдор, цехтер, мүлк комплекстери, өндүрүш же айыл чарба багытындагы курулмалар жана башка объекттер) сатуу тездиги, мисалы, кеңсе багытындагы турак эмес жайларга же турак жай мүлкүнө салыштырганда төмөн.»;

− 27-пункту төмөнкү мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

«Эгерде банк тарабынан күрөө мүлкүнүн учурдагы наркы төмөндөгөндүгү аныкталса, анда ал бул фактыны күрөөнү текшерүү актына киргизүүсү зарыл.»;

− 28-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«28. Адилет конъюнктура өзгөрүп, күрөөнү сактоо шарттары талапка ылайык келбегендиктен күрөө предметинин наркынын төмөндөшүн жана абалынын начарлашын шарттаса же аны жоготуу коркунучу орун алса, банк/ФКУ карызгерден күрөөнү сактоо шарттарын талапка ылайык келтирүүнү же болбосо аны кыйла ликвиддүү күрөөгө алмаштырууну, же болбосо кошумча камсыздоону талап кылууга тийиш.».

4. Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 29-августундагы № 36/2 «Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктардын жана микрофинансылык компаниялардын кыймылсыз мүлк менен айрым бүтүмдөрү/операциялары жөнүндө» жобосун бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктардын жана микрофинансылык компаниялардын кыймылсыз мүлк менен айрым бүтүмдөрү/операциялары жөнүндө» жобонун:

− 10-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«10. Банктын Директорлор кеңеши чейрек сайын кыймылсыз мүлктү сатуу маселесин кароого алуу жыйынтыгы жана банктын кат жүзүндөгү отчеттору менен таанышып турууга тийиш.

Эгерде банк башка кыймылсыз мүлктү ушул Жобонун 5-пунктунда белгиленген мөөнөттө сата албаса, анда анын себеби тууралуу маселе Директорлор кеңеши тарабынан каралууга тийиш.

Директорлор кеңеши Башкарманын башка кыймылсыз мүлктүн абалы жөнүндө чейректик отчетторунун негизинде ушул Жобонун 5-пунктунда белгиленген мөөнөттөн жогору банктын балансында турган башка кыймылсыз мүлктү сатуу боюнча андан аркы чараларды аныктоо менен банк Башкармасынын башка кыймылсыз мүлк менен иш алып баруусу натыйжалуу экендигин кароого алып, баалоого тийиш.»;

− 24-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«24. Башка кыймылсыз мүлктүн наркы кандай болбосун төмөндөгөн учурларда банк сатууга же күтүүгө кеткен чыгашаларды эсептен алып салуу менен анын адилет наркына чейин баанын түшүүсүнөн чыгымды таанууга тийиш. Эгерде кыймылсыз мүлктүн баасы төмөндөгөндөн кийин сатууга же күтүүгө кеткен сарптоолорду эсептен алып салгандан кийинки анын адилет наркы көбөйө турган болсо, банк буга чейин баанын төмөндөөсүнөн топтолгон чыгымдан ашпаган суммада гана аны таанууга тийиш.»;

− 28-пункту төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«Банкта үч жылдан ашык мөөнөт кармалып турган атайын багыттагы турак эмес башка кыймылсыз мүлктүн наркы көз карандысыз (ишке тартылган) баалоочу тарабынан эки жылда бир тастыкталып турууга тийиш.

Бул талаптан турак эмес мүлктүн төмөнкү объекттери алып салынат:

− сот тарабынан коюлган чектөөлөрдөн улам сатууга мүмкүн болбогон объекттер;

− сот чечими менен сатуу баасы аныкталган объекттер;

− банк алар боюнча финансылык ижарага берүү келишимдерин/кийин бөлүп төлөө шартында сатып алуу келишимдерин же башка ушул сыяктуу келишимдерди түзгөн объекттер.

Ушул Жобонун 5-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөт аяктагандан тартып 6 (алты) ай ичинде мүлккө баштапкы кайра баалоо жүргүзүлүүгө тийиш.

Көз карандысыз (ишке тартылган) баалоочуга (анын ичинде баалоочу компания) банктын ошол эле бир башка кыймылсыз мүлкүн катары менен экиден көп жолу баалоосуна жол берилбейт.»;

− 31-пунктунун экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

« а) мүлктү банк менен байланыштуу болбогон жакка сатуу учурунда жалпы сатуу баасынын кеминде 15% түзгөн акча каражатынын суммасын сатып алуучудан алганда жана эгерде, банк калган бөлүгүн кредит берүү аркылуу каржылай турган болсо, банктын банк менен байланыштуу жактары же аффилирленген жактары аныктамасына кирген жакка мүлктү сатуудан кеминде 40% алган учурда. Мында, банктын катышуусу кредитор катары иш алып баруу менен гана чектелүүгө, б.а. шарттары (пайыздык чендери, төлөө мөөнөттөрү, амортизациясы ж.б.) банк ушул сыяктуу максаттарга берүүчү кредиттик продуктыларынын шарттарына ылайык болууга тийиш. Мүлктү сатуу, учурдагы рыноктук пайыздык ченден төмөн болгон чен боюнча берилген кредиттин эсебинен каржыланса, банк кредитти дисконттоо менен ал боюнча кирешени ФОЭСке ылайык рыноктук ченге ылайыкташтырууга тийиш;».

5. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 31-майындагы № 21/5 «Банктын аффилирленген жана байланыштуу жактар менен операцияларына карата талаптар жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Банктын аффилирленген жана байланыштуу жактар менен операцияларына карата талаптар жөнүндө» нускоонун:

− 9-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«9. Алардын өлчөмү бир эсептик көрсөткүчтөн тартып таза суммардык капиталдын 14% чейинкини түзгөн, аффилирленген жана байланыштуу жактар менен өзүндө кредиттик тобокелдикти камтыган кредиттер жана активдер, ошондой эле банктын башка менчиги, кыймылсыз/кыймылдуу мүлк менен ишке ашырылган операциялар боюнча чечим банктын Директорлор кеңешинин кызыкдар болбогон мүчөлөрү тарабынан гана кабыл алынат. Мында, Директорлор кеңешинин протоколунда анын мүчөлөрүнүн кызыкчылыгы же кызыкчылыкты көздөбөгөндүгү көрсөтүлүүгө, ошондой эле жүргүзүлүүчү операциянын шарттары макулдашылууга тийиш.».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2020-жылдын 28-декабрындагы**
**№ 2020-П-33/75–4-(НФКУ)**

## «Банк эмес финансы-кредит уюмдары тарабынан активдерди классификациялоо, потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам түзүү жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» мыйзамынын 20 жана 68-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. «Банк эмес финансы-кредит уюмдары тарабынан активдерди классификациялоо, потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам түзүү жөнүндө» жобо (кошо тиркелет) бекитилсин.

2. Төмөнкүлөр күчүн жоготкон катары таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2003-жылдын 22-октябрындагы № 31/3 ««Кыргыз Республикасында жеке адамдардан жана юридикалык жактардан аманаттарды кабыл алууга укугу жок микрофинансылык уюмдар тарабынан активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам түзүү боюнча жалпы принциптер жөнүндө» жобо тууралуу» токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 12-апрелиндеги № 10/6 «Кредиттик союздарда жана турак жай-сактык кредиттик компанияларда кредиттерди классификациялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 23-апрелиндеги № 16/3 ««Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган кредиттик союздарда активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын, чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 24-сентябрындагы № 42/8 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык уюмдар тарабынан активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтому;

5) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 18-майындагы № 19/7 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун:

- 1-пунктунун үчүнчү жана бешинчи абзацтары;
- тиркемесинин 2 жана 3-пунктулары;

6) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 31-октябрындагы № 41/10 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун:

- 1-пунктунун үчүнчү жана бешинчи абзацтары;
- тиркемесинин 2 жана 3-пунктулары;

7) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 27-ноябрындагы № 45/16 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун:

- 1-пунктунун бешинчи абзацы;
- тиркемесинин 4-пункту;

8) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 15-апрелиндеги № 22/7 «Кыргыз Республикасынын

Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун:

− 1-пунктунун экинчи, бешинчи жана сегизинчи абзацтары;

− тиркемесинин 1, 4 жана 7-пункттары;

9) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 2-ноябрындагы № 65/1 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» токтомунун:

− 1-пунктунун үчүнчү, төртүнчү, бешинчи жана алтынчы абзацтары;

− тиркемесинин 2, 3, 4 жана 5-пункттары;

10) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 31-майындагы № 21/10 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун:

− 1-пунктунун тогузунчу жана онунчу абзацтары;

− тиркемесинин 8 жана 9-пункттары;

11) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 15-июнундагы № 2017-П-12/25–12-(НПА) «Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жана айрым ченемдик укуктук актыларын күчүн жоготкон катары таануу жөнүндө» токтомунун:

− 1-пунктунун он сегизинчи жана отуз биринчи пунктчалары;

− тиркемесинин 18 жана 31-пункттары;

12) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 30-майындагы № 2018-П-12/20–2-(НФКУ) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун:

− 1-пунктунун экинчи, үчүнчү, төртүнчү жана бешинчи абзацтары;

− тиркемесинин 1, 2, 3 жана 4-пункттары;

13) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 1-ноябрындагы № 2019-П-33/55–3-(НФКУ) «Кыргыз

Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун:

− 1-пунктунун төртүнчү абзацы;

− тиркемесинин 3-пункту;

14) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 17-июнундагы № 2020-П-33/35–1-(НФКУ) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун:

− 1-пунктунун экинчи, төртүнчү, бешинчи жана алтынчы абзацтары;

− тиркемесинин 1, 3, 4 жана 5-пунктулары.

3. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Токтом расмий жарыялангандан тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

5. Банк эмес финансы-кредит уюмдарын көзөмөлдөө башкармалыгы ушул токтом менен микрофинансылык уюмдарды, кредиттик союздарды, «Кредиттик союздардын каржы компаниясы» ААКты, турак жай-сактык кредиттик компанияларды, «Микрофинансы уюмдарынын ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин, «Кыргыз Республикасынын кредиттик союздар жана кооперативдер улуттук ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин тааныштырсын.

6. Токтомдун аткарылышын контролдоо Банк эмес финансы-кредит уюмдарын көзөмөлдөө башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2020-жылдын 28-декабрындагы**
**№ 2020-П-33/75–4-(НФКУ)**
**токтомуна карата тиркеме**

«Банк эмес финансы-кредит уюмдары тарабынан активдерди классификациялоо, потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам түзүү жөнүндө»
**ЖОБО**

## I бөлүк. Жалпы жоболор

1. Бул жободо активдерди жана балансстан тышкаркы милдеттенмелерди (мындан ары – активдер) классификациялоо, ошондой эле микрофинансылык уюмдардын, кредиттик союздардын, адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын жана турак жай-сактык кредиттик компаниялардын потенциалдуу жоготууларынын жана чыгым тартууларынын ордун жабууга тиешелүү кам (мындан ары – РППУ) түзүү боюнча талаптар белгиленген.

Ошондой эле бул жобо ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык уюмдарга, кредиттик союздарга жана адистештирилген финансы-кредит уюмдарына таркатылат.

2. Ушул жобонун максаттарында банк эмес финансы-кредит уюму –микрофинансылык уюм, кредиттик союз, турак жай-сактык кредиттик компания, адистештирилген финансы-кредит уюму.

3. Кредиттик тобокелдик – бул кардарлар өз милдеттерин келишимдин мөөнөттөрүнө жана шарттарына ылайык аткарбагандыгынан улам, банк эмес финансы-кредит уюмунун активдеринин наркынын төмөндөшүнүн натыйжасында жоготууларга дуушар болуу тобокелдиги. Кредиттик тобокелдик банк эмес финансы-кредит уюмунун кардарынын (мындан ары – кардар) финансылык абалына, күрөөнүн сапатына, кардардын менчик формасы боюнча түрүнө, тармакка таандыгына, активдер боюнча гарантиялардын болушуна жана алардын түрлөрүнө жана гаранттардын өздөрүнүн ишенимдүүлүгүнө, банк эмес финансы-кредит уюмунун активдери боюнча мурда берилген милдеттенмелердин аткарылышын,

кардардын бизнесин андан ары өнүктүрүү келечегин баалоого жана башка потенциалдуу факторлорго байланыштуу болушу мүмкүн.

Эскертүү: ушул жобонун максаттарында банк эмес финансы-кредит уюмунун «кардары» дегенден улам ушул жобонун 8-пунктунда келтирилген, банк эмес финансы-кредит уюмунун активдерин кайтаруу боюнча милдеттенмелерди алган юридикалык жакты же жеке адамды түшүнүүгө болот.

4. Баалуу кагаздарга жана/же капиталга инвестициялар – банк эмес финансы-кредит уюмунун карыздык баалуу кагаздарга салымдары, ошондой эле акцияларды сатып алуу же инвестицияланган компаниянын иш жыйынтыктарын бөлүштүрүү формасында пайда алуу максатында капиталга финансылык салым.

Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык ишти жүзөгө ашырган банк эмес финансы-кредит уюму үчүн жобонун ушул пунктунда көрсөтүлгөн инвестициялар аталган принципке ылайык келүүгө тийиш.

Банк эмес финансы-кредит уюмунун каражаттарынын башка компаниялардын жүгүртүү каражаттарына салынышы жана биргелешип долбоорлорго катышуу өзүндө кредиттик тобокелдикти камтыган активдер деп эсептелет.

5. Ушул жобонун максаттарында факторинг дегенден улам, акчалай талапты ыйгарып берүү алдында каржылоону түшүнүү зарыл, мында бир тарап (финансылык агент) акча каражаттарын башка бир тарапка (кардарга) кардардын товарларды сунуштоосунан, иштерди аткаруусунан же үчүнчү жакка кызмат көрсөтүүлөрүнөн улам келип чыккан, анын (кредитордун) үчүнчү жакка (карызгерге) карата акчалай талаптарынын эсебине өткөрүп берет же өткөрүп берүүгө милдеттенет, ал эми кардар ошол үчүнчү жакка акчалай талабын финансылык агентке ыйгарып берет же ыйгарып берүүгө милдеттенет.

## II бөлүк. Банк эмес финансы-кредит уюмунун активдерин классификациялоо боюнча жалпы көрсөтмөлөр

6. Потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун өз убагында жабуу үчүн, ошондой эле реалдуу финансылык абалды жана иш натыйжалуулугун аныктоо максатында, банк эмес

финансы-кредит уюму өз активдеринин сапатына дайыма баа берип турууга жана РППУ түзүүгө милдеттүү.

7. Банк эмес финансы-кредит уюму РППУну активдердин мүмкүн болуучу жоготууларынын ордун толтуруу үчүн жетиштүү деңгээлинде кармап турууга тийиш. Банк эмес финансы-кредит уюму тарабынан ушул жобого ылайык иштелип чыгуучу активдерди классификациялоо системасы кам өлчөмүн туура баалоо үчүн негиз болуп саналат.

РППУнун шайкеш деңгээли камсыз болбогон банк эмес финансы-кредит уюмунун иши Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары – Улуттук банк) тарабынан алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйба катары каралат.

8. Банк эмес финансы-кредит уюму ай сайын кредиттик тобокелдикке дуушар болгон активдерди классификациялоого милдеттүү. Мындай активдерге төмөндөгүлөр кирет:

− кредиттер;

− кардар тарабынан ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлгөн келишимдин шарттарынын аткарылбагандыгынан же талаптагыдай аткарылбагандыгынан улам жоготуу тобокелдигин камтыган активдер;

− лизингдин натыйжасында алынган активдер;

− факторинг аркылуу сатылып алынган карыздык милдеттенмелер;

− баалуу кагаздарга жана/же компаниянын капиталына инвестициялар (акциялар, инвестицияланып жаткан компаниянын капиталына финансылык катышуу формасында);

− баланстан тышкаркы милдеттенмелер (аккредитивдер, гарантиялар, кредиттерди берүү боюнча кайсы болбосун башка мыйзамдаштырылган милдеттенмелер, жана башкалар);

− активдин ордун жабууга кабыл алынган башка менчик;

− өзүндө кайтарылбай калуу тобокелдиктерин камтыган, жогоруда аталбаган кайсы болбосун башка активдер.

Активдердин ордун жабуу үчүн кабыл алынган реструктуризацияланган кредиттер, баалуу кагаздарга жана/же капиталга инвестициялар, баланстан тышкаркы милдеттенмелер жана банк эмес финансы-кредит уюмунун башка менчиги үчүн

активдердин айрым түрлөрүнүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен ушул жободо аларды классификациялоо үчүн атайы талаптар аныкталган.

9. Активдерди классификациялоо учурунда ушул жободо белгиленген классификациялоо категорияларынын аныктамаларына жана белгилерине таянуу зарыл, бирок алар менен эле чектелбейт. Эгерде ушул жободо башкасы белгиленбесе, эки же андан көп белгилердин жыйындысы классификациялоо категориясын аныктайт.

Активдерди классификациялоо учурунда укукка жөндөмдүүлүк абалы жана кардардын активди кайтарууга финансылык мүмкүнчүлүгү сыяктуу эле, кардардын финансылык абалынын өзгөргөндүгүнө, алардын гаранттарына анализ жүргүзүү, ошондой эле күрөөнүн сапатын жана башка факторлорду анализдөө зарыл.

Активдерди классификациялоодо ушул жободо аныкталган күрөөлүк камсыздоо же гарантиялар (кепилдик) боюнча белгилер, банк эмес финансы-кредит уюмунун ички саясатына ылайык, алар боюнча күрөөлүк камсыздоо же камсыздоо катары гарантиялар (кепилдик) талап кылынган активдерге гана кирүүгө тийиш.

10. Ошол эле бир кардарга сунушталган бир нече активдерди классификациялоодо анын эң чоң карызга ээ активи боюнча классификация, эгерде бул активдин классификациясы эң эле алгылыксыз болуп саналса, анын бардык активдерине же банк эмес финансы-кредит уюму алдында башка милдеттенмелерге карата колдонулат.

Эгерде кардардын бир банк эмес финансы-кредит уюмунда бир нече активдери же башка милдеттенмелери болсо, анын финансылык абалы өзгөчө абал жана/же өзгөчө кырдаал киргизилгендигинен, анын ичинде эпидемияга/пандемияга байланыштуу жана башка форс-мажор жагдайлардан (ал жеткис жагдайлары) жана аларга байланыштуу чектөөлөрдөн улам начарлаган же начарлап жаткан кардардын активине же башка милдеттенмелерине эң эле начар категория ыйгарылса, банк эмес финансы-кредит уюму бардык активдер же башка милдеттенмелер боюнча классификациялоонун эң эле начар категориясын колдонбошу мүмкүн. Мындай учурда, банк эмес финансы-кредит уюму ар бир актив боюнча классификациялоо категориясын категориянын мүнөздүү белгилерине ылайык өзүнчө колдоно алат.

11. Эгерде классификацияланууучу актив, активдерди классификациялоонун эки категориясы ортосундагы аралык абалды ээлеген болсо, анда мындай активди классификациялоонун эң эле төмөн категориясына киргизүү зарыл.

12. Активди классификациянын тигил же бул категориясына киргизүү маселесинде банк эмес финансы-кредит уюму менен Улуттук банктын кызматкерлери ортосунда пикир келишпестиктер келип чыккан учурда, банк эмес финансы-кредит уюмунун милдетине тиешелүү анализдөө жана өз классификациясынын тууралыгын далилдөө милдети кирет.

13. Банк эмес финансы-кредит уюму ушул жобонун талаптарын бузбастан активдерди классификациялоонун өздүк (ички) системасын иштеп чыгышы мүмкүн.

14. Төмөнкү шарттар аткарылган учурда гана классификацияланган активдерди классификацияланбаган активдер категориясына которууга жол берилет:

- мөөнөтүндө төлөнбөгөн сумма жок болсо;
- карыз алуучунун финансылык абалынын начарлашы;
- акыркы үч төлөм төлөө графигине ылайык өз убагында толук төлөнсө.

Мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздын орду жабылган учурда, «шектүү» же «жоготуу» катары классификацияланган активдер «субстандарттык» категориясына которулат.

## III бөлүк. Депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын активдерин классификациялоо

### 1-глава. Депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын классификацияланбаган активдери

15. Депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын активдерин бирдиктүү классификациялоо жана РППУсун түзүү үчүн классификацияланбаган активдердин төмөндөгү категориялары белгиленет:

- стандарттык активдер;

− байкоого алынган активдер.

16. Эгерде төмөнкү белгилерге ээ болсо, депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын активдери стандарттык деп эсептелинет:

− карыз орду графикке ылайык жабылса же болбосо активдин негизги суммасы жана/же пайыздар/үстөк баа/киреше боюнча пландык төлөмдөрдүн 30 күнгө чейин кечиктирилсе:

− кардардын канааттандыраарлык финансылык абалы, туруктуу киреше булактары болсо;

− кардардын алгылыктуу кредиттик таржымалы болсо;

− кардардын бизнеси туруктуу, жакшы капиталдаштырылган болуп саналса;

− карызды кайтаруу милдеттенмелеринин аткарылышы камсыздоо катары толугу менен күрөө же гарантия (кепилдик) менен камсыздалган болсо.

17. Байкоого алынган активдер катары депозиттерди тартпаган микрофинасылык уюмдардын жана кредиттик союздардын төмөнкүдөй мүнөздүү белгилерге ээ активдери саналат:

− активдин негизги суммасы жана/же пайыздар боюнча төлөмдөр 31 күндөн 60 күндү кошо алгандагы мөөнөткө кечиктирилсе;

− кардардын төлөө жөндөмдүүлүгүнүн жана материалдык абалынын кыйла начарлоо тенденциясы орун алган, бул негизги сумма жана/же пайыздар боюнча карыздын ордун жабуу милдеттенмесин өз убагында аткаруу жөндөмдүүлүгүнө таасир этиши мүмкүн;

− негизги сумма жана пайыздар боюнча карызды кайтаруу милдеттенмелеринин аткарылышы камсыздоо катары толугу менен күрөө же гарантия (кепилдик) менен камсыздалган эмес;

− күрөө ликвиддүүлүгүнүн күтүлүп жаткан төмөндөө тенденциясы (бaанын төмөндөшү/нарксыздайт, товардык түрүн жоготот ж.б.);

− карыз алуучунун-жеке адамдын, анын ичинде юридикалык жакты түзүүсүз жеке ишкердин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн максаттуу мамлекеттик программалары боюнча берилген кредиттерин эске албаганда, башка финансы-кредит уюмдарында кайсы болбосун

башка кредит боюнча 30 күнгө чейинки мөөнөтүндө төлөнбөгөн карызы болсо;

− Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн максаттуу мамлекеттик программалары боюнча берилген кредиттерди (активдерди) эске албаганда, карыз алуучунун-жеке адамдын, анын ичинде юридикалык жакты түзүүсүз жеке ишкердин, анын жубайынын, ата-энесинин жана балдарынын ошол банк эмес финансы-кредит уюму алдындагы негизги сумма жана/же пайыздар/үстөк баа боюнча төлөнбөгөн 60 (алтымыш) күнгө чейин кечиктирилген карызынын болушу, карыз алуучунун ушул банк эмес финансы-кредит уюму алдындагы кредитинин жана жогоруда көрсөтүлгөн жактардын кредиттеринин бир гана төлөө булагы болгон шартта. Ошол эле учурда, кредиттин ордун жабуунун бир эле булагы дегенден улам, ишкердик ишинен алынган кирешени кошо алганда, жогоруда аталган адамдардын кредит берүү жөнүндө чечим кабыл алууда финансы-кредит уюму тарабынан эске алынган жыйынды кирешесин түшүнүүгө болот.

Эскертүү: ушул пункттун алтынчы жана жетинчи абзацтарында көрсөтүлгөн белгилер эмгек акы долбоорлорунун алкагындагы овердрафттарга таркатылбайт.

18. Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык ишти жүзөгө ашырган микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын байкоо алдындагы активдерине жобонун 17-пунктунда көрсөтүлгөндөрдөн тышкары төмөнкү кошумча мүнөздүү белгилер белгиленген:

− активдин негизги суммасы жана/же үстөк баа/киреше боюнча төлөмдөрдүн мөөнөтү 31 күндөн 60 күндү кошо алгандагы мөөнөткө кечиктирилсе;

− кардар тарабынан келишим шарттарын аткаруу графиги 31 күндөн 60 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− келишимге ылайык, товарларды сунуштоо мөөнөттөрү 31 күндөн 60 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− долбоорду жүзөгө ашыруу, финансылык агымдардын келип түшүү графиги 31 күндөн 60 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− үчүнчү тараптар тарабынан келишимдерди аткаруу мөөнөттөрү 31 күндөн 60 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса.

## 2-глава. Депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын классификацияланган активдери

19. Активдерди бирдиктүү классификациялоо жана депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын РППУсун түзүү үчүн классификацияланган активдердин төмөнкү категориялары белгиленет:

− субстандарттык активдер;

− шектүү активдер;

− жоготуулар катары классификацияланган активдер.

20. Актив боюнча карыздын ордун толук жаба албай калуу тобокелдигин көрсөткөн белгилер пайда болгон депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын активдери субстандарттык активдер катары саналат, атап айтканда:

− активдин негизги суммасы жана/же пайыздар боюнча төлөмдөр 61 күндөн 90 күндү кошо алгандагы мөөнөткө кечиктирилсе;

− кардардын төлөмдөрү негизги сумма жана/же пайыздар боюнча пландаштырылган төлөмдөрдүн бир бөлүгүнүн гана ордун жабат;

− кардардын төлөө жөндөмдүүлүгү жана материалдык абалы начарласа, бул анын карыздын ордун жабуу боюнча милдеттенмелерин өз убагында аткаруу мүмкүнчүлүгүнө таасир эткен;

− күрөө наркынын төмөндөшү, анын сапатынын начарлашы күрөөнү сатууну татаалдатат;

− кардардын финансылык абалы жөнүндө ишенимдүү терс маалымат болсо;

− карыз алуучу-жеке адамдын, анын ичинде юридикалык жакты түзүүсүз жеке ишкердин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн максаттуу мамлекеттик программалары боюнча берилген кредиттерин эске албаганда, ушул банк эмес финансы-кредит уюмдарында жана/же башка финансы-кредит уюмдарында кайсы болбосун башка кредит (каржылоо) боюнча негизги сумма жана/же пайыздар/үстөк баа боюнча 30 (отуз) күндөн ашык мөөнөтү өткөн карыздын болушу;

− Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн максаттуу мамлекеттик программалары боюнча берилген кредиттерди эске албаганда, карыз алуучу-жеке адамдын, анын ичинде юридикалык жакты түзүүсүз жеке

ишкердин, анын жубайынын, ата-энесинин жана балдарынын ошол банк эмес финансы-кредит уюму жана/же башка финансы-кредит уюмдары алдында негизги сумма жана/же пайыздар/үстөк баа боюнча 60 күндөн ашык мөөнөтүндө төлөнбөгөн карызынын болушу, бардык жогоруда көрсөтүлгөн кредиттердин бир гана төлөө булагы болгон шартта. Ошол эле учурда, кредиттин ордун жабуунун бир эле булагы дегенден улам, ишкердик ишинен алынган кирешени кошо алганда, жогоруда аталган адамдардын кредит берүү жөнүндө чечим кабыл алууда финансы-кредит уюму тарабынан эске алынган жыйынды кирешесин түшүнүүгө болот.

Эскертүү: ушул пункттун жетинчи жана сегизинчи абзацтарында көрсөтүлгөн белгилер эмгек акы долбоорлорунун алкагындагы овердрафттарга таркатылбайт.

21. Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык ишти жүзөгө ашырган кредиттик союздардын жана депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын субстандарттык активдерине жобонун 20-пунктунда көрсөтүлгөндөрдөн тышкары төмөнкү кошумча мүнөздүү белгилер белгиленген:

− активдин негизги суммасы жана/же үстөк баа/киреше боюнча төлөмдөр 61 күндөн 90 күнгө чейинки мөөнөткө кечиктирилсе;

− кардар тарабынан келишим шарттарын аткаруу графиги 61 күндөн 90 күндү кошо алгандагы мөөнөткө бузулса;

− келишимге ылайык товарларды сунуштоо мөөнөттөрү 61 күндөн 90 күндү кошо алгандагы мөөнөткө бузулса;

− долбоорду жүзөгө ашыруу, финансылык агымдардын келип түшүү графиги 61 күндөн 90 күндү кошо алгандагы мөөнөткө бузулса;

− үчүнчү жактар тарабынан 61 күндөн 90 күндү кошо алгандагы мөөнөткө келишимди аткаруу шарттары бузулса.

22. Депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын шектүү активдерине кардар тарабынан келишимде каралган милдеттенмелердин аткарылбай калышы тобокелдигин камтыган белгилүү бир кемчиликтер же алгылыксыз жактар мүнөздүү, ага байланыштуу карыздын ордун жабуу мүмкүнчүлүгү шектүү жана аз мүмкүнчүлүктүү болуп калат. Айрыкча, шектүү активдердин белгилеринен болуп төмөнкүлөр саналат:

− активдин негизги суммасы жана/же пайыздар/үстөк баа/киреше боюнча төлөмдөрдүн 91 күндөн 180 күндү кошо алгандагы мөөнөткө кечиктирилиши;

− күрөөлүк жана/же гарантиялык камсыздоонун олуттуу начарлоосу (иш жүзүндө колдо болбошу) жана кардардын кошумча күрөөлүк же гарантиялык камсыздоону сунуштабашы же сунуштоо мүмкүн эместиги;

− кардардын төлөө жөндөмдүүлүгүнүн жана материалдык абалынын олуттуу начарлоосу, мында, ал активдерди кайтарып берүү боюнча милдеттенмени аткара албастыгы.

23. Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык ишти жүзөгө ашырган кредиттик союздардын жана микрофинансылык уюмдардын шектүү активдерине жобонун 22-пунктунда көрсөтүлгөндөрдөн тышкары төмөнкү кошумча мүнөздүү белгилер белгиленген:

− кардар тарабынан келишим шарттарын аткаруу графиги 91 күндөн 180 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− келишимге ылайык, товарларды сунуштоо мөөнөттөрү 91 күндөн 180 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− долбоорду жүзөгө ашыруу, финансылык агымдардын келип түшүү графиги 91 күндөн 180 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− үчүнчү тараптар тарабынан келишимдердин аткаруу мөөнөттөрү 91 күндөн 180 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− банк эмес финансы-кредит уюму менен кардар ортосунда келишимде көрсөтүлгөн сунуштоо мөөнөттөрүнө ылайык долбоордун жүзөгө ашырылышы жана бизнес-пландын аткарылышы жөнүндө маалыматтын жоктугу.

24. Депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдар жана кредиттик союздар төмөнкү белгилердин бири орун алган шартта активди жоготуулар катары классификациялоого тийиш:

− активдин негизги суммасы жана/же пайыздар/үстөк баа/ киреше боюнча төлөмдөрдүн 180 күндөн ашык мөөнөткө кечиктирилиши;

− кардар карыздын ордун жабуудан баш тартса же кардар менен байланыш үзүлсө;

− кардар банкроттук алдында турса же банкрот деп жарыяланса;

− күрөөлүк камсыздоонун жоктугу же сатып өткөрүү рыногунун жоктугунан улам күрөөнү сатуу мүмкүн эмес болсо.

25. Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык ишти жүзөгө ашырган депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдар жана кредиттик союздар үчүн жоготуулар катары классификацияланган активдерге жобонун 24-пунктунда көрсөтүлгөндөрдөн тышкары төмөнкү кошумча мүнөздүү белгилер белгиленген:

− кардар тарабынан келишим шарттарын аткаруу графиги 180 күндөн жана андан ашык күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− келишимге ылайык, товарларды сунуштоо мөөнөттөрү 180 күндөн жана андан ашык күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− долбоорду жүзөгө ашыруу, финансылык агымдардын келип түшүү графиги 180 күндөн жана андан ашык күнгө бузулса;

− үчүнчү тараптар тарабынан контрактылардын аткаруу мөөнөттөрү 180 күндөн жана андан ашык күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− Банк эмес финансы-кредит уюму катышкан долбоор келишимге ылайык ишке ашырылган эмес.

26. «Жоготуулар» катары классификацияланган активдерди кайтаруунун бардык юридикалык мүмкүнчүлүктөрү бүткөндөн кийин карыздын орду жабылып кала турган болсо, алар системадан тышкары кеминде (5) беш жыл эсепке алынууга тийиш.

## 3-глава. Депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдар жана кредиттик союздар тарабынан РППУну түзүү

27. Улуттук банк, депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын активдери боюнча РППУга чегерүүлөрдүн төмөнкү өлчөмдөрүн белгилейт:

1) жалпы РППУ:

− стандарттык – 0–2% чейин;

− байкоого алынган активдер – 5%;

2) атайын РППУ:

− субстандарттык – 25%;

- шектүү – 50%;
- жоготуулар – 100%.

28. Пайыздык кирешелерди чегербөө статусу ыйгарылган кредиттердин чегерилген пайыздык төлөмдөрү боюнча РППУ түзүү Улуттук банк Башкармасынын токтому менен бекитилүүчү «Пайыздык кирешелерди чегербөө статусун ыйгаруу тартибинин» талаптарына ылайык ишке ашырылат.

## IV бөлүк. Депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялардын, турак жай-сактык кредиттик компаниялардын жана адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын активдерин классификациялоо

### 1-глава. Депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялардын, турак жай-сактык кредиттик компаниялардын жана адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын классификацияланбаган активдери

29. Депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялардын, турак жай-сактык кредиттик компаниялардын жана адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын активдерин бирдиктүү классификациялоо жана РППУ түзүү үчүн классификацияланбаган активдердин төмөнкү категориялары белгиленет:

- нормалдуу активдер;
- канааттандыраарлык активдер;
- байкоого алынган активдер.

30. Активдин суммасынан күрөө менен (заклад түрүндө) эң аз дегенде 120% камсыз кылынган, төмөндөгүлөрдөн турган депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялардын, турак жай-сактык кредиттик компаниялардын жана адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын активдери нормалдуу активдер деп аталат:

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздары жана Улуттук банктын ноталары (эгерде мамлекеттик баалуу кагаздардын ордун жабуу мөөнөтү активдин ордун жабуу мөөнөтүнө чейин келип жетсе, банк эмес финансы-кредит уюмдары мамлекеттик баалуу кагаздардын ордун жабуусунан алынган акча каражаттарды

күрөөлүк камсыздоо, же болбосо кошумча ушул сыяктуу мамлекеттик баалуу кагаздарды камсыздоо катары кабыл алууга тийиш);

− ушул банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өзүнчө депозиттик эсебинде турган каражаттар. Мында, өзүнчө депозиттик эсеп дегенден улам жеке адамдын же юридикалык жактын өзгөчөлөнгөн депозиттик эсебин түшүнүүгө болот;

− акча каражаттарды сактоо максатында ушул банк эмес финансы-кредит уюмунда ачылган өзүнчө эсепте жеке адам же юридикалык жак тарабынан жайгаштырылган каражаттар (депозиттерди тартуу менен иш алып барган жана ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык ишти жүзөгө ашырган микрофинансылык компаниялар жана адистештирилген финансы-кредит уюму үчүн);

− Кыргыз Республикасынын фондулук биржаларында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, ушул Жобого карата тиркемеде белгиленген минималдуу талаптар сакталган шартта эң жогорку жана андан кийинки категориядагы листингге кирген башка баалуу кагаздар (мындан ары – башка баалуу кагаздар);

− Кыргыз Республикасынын фондулук биржаларында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, ушул Жобого карата тиркемеде белгиленген минималдуу талаптар сакталган шартта эң жогорку жана андан кийинки категориядагы листингге кирген ислам баалуу кагаздары (мындан ары – ислам баалуу кагаздары).

Эгерде ушул пунктта көрсөтүлгөн күрөөнүн түрлөрү бар болсо, анда төмөнкү шарттар аткарылууга тийиш:

1) активди берүү келишиминде жана күрөө жөнүндө келишимде, өзүнчө депозиттик эсепте акча каражаттар, мамлекеттик баалуу кагаздар жана башка баалуу кагаздар банк эмес финансы-кредит уюмдары тарабынан берилген каражаттарды камсыз кылуучу катары көрсөтүлүшү зарыл жана банк эмес финансы-кредит уюмдары кардар милдеттенмелерин аткарбаган учурда акцептсиз тартипте алардын эсебинен өндүрүүгө укуктуу;

2) депозиттик сертификат же депозиттик китепче банк эмес финансы-кредит уюмдарында сакталууга тийиш;

3) күрөө жөнүндө келишимде өзүнчө депозиттик эсептеги акча каражаттарды, мамлекеттик баалуу кагаздарды жана башка баалуу кагаздарды кайрадан күрөөгө коюуга жол бербөө зарыл;

4) кандай болбосун учурда банк эмес финансы-кредит уюмдарында тиешелүү жол-жоболор иштелип чыгууга жана күрөөнү тариздөөгө байланыштуу бардык жол-жоболорду камсыз кылган келишимде каралган мөөнөт аяктаганга чейин акча каражаттарын, мамлекеттик баалуу кагаздарды жана башка баалуу кагаздарын сактап турууну камсыз кылган ички контролдук жүзөгө ашырылууга тийиш;

5) активдерди камсыз кылган депозиттеги каражаттар Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында же жалпы жол берилген жана алгылыктуу валюта котировкаларынын негизинде, кыргыз сомуна жеңил конвертирленүүчү валютада болууга тийиш. Мында, эгерде депозит кредит берилген валютада болсо, анда ал кредиттин суммасын кеминде 100%, ал эми депозит кредит берилген валютадан айырмаланып турса сом түрүндөгү эквивалентте 120% жабууга тийиш;

6) эгерде активди камсыздоо катары активдин валютасынан айырмаланган валютадагы акча каражаттары сунушталса, депозитти жума сайын милдеттүү түрдө кайрадан баалоо зарыл;

7) эгерде кайрадан баалоонун натыйжасында күрөөнүн наркы азайса, анда банк эмес финансы-кредит уюмдары ушул Жобонун талаптарына ылайык дароо анын наркынын жогорулатылышын талап кылууга жана ал талаптын 10 (он) жумуш күнү ичинде аткарылышын камсыз кылууга милдеттүү;

8) күрөө жөнүндө келишимде күрөө коюучу банк эмес финансы-кредит уюму алдында карызынын орду толук жабылганга чейин күрөөнү ээликтен ажырата албай тургандыгы көрсөтүлүшү зарыл;

9) эгерде 1–8-пунктчаларда көрсөтүлгөн талаптар аткарылбаса, анда мындай актив толук камсыз кылынбаган катары таанылат жана ал классификациянын башка категориясына өткөрүлүүгө тийиш.

Эгерде алар ушул жобонун 32-пунктунда көрсөтүлгөн талаптарга жооп берсе, банк эмес финансы-кредит уюмдары киреше түзүмүнө карабастан 0%-2% чейинки өлчөмдө потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам түзүү менен АКШ долларында жаңыдан берилген кредиттерди

банктын ички саясатына ылайык «нормалдуу активдер» катары классификациялашы мүмкүн. Мында бул талаптар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн, Россия-Кыргыз Өнүктүрүү фондунун (мындан ары – Өнүктүрүү фондусу) кызматташуусунун алкагында берилген жеңилдетилген кредиттерге, анын ичинде Өнүктүрүү фондусу тарабынан башка чет өлкө финансылык институттарынан тартылган жана гарантияланган каражаттардын эсебинен берилген кредиттерге, ошондой эле алардын ордун жабуу Өнүктүрүү фондусунун каражаттарынан каржылоонун эсебинен ишке ашырылган, кредиттик келишимдин баштапкы шарттарынын өзгөртүлүшү каралган кредиттерге да таркатылат. Өнүктүрүү фондусунун каражаттарынын эсебинен банк эмес финансы-кредит уюмдарынын кредиттерин реструктуризациялоого, ошондой эле «классификацияланган» активдер категориясына кирген, мурда берилген кредиттерди каржылоого жол берилбейт.

31. Эгерде микрофинансылык компанияда/турак жай-сактык кредиттик компанияда гарантиялык фонддун депозити жайгаштырылган болсо, микрофинансылык компания/турак жай-сактык кредиттик компания гарантиялык фонддун гарантиясы менен камсыздалган активдин бөлүгүн «нормалдуу» актив катары классификациялашы мүмкүн.

Мында, гарантиялык фонд менен микрофинансылык компания/турак жай-сактык кредиттик компания ортосунда түзүлгөн депозиттик жана гарантиялык келишимдерде кеминде төмөнкү шарттар камтылууга тийиш:

− гарантиялык фонддун гарантиясы менен камсыздалган активдер көлөмү депозиттин суммасынан эки эсе ашпоого тийиш;

− гарантиялык фонд тарабынан камсыздалган активдердин орду толук жабылганга чейин аталган фонддун депозитинин болушу жана кайтарылып алынгыстыгы шарты.

32. Эгерде, мүнөздүү белгилеринен болуп төмөнкүлөр саналса, актив нормалдуу болуп эсептелинет:

− карызды тейлөө үчүн акча каражаттарынын жетиштүү агымын топтоо;

− кардардын финансылык абалы канааттандыраарлык;

− кардардын ишканасы туруктуу, жакшы капиталдаштырылган болсо;

− карыздын ордун жабуу өз учурунда жүргүзүлсө;

− банк эмес финансы-кредит уюмдары менен түзүлгөн келишимдин шарттары өз убагында аткарылат;

− «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит уюмдарында кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун 30-пунктунун талаптарына ылайык келген, андан өндүрүп алууга боло турган мүлктүк камсыздоо жана/же анын эсебинен карыздын ордун жабууга боло турган гарантия/кепилдик болсо;

− кардардын олуттуу жана алгылыктуу кредиттик таржымалы болсо (төлөмдөрдү кечиктирбесе, өзүнүн бардык милдеттенмелерин белгиленген мөөнөттөрдө аткарган болсо ж.б.).

33. Канааттандыраарлык активдер – бул кардар тарабынан өз милдеттенмелеринин аткарылышын камсыз кылуу үчүн жетиштүү акча каражаттарынын зарыл агымы топтоло турган активдер. Канааттандыраарлык активдер ушул жобонун 32-пунктунда көрсөтүлгөн нормалдуу активдер сыяктуу эле мүнөздүү белгилерге ээ.

34. Банк эмес финансы-кредит уюму, эгерде кредит алган карыз алуучунун жыйынды кирешесинин жалпы көлөмүндө чет өлкө валютасындагы кирешесинин үлүшү (ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн валютасынан тышкары) 75 пайыздан көбүрөөктү түзсө, чет өлкө валютасындагы кредитти/каржылоону (ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн валютасынан тышкары) эң аз дегенде «канааттандыраарлык» актив катары классификациялоого тийиш.

35. Эгерде кредит берүү учурунда эффективдүү пайыздык чен Улуттук банк тарабынан жарыяланган, чет өлкө валютасында берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык ченден 2 пайыздык пунктка төмөн болсо, банк эмес финансы-кредит уюму карыз алуучунун кирешесинин түзүмүнө карабастан, чет өлкө валютасында берилген кредит/каржылоо боюнча (Өнүктүрүү фондусунун каражаттарынын эсебинен берилген кредиттерди эске

албаганда) 1% өлчөмүндө потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камды түзүшү мүмкүн.

36. Белгилүү бир терс тенденциялар байкалып жаткан активдер, байкоого алынган активдер деп аталат.

37. Төмөнкү мүнөздөгү активдерди байкоого алынган активдер деп эсептөөгө болот:

− активдин толук камсыздалбашы, калган учурда канааттандыраарлык активдерге таандык бардык мүнөздөмөлөргө ээ болгон;

− контракттык каржылоонун (мисалы, каржыланган контракт боюнча талап кылуу укугу, дебитордук карыздар ж.б.) жана кампа күбөлүктөрүн күрөөгө кабыл алуу менен каржылоонун алкагында камсыздоого ээ болгон активдер;

− пландык төлөмдөрдүн графиги 30 күндөн ашпаган мөөнөткө бузулса;

− кардардын финансылык абалынын начарлоо тенденциясы орун алса;

− активди кайтарууга таасир этиши мүмкүн болгон рыноктук шарттардын өзгөрүшү;

− активди реструктуризациялоо;

− эгерде кредит буга чейин «классификацияланган кредиттер» категориясында камтылбаса, ошол эле учурда, бул өзгөртүү кардардын финансылык абалынын начарлашына байланыштуу болбосо, чет өлкө валютасындагы ошол кредит валютасын улуттук валютага которуу аркылуу кредит боюнча келишим шарттарын кайталап өзгөртүү;

− реструктуризациялоо күнүнө карата классификацияланган активдер белгисине ээ болбогон реструктуризацияланган актив;

− актив боюнча 50% күрөөлүк камсыздоо Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жайгашкан.

38. Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык компаниянын жана адистештирилген финансы-кредит уюмунун байкоого алынган активдери үчүн Жобонун 37-пунктунда көрсөтүлгөндөрдөн тышкары, төмөнкү кошумча мүнөздүү белгилер белгиленген:

− кардар тарабынан келишим шарттарын аткаруу графиги 30 күнгө чейинки мөөнөткө бузууга жол берилсе;

− пландык төлөмдөрдүн графиги 30 күнгө чейинки мөөнөткө бузууга жол берилсе;

− келишимге ылайык товарларды сунуштоо 30 күнгө чейинки мөөнөткө бузууга жол берилсе;

− долбоорду жүзөгө ашыруу, финансылык агымдар графигинин 30 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− үчүнчү жактар тарабынан келишимдерди аткаруу 30 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса.

39. Банк эмес финансы-кредит уюму, эгерде кредит алган карыз алуучунун жыйынды кирешесинин жалпы көлөмүндө чет өлкө валютасындагы кирешесинин үлүшү (ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн валютасынан тышкары) 50 пайыздан азды түзсө, чет өлкө валютасындагы кредитти (каржылоону) (ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн валютасынан тышкары) эң аз дегенде «байкоого алынган актив» катары классификациялоого тийиш.

40. Эгерде өздөштүрүлүп жаткан кредитти (каржылоону) төлөө графигинде кредиттин негизги суммасын ай сайын төлөп туруу каралбаса, ал эми кредитти төлөө мөөнөтү эки жылдан көп убакытты түзсө жана мында негизги сумманын 80% көбүрөөгүн мөөнөт акырында төлөө каралган болсо:

− кредиттин (активдин) жалпы мөөнөтүнүн 3/4, мында кредиттик мезгилдин/каржылоо мезгилинин жалпы мөөнөтү 3 жылдан азды түзсө;

− кредиттин (активдин) жалпы мөөнөтүнүн 1/2, мында кредиттик мезгилдин/каржылоо мезгилинин жалпы мөөнөтү 3 жылдан ашса;

анда мындай кредиттерди, активдердин сапатынын начарлоосу байкалбаса, төмөнкү кредиттерди эске албаганда, 15% өлчөмүндө РППУ түзүү менен «байкоого алынган актив катары» классификациялоо зарыл:

− Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кредитти жеңилдетилген шарттарда төлөө каралган максаттуу мамлекеттик программасы боюнча берилген кредиттерди;

− «классификацияланган» активдер категориясына киргендер;

− бир карыз алуучуга (адистештирилген финансы-кредит уюму үчүн) берилген чогуу алгандагы кредиттердин суммасы таза суммардык капиталдын 1% жетпеген суммадагы кредиттерди;

− бир карыз алуучуга (депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялар үчүн) берилген чогуу алгандагы кредиттердин суммасы өздүк капиталдын 1% жетпеген суммадагы кредиттерди;

− өздүк капиталдын 5% төмөн суммага (турак жай-сактык кредиттик компаниялар үчүн);

− бир карыз алуучуга мудараба, шарика жана истиснаа келишимдери боюнча берилген чогуу алгандагы активдердин өздүк капиталынын 10% төмөн суммасында (депозиттерди тартуу менен иш алып барган жана ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык ишти жүзөгө ашырган микрофинансылык компаниялар үчүн);

− Өнүктүрүү фондусу менен кызматташуунун алкагында берилген жеңилдетилген кредиттер, ошондой эле аталган фонддун гарантиясы алдында берилген кредиттер.

## 2-глава. Депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялардын, турак жай-сактык кредиттик компанияларынын жана адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын классификацияланган активдери

41. Депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялардын, турак жай-сактык кредиттик компаниялардын, адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын активдерин бирдиктүү классификациялоо жана РППУ түзүү үчүн классификацияланган активдердин төмөнкү категориялары белгиленет:

− субстандарттык активдер;

− шектүү активдер;

− жоготуулар катары классификацияланган активдер.

42. Субстандарттык активдер кардардын төлөө жөндөмдүүлүгү жана/же күрөөлүк камсыздоо (болгон болсо) менен жетиштүү деңгээлде корголгон эмес жана өзүндө активди толук көлөмдө төлөбөй коюу тобокелдигин камтыган белгилүү бир кемчиликтерге

(кемчилик) же алгылыксыз жактарга ээ. Эгерде кемчиликтер жоюлбаса, анда банк эмес финансы-кредит уюму айрым бир жоготууларга дуушарланат.

43. Төмөнкүдөй мүнөздүү белгилер байкалса актив субстандарттык болуп эсептелинет:

− пландык төлөмдөр боюнча 30 күндөн 90 күнгө чейин кечиктирилген карыз;

− карызды төлөө үчүн жетишсиз акча агымдары;

− карыз алуучу-жеке адамдын, анын ичинде юридикалык жакты түзүүсүз жеке ишкердин ушул банк эмес финансы-кредит уюмунда жана/же башка финансы-кредит уюмунда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн максаттуу мамлекеттик программалары боюнча берилген кредиттерди эске албаганда, кайсы болбосун башка кредит (каржылоо) боюнча негизги сумма жана/же пайыздар боюнча 30 күндөн ашуун мөөнөтүндө төлөнбөгөн карызы болсо;

− Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн максаттуу мамлекеттик программалары боюнча берилген кредиттерди эске албаганда, карыз алуучунун-жеке адамдын, анын ичинде юридикалык жакты түзүүсүз жеке ишкердин, анын жубайынын, ата-энесинин жана балдарынын ошол банк эмес финансы-кредит уюму жана/же башка финансы-кредит уюмдары алдындагы кредит (каржылоо) боюнча негизги сумма жана/же пайыздар боюнча 60 күндөн ашуун мөөнөтүндө төлөнбөгөн карызы болсо, мында, жогоруда көрсөтүлгөн кредиттердин бир гана төлөө булагы болгон шартта. Мында, кредиттин ордун жабуунун ошол эле бир булагы дегенден улам ишкердик ишинен алынган кирешени кошо алганда, жогоруда аталган адамдардын кредит берүү жөнүндө чечим кабыл алууда финансы-кредит уюму тарабынан эске алынган жыйынды кирешесин түшүнүүгө болот.

Эскертүү: ушул пункттун төртүнчү жана бешинчи абзацтарында көрсөтүлгөн белгилер эмгек акы долбоорлорунун алкагындагы овердрафттарга таркатылбайт;

− күрөөнүн наркынын төмөндөшү, анын сапатынын начарлашы күрөөнү сатууну татаалдатат.

44. Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык ишти жүзөгө ашырган микрофинансылык компаниянын жана

адистештирилген финансы-кредит уюмунун субстандарттык активдерине жобонун 43-пунктунда көрсөтүлгөндөрдөн тышкары төмөнкү кошумча мүнөздүү белгилер белгиленген:

− кардар тарабынан келишим шарттарын аткаруу графиги 30 күндөн 90 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− пландык төлөмдөрдүн графиги 30 күндөн 90 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− келишимге ылайык товарларды сунуштоо 30 күндөн 90 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− долбоорду жүзөгө ашыруу, финансылык агымдардын келип түшүү графиги 30 күндөн 90 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− үчүнчү тараптар келишимди аткарууну 30 күндөн 90 күнгө чейинки мөөнөткө бузса.

45. Эгерде кайрадан берилген кредитти төлөө графигинде кредиттин негизги суммасын ай сайын төлөп туруу каралбаса жана негизги сумманын 80% көбүрөөгүн төмөнкү мөөнөттөрдүн акырында төлөө каралган болсо:

− кредиттин жалпы мөөнөтүнүн 3/4, мында кредиттик мезгилдин жалпы мөөнөтү 3 жылдан азды түзсө;

− кредиттин жалпы мөөнөтүнүн 1/2, мында кредиттик мезгилдин жалпы мөөнөтү 3 жылдан ашса;

анда мындай кредиттерди, төмөнкү кредиттерди эске албаганда, 25% өлчөмүндө РППУ түзүү менен «субстандарттык» катары классификациялоо зарыл:

− Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кредитти жеңилдетилген шарттарда төлөө каралган максаттуу мамлекеттик программасы боюнча берилген кредиттерди;

− чогуу алганда бир карыз алуучуга берилген таза суммардык капиталдын 1% жетпеген суммадагы кредиттерди;

− Өнүктүрүү фондусу менен кызматташуунун алкагында берилген жеңилдетилген кредиттер.

46. «Байкоого алынган актив» катары классификацияланган реструктуризацияланган актив боюнча төлөмдөр 30 күндөн ашык мөөнөткө кечиктирилип төлөнсө же кайрадан реструктуризацияланса, анда ал «субстандарттык» катары классификациялануга тийиш.

47. Шектүү активдер субстандарттык активдер сыяктуу эле кемчиликтерге ээ, бирок мындан тышкары алар башка кемчиликтер менен бирге белгилүү болгон фактылардын жана шарттардын негизинде карызды төлөөнү шектүү жана ишеними аз болгон кошумча проблемаларга да ээ.

48. Мындай мүнөздүү белгилер байкалган учурда алар шектүү актив болуп эсептелинет:

− пландык төлөмдөрдүн графиги 90 күндөн 180 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− кардардын финансылык абалы кыйла начарласа (же болбосо кардар банкроттук алдында турса);

− күрөөнүн абалы начар болсо же андан ажыраган болсо;

− кепилдик берүүчүнүн/гаранттын финансылык абалынын начарлашы;

− карызды төлөө негизинен күрөөнү сатуудан көз каранды.

Мында, күрөө карыздын негизги суммасын, келишимге ылайык бардык пайыздарды жана күрөөлүк укуктарды сатып өткөрүүгө байланыштуу келип чыгышы мүмкүн болгон бардык чыгымдардын ордун жабуу үчүн жетиштүү өлчөмдө кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк формасында сатып өткөрүлүүгө тийиш. Күрөөнү төмөнкү мөөнөттөрдө сатып өткөрүү болжолдонууда:

а) кыймылсыз мүлк – 365 күндөн кечиктирбестен;

б) кыймылдуу мүлк – 120 күндөн кечиктирбестен.

49. Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык ишти жүзөгө ашырган микрофинансылык компаниянын жана адистештирилген финансы-кредит уюмунун шектүү активдерине карата жобонун 48-пунктунда көрсөтүлгөндөрдөн тышкары төмөнкү кошумча мүнөздүү белгилер белгиленген:

− кардар тарабынан келишим шарттарын аткаруу графиги 90 күндөн 180 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− пландык төлөмдөрдүн графиги 90 күндөн 180 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− келишимге ылайык, товарларды сунуштоо мөөнөттөрү 90 күндөн 180 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− долбоорду жүзөгө ашыруу, финансылык агымдардын келип түшүү графиги 90 күндөн 180 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса;

− үчүнчү тараптар келишимдерди аткаруу мөөнөттөрүн 90 күндөн 180 күнгө чейинки мөөнөткө бузулса.

50. Жоготуулар катары классификацияланган, аларды өндүрүү татаал болгон жана кыйла төмөн наркка ээ болгондуктан алар банк эмес финансы-кредит уюмунун балансында нөлдүк нарк боюнча эске алынган активдер. Мындай активдерди кайтаруунун бардык юридикалык мүмкүнчүлүктөрү бүткөндөн кийин карыздын орду жабуу мүмкүнчүлүгүн түзүү үчүн кеминде беш жыл системадан тышкаркы эсепке алынат.

51. Активдерди жоготууларга чегерүүгө алып келген белгилер болуп:

− 180 күн жана андан ашуун мөөнөт төлөнбөгөн карыз;

− банк эмес финансы-кредит уюму катышкан, келишимге ылайык ишке ашырылбаган долбоор;

− күрөөнүн жоктугу же рынок жок болгондуктан аны сатып өткөрүү мүмкүн эместиги;

− кардардын карызды төлөөгө жөндөмсүздүгү, андан баш тартышы же айкын төлөөнү ишке ашырбастан төлөө ниетин билдириши жана активдин ордун жабуу үчүн экинчи булактын жоктугу, кепилдик берүүчүнүн/гаранттын жана/же контракттык каржылоонун алкагында кредит алган кардардын контрагентинин өз милдеттенмелерин аткарууга жөндөмсүздүгү/андан баш тартышы;

− кардардын банк эмес финансы-кредит уюму менен кызматташуу ниетинин же кардардын жоктугу;

− кардардын бизнес ишинин токтошу же аны банкрот деп жарыялоо.

52. Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык ишти жүзөгө ашырган микрофинансылык компаниянын жана адистештирилген финансы-кредит уюмунун жоготуулар катары классификацияланган активдери үчүн жобонун 51-пунктунда көрсөтүлгөндөрдөн тышкары төмөнкү кошумча мүнөздүү белгилер белгиленген:

− кардар тарабынан келишим шарттарын аткаруу графиги 180 жана андан жогору күнгө бузулса;

− пландык төлөмдөрдүн графиги 180 жана андан жогору күнгө бузулса;

− келишимге ылайык, товарларды сунуштоо мөөнөттөрү 180 жана андан жогору күнгө бузулса;

− долбоорду жүзөгө ашыруу, финансылык агымдардын келип түшүү графиги 180 жана андан жогору күнгө бузулса;

− үчүнчү тараптар контрактыларды аткаруу мөөнөттөрүн 180 жана андан жогору күнгө бузса;

− банк эмес финансы-кредит уюму катышкан, келишимге ылайык ишке ашырылбаган долбоор.

53. Төмөнкү шарттар аткарылган учурда гана классификацияланган активдерди классификацияланбаган активдер категориясына которууга жол берилет:

− мөөнөтүндө төлөнбөгөн сумма жок болсо;

− кардардын финансылык абалы жакшырса;

− акыркы үч төлөм графикке ылайык өз убагында толук төлөнсө.

Мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздын орду жабылган учурда «шектүү» же «жоготуулар» катары классификацияланган активдер «субстандарттык» категорияга которулат.

## 3-глава. Депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялар, турак жай-сактык кредиттик компаниялар жана адистештирилген финансы-кредит уюмдары тарабынан РППУну түзүү

54. Улуттук банк микрофинансылык компаниялардын, турак жай-сактык кредиттик компаниялардын жана адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын активдери боюнча РППУга чегерүүлөрдүн төмөнкүдөй өлчөмдөрүн белгилейт:

| Жалпы камдар,% | | Атайын камдар,% | |
|---|---|---|---|
| Нормалдуу | 0% | Субстандарттык | 25% |
| Канааттандыраарлык | 1/2% | Шектүү | 50% |
| Байкоого алынган активдер | 5/10/15% | Жоготуулар | 100% |

Банк эмес финансы-кредит уюму, жобонун 35-пунктунда көрсөтүлгөн, алар боюнча РППУ өлчөмү 1% түзүүгө тийиш болгон активдерди эске албаганда, «канааттандыраарлык» активдер боюнча 2% өлчөмдө РППУ түзүүгө тийиш.

Банк эмес финансы-кредит уюму, ушул жобонун 39-пунктунда көрсөтүлгөн, алар боюнча РППУ өлчөмү 10%, ошондой эле ушул жобонун 40-пунктунда көрсөтүлгөн, алар боюнча РППУ өлчөмү 15% түзүүгө тийиш болгон активдерди эске албаганда, «байкоого алынган активдер» боюнча 5% өлчөмүндө РППУ түзүүгө тийиш.

55. Пайыздык кирешелерди чегербөө статусу берилген кредиттердин чегерилген пайыздык төлөмдөрү боюнча РППУну чегерүү Улуттук банк Башкармасынын токтому менен бекитилүүчү Пайыздык кирешелерди чегербөө статусун берүү тартибинин талаптарына ылайык ишке ашырылат.

## V бөлүк. Реструктуризацияланган кредиттерди классификациялоо

56. Реструктуризацияланган кредиттер – бул банк эмес финансы-кредит уюму кадимки тажрыйбадан айырмаланган, банк эмес финансы-кредит уюму жана кардар ортосунда келишим шарттарын өзгөртүү (милдеттүү түрдө жаңы келишим түзүү же келишимге карата кошумча келишим түзүү) аркылуу кардарга өз алдынча тартипте преференция (жеңилдик) берүү менен сунушталган кредиттер. Мында, келишимдин баштапкы шарттарынын өзгөрүшү келечекте күтүлүп жаткан акча агымдарынын өзгөрүшүнө алып келет.

Реструктуризация дегенден улам, төмөнкүлөрдү түшүнүү зарыл:

− кардардын финансылык абалы начарлагандыгына байланыштуу, кардарга банк эмес финансы-кредит уюмунун тажрыйбасынан айырмаланган башка кыйла алгылыктуу шарттарда активдин ордун жабууну сунуштоо аркылуу колдонуудагы келишимдин шарттарын өзгөртүү;

− активди толугу менен же анын бөлүгүн кайра каржылоо, мында кардар финансылык кыйынчылыктарга дуушар болсо башка активдин ордун жабуу үчүн банк эмес финансы-кредит уюму тарабынан сунушталган активди колдонот;

− активдин негизги суммасын жана/же чегерилген пайыздарды, үстөк бааларды, айыптык төлөмдөрдү (туумдарды) жарым-жартылай алып салуу жолу менен келишимдин шарттарын өзгөртүү.

Актив боюнча келишимдин баштапкы шарттарын өзгөртүү жана кардардын финансылык абалынын начарлашына байланыштуу болбогон башка учурларда аны кайра каржылоо кредитти реструктуризациялоо болуп саналбайт (мисалы, кредит валютасын чет өлкө валютасынан улуттук жана башка валютага которуу).

57. Кардар финансылык кыйынчылыкка дуушарлангандыгы көрсөткүчүнөн болуп төмөнкү жагдайлар саналат:

− акыркы 3 айдын ичинде жок дегенде 1 жолу 30 күндөн ашык мөөнөтүндө төлөнбөгөн төлөмдөрдүн болушу;

− башка финансы-кредит уюмдарында кардардын катар кредиттери (активдери) боюнча акыркы 3 ай ичинде жок дегенде 1 жолу 30 күндөн ашык мөөнөтүндө төлөнбөгөн төлөмдөрдүн болушу жөнүндө такталган маалыматтын болушу.

58. Реструктуризациялоо, биринчи кезекте, ага карата талаптарды жеңилдетүү аркылуу кардардын карызынын ордун жабуу боюнча шарттарды түзүүгө багытталууга тийиш, мында реструктуризациялоо ордун жабуу мөөнөттөрүнүн көбөйүшүнөн улам мезгилдүү төлөм көлөмүнүн кыскарышынын туруктуу тажрыйбасын колдонууга жол бербөөгө тийиш.

59. Реструктуризациялоо классификацияланган сыяктуу эле, классификацияланбаган активдерге да колдонулат.

60. Карыз алуучу финансылык кыйынчылыктарга дуушар болгон учурда, ушул актив боюнча күрөөлүк мүлктү сатып өткөрүүнүн эсебинен карыздын бир бөлүгүнүн ордун жабуу аркылуу келишимге өзгөртүүлөрдүн киргизилиши кредитти реструктуризациялоо катары каралууга тийиш.

61. Реструктуризацияланган активдер банк эмес финансы-кредит уюму тарабынан кеминде «байкоого алынган активдер» катары классификацияланат. Ар бир кийинки реструктуризациялоодон кийин активди классификациялоо категориясы кеминде бир категорияга начарлатууга тийиш.

62. Реструктуризацияланган актив боюнча 60 күндөн ашык мөөнөтүндө төлөнбөгөн төлөмдөр келип чыкса же аталган актив

кайрадан реструктуризацияланса, анда ал «субстандарттык» актив катары классификацияланууга тийиш.

63. Кайрадан реструктуризацияланган актив боюнча төлөмдөр 60 күндөн ашык кечигип калса «шектүү» катары классификацияланууга тийиш.

64. Бардык мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздын орду жабылган учурда, «шектүү» же «жоготуулар» катары классификацияланган активдер «субстандарттык» категориясына которулат.

## VI бөлүк. Активдин ордун жабууга кабыл алынган банк эмес финансы-кредит уюмунун башка менчигин классификациялоо

65. Баланста алгачкы таануудан кийин, активдин ордун жабууга кабыл алынган банк эмес финансы-кредит уюмунун башка менчиги дароо эле «субстандарттык актив» катары классификацияланат.

66. Активдин ордун жабууга кабыл алынган банк эмес финансы-кредит уюмунун башка менчиги төмөнкү мезгилдер аягына чыкканча сатылып өткөрүлбөсө жоготуулар катары классификацияланат:

а) бир жыл – кыймылдуу мүлк үчүн;

б) менчик укугу келип чыккан учурдан тартып үч жыл – айыл чарба багытындагы жерлерди эске албаганда, кыймылсыз мүлк үчүн, алар боюнча мөөнөттөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленет.

## VII бөлүк. Баалуу кагаздарга жана/же компаниянын капиталына инвестицияларды классификациялоо

67. Банк эмес финансы-кредит уюму өз инвестицияларынын сапатына жана алардын классификациясына баа берүү ишин төмөнкү факторлорду эске алуу менен жүргүзөт, атап айтканда:

− рыноктогу абал жана банк эмес финансы-кредит уюмунун каражаттары инвестицияланган уюмдун финансылык абалы;

− инвестициялоо мөөнөттөрү жана көлөмдөрү;

− инвестицияланган каражаттарды кайтаруу мүмкүнчүлүгү;

− инвестициялар боюнча кирешелүүлүк;

